**И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ жана МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Профессор Т.Ахматов атындагы Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы**

# КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ

ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ

*Багыты: 550000 Педагогикалык билим берүү*

*550300 Филологиялык билим берүү*

*Квалификациялык даражасы: бакалавр*

УДК 37.0

ББК 74.0

К36

К36 Басып чыгарууга И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Окуу-методикалык кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Рецензенттери:

Филология илимдеринин доктору, доцент С. З. Садыкова

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д. К. Омурбаева

“Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси. / С. Каратаева, Н.Масалиева. -Б., 2023. – 92 б.

ISBN 978-9967-9440-2-2

“Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” окуу-методикалык комплекси “Педагогикалык билим берүү” багыты үчүн даярдалган.

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» окуу-методикалык комплекси тогуз бөлүмдөн турат. Программа курстун максат-милдеттери, көлөмү, мазмуну, дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган билим берүү технологиялары, студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн мазмуну жана түрлөрү, студенттердин жетишкендиктерин баалоонун индикаторлору, окуу-методикалык жактан жабдылышы жөнүндөгү маалыматтардан жана глоссарийден түзүлгөн. Курстун 1, 2, 3, 8-темалары С.Каратаева, 4, 5, 6, 7-темалары Н.Масалиева тарабынан түзүлдү.

Дисциплинаны педагогикалык билим берүү багытынын окуу пландарындагы өзгөчөлүктөрдү эске алып, 5, 6, 7 же 8-семестрлердин бириндe окутуу сунушталат.

ISBN 978-9967-9440-2-2 УДК 37.0

ББК 74.0

Түзүүчүлөр: Каратаева С., Масалиева Н., 2023

# МАЗМУНУ

**1. Дисциплинаны окутуунун максаты жана милдеттери ... 4**

**2. Билим беруу программасындагы дисциплинанын орду ... 5**

**3. Дисциплинаны өздөштүрүү деңгээлине коюлган талаптар ... 6**

**4. Дисциплинанын мазмуну жана структурасы ... 7**

4.1 Дисциплинанын көлөмү ... 7

4.2. Дисциплинанын тематикалык планы ... 7

4.3. Дисциплинанын мазмуну ... 8

**5. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган билим берүү технологиялары ... 13**

5.1. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган негизги билим берүү технологиялары ... 13

5.2. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган информациялык технологиялар, ресурстар жана материалдар ... 13

5.3. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган программалар ... 13

**6. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн мазмуну жана түрлөрү ... 14**

6.1. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн методикалык сунуштар ... 16

6.2. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар ... 18

6.3. Студенттер өз алдынча аткарган тапшырмаларды баалоо критерийлери ... 22

**7. Студенттердин жетишкендиктерин баалоо ... 23**

7.1. Баалоонун объекти жана индикаторлору ... 23

7.2. Аралык текшерүү үчүн тесттердин топтому ... 26

7.3. Жыйынтык текшерүүнүн суроолору ... 36

**8. Дисциплинанын окуу-методикалык жактан жабдылышы ... 38**

8.1. Негизги адабияттар ... 38

8.2. Кошумча адабияттар ... 38

**9. Глоссарий ... 40**

**10. Лекциялык курс ... 43**

# 1. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасы кесиптик компетенцияны калыптандыруучу курстар түрмөгүнө кирип, студенттерди адистик курстарды угууга жана өздөштүрүүгө даярдоого багытталат.

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасынын максаты – жалпы, кошумча жана кесиптик билим берүү системасында психологиялык-педагогикалык жактан коштоодо кесипке багыт берүү боюнча билгичтиктерди ишке ашырууга багытталган. Бул дисциплина бир жагынан болочок мугалимдерди мектеп окуучуларына кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүүгө даярдаса, экинчи жагынан, студенттердин кесиптик аң-сезиминде адеп-ахлактык жана инсандык баалуулуктардын калыптанышына түрткү берет. Дисциплинаны өздөштүрүү процессинде студенттер мектеп окуучулары үчүн кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу үчүн зарыл болгон билимдерге, түшүнүктөргө жана көндүмдөргө ээ болушат.

**Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлат:**

- студенттерде билим берүү процесси жана заманбап педагогикалык технологиялардын маңызы жөнүндө илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- студенттерде профориентология инсандын кесиптик жактан калыптанышындагы механизмдерди жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдеген дисциплина экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- кесиптик багыт берүүнүн максаты жана милдеттери менен тааныштыруу;
- мектептеги кесиптик багыт берүү иштеринин структурасын изилдөө;
- кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруу жана пландоо технологиясына ээ болуу;
- азыркы кесиптер дүйнөсү жана эмгек рыногунун өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү билимдерге ээ болуу;
- студенттерди кесиптик багыт берүүдө инсанга социалдык-педагогикалык жана психологиялык колдоо көрсөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштыруу;
- инсандын кесиптик маанилүү сапаттарын жана педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүн (демилгелүүлүк, өз алдынчалуулук, чыгармачыл сапаттар, коомдо ийгиликтүү социализацияга жөндөмдүүлүк, кесиптик мобилдүүлүк) өнүктүрүү;
- билим берүү процессин ишке ашырууда көндүмдөрүн жана жоопкерчилик жөндөмдүүлүк, уюштуруучулук сапаттарын калыптандыруу.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыгында**

**Студент билет:**

- окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таануусунун курактык жана психикалык өзгөчөлүктөрүн, бул процесске социалдык фактордун тийгизген таасирин;
- кесиптик багыт берүүнүн усулдарын, классификацияларын жана аларды пайдаланууну;
- инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн жана психикалык-физиологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, шарттарды эске алуу менен таанып билүүнү;
- адамдын кесиптик өнүгүүсүнүн этаптарын билет.

**Студент колдоно алат:**

- ✓ кесиптик багыт берүү боюнча иш чараларды иштеп чыга алат;
- ✓ кесиптик багыт берүү максатында окуучулар менен өз ара аракеттенүүнүн түрдүү формаларын колдонот.
- ✓ окутуу жана тарбиялоо иштеринин максатын так, кыска жаза алат;
- ✓ дүйнөлүк, эл аралык практикада кабыл алынган, кесиптик-этикалык ченемдерди өзүнүн ишмердүүлүгүндө, иш аракеттеринде пайдаланат;
- ✓ өсүп келе жаткан жаш муундарды кесипке тарбиялоодо, алардын тандоосуна артыкчылык берет.

**Студент ээ болот:**

- ✓ окуучулардын кесиптик багыт алуусун аныктайт;
- ✓ педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдүн методдорун тааныйт;
- ✓ педагогикалык ишмердүүлүктө адистик кесип боюнча ой жүгүртө алат;
- ✓ этикалык принциптерге ылайык педагогикалык жол-жоболорду аткарууда студенттер менен өз ара мамиле түзө алат;
- ✓ кесиптик багыт берүү иштери боюнча маалыматтарды кайра иштеп чыгат, талдайт.
- ✓ окуучулардын өзүн-өзү таануусу үчүн билим берүү чөйрөсүн уюштура алат жана кеңеш берүүчү иштерде педагогикалык технологияларды билет.

# 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНДАГЫ ДИСЦИПЛИНАНЫН ОРДУ

Окуу программасы педагогикалык билим берүү багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлдү. Дисциплина окуу планынын кесиптик циклинин базалык бөлүмүнө кирет. «Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасын өздөштүрүүдө студенттер “Педагогика”, “Психология” жана “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” предметтерин окууда калыптанган билимдерин, көндүмдөрүн пайдаланат.

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасы магистратура бөлүмүндө окулуучу “Жогорку мектепте окутуунун методикасы жана методологиясы” жана “Тилди окутуу жана педагогикалык чеберчилик” сыяктуу дисциплиналарды өздөштүрүүдө база болуп берет.

**Эскертүү:** Билим берүү программасындагы дисциплинанын ордун аныктоодо «Филологиялык билим берүү» багытынын окуу пландары эске алынды.

# 3. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ ДЕҢГЭЭЛИНЕ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

Компетенциялардын паспорту

| | **УНИВЕРСАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:** |
|---|---|
| **ЖИК** | заманбап жана маалыматтык технологияларды пайдалануу менен көбүрөөк өз алдынча иштөө аркылуу жаңы билимдерге ээ болууга жөндөмдүү |
| **ЖИК-3** | заманбап жана маалыматтык технологияларды пайдалануу менен көбүрөөк өз алдынча иштөө аркылуу жаңы билимдерге ээ болууга жөндөмдүү; |
| **ЖИК-4** | изилдөө ишмердигинин базалык усулдарын колдонуу менен долбоорлордун үстүндө иштеп, традициялык жана инновациялык идеяларды түшүнүүгө жана пайдаланууга, аларды ишке ашыруунун жолдорун табууга жөндөмдүү; |
| **ИК** | **Инструменталдык компетенциялар:** |
| **ИК-1** | маалыматты топтоо, сактоо жана иштеп чыгуу боюнча негизги методдорду, ыкмаларды жана каражаттарды билет, компьютер менен иштөө көндүмүнө ээ |
| **ИК-2** | мамлекеттик жана расмий тилде оозеки жана жазуу түрүндө өз оюн билдире алат жана логикалык жактан так, аргументтелген пикир алышууну түзө алат |
| **СИЖМК** | **Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция (СИЖМК):** |
| **СИЖМК-1** | ар кандай кызматтарды аткаруу менен студенттик топто натыйжалуу иштей алат, инсан аралык жана кесипкөй толеранттуу мамиле түзө алат |
| **КК** | **КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР (КК):** |
| **КК-1** | кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү |
| **КК-4** | окутуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна шарт түзүүгө жөндөмдүү жана техника, методика ошондой эле окуучуларды социалдаштыруу ыкмаларын билет |
| **КК-5** | окуу-тарбия процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн азыркы кездеги методиканы, технологияларды, окуучулардын жетишкендиктерин диагноздоонун методдорун колдонууга даяр |
| **КК-8** | окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуп, педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү |

# 4. ДИСЦИПЛИНАНЫН МАЗМУНУ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ

**4. 1. Дисциплинанын көлөмү**

Дисциплинанын көлөмү 60 саатты (2 кредит) түзөт: анын ичинен аудиториялык саат үчүн 30, студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн 30 саат бөлүнгөн. Текшерүүнүн төмөнкү түрлөрү каралган: күнүмдүк көзөмөл, аралык текшерүү, жыйынтык текшерүү, студенттердин өз алдынча аткарган иштерин текшерүү.

**4.2. Дисциплинанын тематикалык планы**

| | **Дисциплинанын бөлүмдөрү** | Сааттын баары | Окуу иштеринин түрлөрү | | | Аудиториялык сабакта студент топтогон балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Лекциялык саат | Практикалык саат | Студенттин өз алдынча иштөөсү | |
| 1 | Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери | 8 | 2 | 2 | 4 | 14 |
| 2 | Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 3 | Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар | 8 | 2 | 2 | 4 | 13 |
| 4 | Жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруу | 8 | 2 | 2 | 4 | 13 |
| 5 | Мектеп программасында кесиптик багыт берүү маселелери | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 6 | Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү | 8 | 2 | 2 | 4 | 12 |
| 7 | Өзүн өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары | 6 | 2 | 1 | 3 | 12 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө | 6 | 2 | 1 | 3 | 12 |
| | Жалпы саат: | **60 саат** | **16 саат** | **14 саат** | **30 саат** | **100 балл** |
| | Жыйынтык текшерүү | | | | | Экзамен |

Баллдык-рейтингдик система боюнча эки модулдун жыйынтыгы менен жалпы балл коюлат.

**Баанын болжолдуу баллдык көрсөткүчү төмөнкүдөй:**

- 100-85 балл - «эң жакшы», белги «5»
- 84-70 балл - «жакшы», белги «4»
- 69-55 балл - «канааттандырарлык», белги «3»
- 55 баллдан төмөн - «канааттандырарлык эмес», белги «2».
- Мындан сырткары 1) студенттердин өз алдынча аткарган тапшырмалары үчүн, 2) сабактын жүрүшүндө студенттин активдүүлүгү үчүн кошумча баллдар берилет.

***4.3. Дисциплинанын мазмуну***

***Лекциялык сабактардын мазмуну***

**1-тема. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери**

Профориентология илимий дисциплина катары. Профориентологиянын изилдөө предмети, максаты жана милдеттери. Интегративдик дисциплина катары профориентологиянын негизги бөлүмдөрү. Профориентологиянын методологиялык негизи. Профориентологиянын функциялары жана негизги принциптери.

Кесиптик багыт берүү профориентологиянын бир бөлүмү катары. Жалпы билим берүү мектептериндеги кесиптик багыт берүүнүн максаты жана милдеттери. Кесиптик багыт берүү системасынын негизги компоненттери: кесиптик агартуу, алдын-ала кесиптик диагноздоо, кесиптик кеңеш, кесиптик ылгоо, кесиптик ыңгайлануу, кесипке багыт алуу ишмердиги. Кесиптик багыт берүү иштерине катышып жаткан коомдук институттар тарабынан эске алынуучу принциптер. Профориентологиядагы кесиптик багыт берүү иштеринин этаптары. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары. Окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүүдө колдонулуучу методдор.

**2-тема. Кесиптик багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы**

Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрү. Кесиптик багыт берүү боюнча байыркы жана орто кылымдардагы изилдөөлөр. XIX к. аягы XX к. баш чендеринде өнөр жайдын өнүгүшү менен адамдын кесибине болгон талаптын жогорулашы, кесиптик багыт берүү кызматын өнүктүрүү муктаждыгынын келип чыгышы.

Чет өлкөдөгү кесиптик багыт берүүнүн калыптанышындагы негизги теориялар. Кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшүндө психотехниканын негиздөөчүсү Хьюго Мюнстенбергдин ролу. Фрэнк Парсонс Хьюго Мюнстенбергдин идеясын жактоочу катары. Анын «ылайыктуу орунга - туура жумушчу» теориясы. Джон Голланддын инсанды “кесипке багыттоонун иерархиясы” аттуу психологиялык концепциясы. Дональд Сьюпердин “курактык өнүгүүнүн концепциясы” теориясынын негизги жоболору.

Чет өлкөлөрдөгү кесиптик багыт берүү иштеринин учурдагы абалы: Франция, Канада жана Япониядагы кесипке багыт берүү иштериндеги тажрыйбалар. Чет өлкөлөрдөгү

жалпы билим берүү мектептериндеги кесиптик багыт берүү иштери. Германия, Дания жана Францияда жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү.

Россияда кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшү жана калыптануу этаптары. Революцияга чейинки Россияда кесипке багыт берүү. Советтик Россияда кесипке багыт берүүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө советтик идеологиянын тийгизген таасири. КМШ өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштер.

Кыргызстандагы кесипке багыт берүү иштери. Кесиптик багыт берүүдө мамлекеттик саясаттын принциптери.

**3-тема. Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар**

Кесиптик багыт берүүнүн илимий түшүнүк аппараты. Профориентологияда кесипке берилген аныктамалар. «Кесип», «адистик», «квалификация» жана «кызмат» түшүнүктөрүнүн карым-катышы. Кесиптик жарамдуулук менен эмгекке жарамдуулуктун байланышы. Кесиптерди классификациялоонун негиздери. Кесиптин тиби түшүнүгү. Кесиптин типтери Е. А. Климовдун классификациясы боюнча: «Адам - Адам» тиби, «Адам - Техника» тиби, «Адам – Белгилик система» тиби, «Адам – Көркөм образ» тиби, «Адам - Табият» тиби. Эмгектин максатына карай кесиптин класстарга бөлүнүшү: гностикалык, кайта өзгөртүүчү жана изденүүчү кесиптер.

Профессиографиянын негиздери. Илимий адабияттарда профессиографияга берилген аныктамалар. Профессиограмма жана психограмма түшүнүктөрү. Профессиограмманын типтери. Профессиограмманын структурасы. Кесиптик ишмердикти изилдөөнүн методдору.

**4 -тема. Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу**

Мектепте кесипке багыт берүүнүн максат, милдеттери. Мектепте кесипке багыт берүү ишинин уюштуруу. Мектепте кесипке багыт берүү иштерине жооптуулар: мектеп директору, мектеп директорунун тарбия боюнча орун басары, класс жетекчи, предметтик мугалим, мектеп психологу, китепканачы.

Класс жетекчинин ишмердүүлүгү. Класс жетекчинин негизги функциясы. Класс жетекчинин иштеринин негизги багыттары. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчиликтин ролу. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар: маалымат берүүчү, кесиптик психодиагностикалык ыкмалар, моралдык-эмоционалдык колдонуу ыкмалары.

**5-тема. Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери**

Жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар.

Программалардын түрлөрү: окуу программалар, типтүү окуу программалар, авторлук окуу программалар. Предметтик окуу программасы. Окуу программасынын максаты, милдеттери. Окуу программасынын материалдары критерийлердин негизинде жайгаштырышы. Окуу программасынын структурасы.

Тарбиялык иштердин программасы. Программада окуучуларды курак өзгөчөлүгүнө ылайык үч топко бөлүштүрүлүп берилиши: таалим-тарбия алууга үйрөтүү, инсандык өнүктүрүүгө, өзүн-өзү өнүктүрүүгө. Тарбиялык иштеринин программанын максаты, милдеттери жана принциптери. Программанын структурасы.

Кесипке багыт берүү иштеринин мазмунун тарбиялык иштердин программасында берилиши. Класстык сааттарда кесипке багыт берүүнүн болжолдуу тематикалары. Кесип тандоого тарбиялоодогу милдеттер. Мектепте кесип тандоого багыттоо ишин уюштурууда эске алуучу жагдайлар.

**6-тема. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү**

Ар кыл курактагы мектеп окуучуларына кесипке багыт берүү. Кесипке багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу. Башталгыч класстын окуучуларына кесип жөнүндө түшүнүк берүү. Башталгыч класстарда кесиптер жөнүндөгү түшүнүгүн калыптандырууда класстан тышкаркы иштерди уюштуруу. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүү. Өспүрүмдөр менен иштөөнүн өзгөчөлүгү. Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү. Жогорку класстын окуучуларын алардын кесиптик пландарынын калыптангандынын даражасынын төрт категориясы: конкреттүү турмуштук кесиптик пландары жок окуучулар, иштин перспективасын сунуштоого муктаж болгон окуучулар, шартына жараша тандаган кесипке ээ боло ала албаган окуучулар, карама-каршы мүнөздөгү бир нече кесипти тандаган окуучулар. Кесипке багыт берүүдө эске алуучу жагдайлар: окуучулардын социалдык баалуулуктарын калыптандыруу, окуучунун базар экономикасынын шарттарындагы кесиптер тууралуу маалыматтарды билүүсү, окуучунун тандап алган кесиби боюнча толук маалыматтарга ээ болуусу.

**7-тема. Өзүн өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары**

Өзүн-өзү таануу жөнүндө түшүнүк. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү; жашоодо өзүн-өзү таанып-билүү, инсан катары таанып-билүү, социалдык жактан таанып-билүү, кесиптик жактан таанып-билүү, социалдык-кесиптик жактан таанып–билүү. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгү. Өзүн-өзү таануу менен кесип тандоонун ортосундагы байланыш. Кесиптик багыт берүү иштеринде кесиптик таанып-билүү. Кесиптик багыт берүү ишине инсандык мамиле жасоо. Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып билүүсүнө таасир этүүчү баалуулуктар. Окуучунун кесип тандоодо инсандык сапатарынын калыптанышы. Сапат. Мүнөз. Билим. Билгичтик. Көндүм. Көндүмдүн түрлөрү: баарлашуу көндүмү, ишенимдүүлүк көндүмү, сынчыл ой жүгүртүү, командада иштей билүү көндүмү. Адамдын кызыгуусу (мотивация). Талант. Кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоо. Компетенттүүлүк.

**8-тема. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө**

Жаш балдарда кесип жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдүн калыптанышында ата-эненин ролу. Кесип тандоодо ата-эне эң таасирдүү фактор катары. Окуучулардын болочок кесибин тандоосунда ата-энелер менен иштөөнүн негизги максаты. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору: ата-энелер менен жагымдуу байланыш түзүү; кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелердин катышуусу үчүн иш-чаралардын көп түрдүүлүгүн камсыз кылуу; ата-энелердин катышуусуна колдоо көрсөтүү. Ата-энелердин мектептин ишмердүүлүгүнө катышуусуна тоскоолдук кылган көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары: жеке консультациялар; кесипке багыт берүүнүн проблемалары боюнча диспут, дискуссиялар; тематикалык ата-энелер чогулушу ж.б.

**Практикалык сабактардын планы**

**1-тема. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери (2 саат)**

<u>Талкуу үчүн суроолор:</u>

1. Профориентология илимий дисциплина катары. Максаты жана милдеттери.
2. Профориентологиянын методологиялык негизи.
3. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери.
4. Кесиптик багыт берүү системасынын компоненттери.
5. Кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруудагы негизги принциптер.
6. Жалпы билим берүү мектептериндеги кесипке багыт берүү иштеринин этаптары.

7. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары.

8. Кесиптик багыт берүүнүн методдору.

**2-тема. Кесиптик багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы (2 саат)**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрү.
2. Чет өлкөдө кесиптик багыт берүүгө байланыштуу теориялык ойдун өнүгүү тарыхы.
3. Чет өлкөлөрдөгү жалпы билим берүү мектептериндеги кесиптик багыт берүү иштеринин учурдагы абалы.
4. Башка өлкөлөрдөгү кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшү.
5. КМШ өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштер.
6. Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштери.

**3-тема. Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар (2 саат)**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесип таануунун түшүнүк аппараты.
2. Кесиптердин классификациясы.
3. Профессиографиянын негиздери.
4. Профессиограмманын структурасы.
5. Профессиографиянын методдору.

**4-тема. Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары.
2. Мектепте кесипке багыт берүүнүн максат, милдеттери.
3. Мектепте кесипке багыт берүү ишинин уюштуруу.
4. Класс жетекчинин негизги функциясы.
5. Класс жетекчинин иштеринин негизги багыттары.

**5-тема. Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар.
2. Программалардын түрлөрү: окуу программалар, типтүү окуу программалар, автордук окуу программалар.
3. Тарбиялык иштеринин программанын максаты, милдеттери жана принциптери.
4. Класстык сааттарда кесипке багыт берүүнүн болжолдуу тематикалары.
5. Кесип тандоого тарбиялоодогу милдеттер.

**6-тема. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу.
2. Башталгыч класстарда кесиптер жөнүндөгү түшүнүгүн калыптандыруу.
3. Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүү.

4. Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү.
5. Кесиптик багыт берүүдө эске алуучу жагдайлар.

**7-тема. Өзүн-өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу.
2. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү.
3. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгү.
4. Кесиптик багыт берүү ишине инсандык мамиле жасоо
5. Кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоо. Компетенттүүлүк.

**8-тема. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө (1 саат)**

Талкуу үчүн суроолор:

1. Кесиптик багыт берүүдө ата-эненин ролу.
2. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн мааниси.
3. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.
4. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары.
5. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.

# 5. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮДӨ КОЛДОНУЛГАН БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**5.1. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган негизги билим берүү технологиялары**

Кесиптин контекстинде окутуу технологиясы (багыттын жана даярдоо профилинин спецификасы эске алынган окуу тапшырмалары аркылуу ишке ашат);

Окутуунун интерактивдүү технологиялары (түрдүү окутуу стратегиялары жана ыкмалар, натыйжалуу кайтарым байланыш, дифференцирленген тапшырмалар аркылуу ишке ашат);

- Электрондук окутуу технологиясы (автоматташтырылган тестирлөөдө AVN програмасы аркылуу ишке ашат).

**5.2. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган информациялык технологиялар, ресурстар жана материалдар**

- ✓ Интернет булактарынан маалыматтардын пайдаланылышы;
- ✓ Электрондук документтерди түзүү (компьютердик презентацияларды, видеофайлдарды ж.б.).
- ✓ Техникалык ресурстар: компьютер, проектор, флипчарт, маркер, түстүү кагаздар, кайчы, скотч.

**5.3. Дисциплинаны өздөштүрүүдө колдонулган программалар**

1. Microsoft Office' тин программалары.
2. ИРБИС – автоматташтырылган китепканалар системасы.

# 6. СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Өз алдынча иштөө – бул студенттердин активдүүлүгүнө, өз алдынчалыгына жана таанып-билүүгө болгон кызыгуусуна дем берүүчү окуу процессин уюштуруунун бир формасы.

**Өз алдынча иштөө төмөнкү функцияларды аткарат:**

- ✓ өнүктүрүүчүлүк (студенттердин интеллектуалдык жөндөмүн жогорулатуу);
- ✓ багыт берүүчүлүк (окуу процессине тартуу жана шыктандыруу);
- ✓ тарбия берүүчүлүк (кесиптик сапаттары калыптанат жана өнүгөт);
- ✓ изилдөөчүлүк (кесиптик-чыгармачылык ой жүгүртүүнүн жаңы деңгээли).

**Өз алдынча иштөөнүн милдети:**

- ✓ студенттердин алган теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн бекемдөө;
- ✓ теориялык билимдерин тереңдетүү жана кеңейтүү;
- ✓ студенттердин таанып-билүү жөндөмүн өнүктүрүү: чыгармачыл демилге, өз алдынчалык, жоопкерчилик жана уюштуруучулук;
- ✓ өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана өзүнүн жөндөмүн өрчүтүүнү калыптандыруу;
- ✓ изилдөөчүлүк көндүмүн өнүктүрүү.

«Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсү окутуучунун методикалык көмөк көрсөтүүсү жана багыттоосу менен ишке ашат.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалардын төмөнкү түрлөрү сунушталат:

**1. Реферат жазуу**

Өз алдынча иштин максаты: студенттин илимий кругозорун кеңейтип, теориялык изилдөө жүргүзүүнүн методдорун колдоно билүүгө көнүктүрөт, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Реферат (лат. refere — баяндоо, кабарлоо) – жаңы маалыматтарды алуу максатында илимий булактын текстин өз алдынча түшүнүү жана чыгармачыл кайра жаратуу.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) сунушталган темалардын ичинен бир теманы тандап алуу; 2) иштей турган илимий булактарды аныктап алуу; 3) аныкталган илимий булактарды окуп чыгуу, алына турган материалдарды системалаштырып, иштеп чыгуу; 4) план түзүү; 5) рефератты жазуу: тандалган теманын актуалдуулугун белгилөө; тандалган теманын проблемасын тариздөө; реферватталып жаткан тексттин негизги тезисин келтирүү; - проблема боюнча жыйынтыктарды чыгаруу.

Күтүлүүчү натыйжалар: студенттердин максатты коё билүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун билүү, о.э., маалыматты жалпылоо, талдоо жөндөмдүүлүгү; жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү жөндөмдүүлүгү.

**2. Конспект жазуу**

Өз алдынча иштин максаты: конспект түрүндө теориялык жана практикалык маселелерди жазуу формасында сабаттуу баяндоо көндүмүн өнүктүрүү. Конспект (лат. conspectus «баяндоо») – түпкү тексттеги маалыматтын мазмуну кыска, так, логикалык ырааттуулукта берилген жазуу тексти.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) конспект жазуунун максатын аныктоо; 2) текстин аталышын жазуу; 3) тексттин авторунун аты-жөнүн жазуу; 4) тексттин негизги жоболорун көрсөтүү; 5) түшүндүрүүнү талап кылган түшүнүктөрдү, терминдерди бөлүп көрсөтүү; 6) окулган материалдын негизги жоболорун ырааттуулукта, кыска жана так өз сөзүң менен баяндоо; 7) негизги жоболор боюнча жыйынтыктарды баяндоо; 8) цитата келтирүүнүн эрежелерин сактоо.

Күтүлүүчү натыйжалар: илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдай алуу жана конкреттүү илимий изилдөө милдеттерин чечүүдө колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.

**3. Эссе жазуу**

Өз алдынча иштин максаты: студенттин өз алдынча ой жүгүртүү жана чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мында автордун теманы өз алдынча ача алуусу, өз көз карашын билдирүүсү, өз сөзү менен айтуусу маанилүү болуп саналат. Студенттерге эссе-ой жүгүртүү жана эссе-изилдөө формалары сунушталат.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) сөз боло турган тема боюнча 2-3 сүйлөмдөн турган кириш сөз жазуу; 2) автор үчүн, башкалар үчүн да маанилүү деп эсептелген проблеманы тариздөө; 3) проблемага комментарий берүү; 4) автор өз пикирин аргументтер менен бекемдөө; 5) жалпылоо, жыйынтык чыгаруу.

Күтүлүүчү натыйжалар: жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү жөндөмдүүлүгү.

**4. Долбоор иштеп чыгуу**

Өз алдынча иштин максаты: божомолдоо, долбоорлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү. Долбоор – бул жаңы өнүмдү жаратууга багытталган иштер, пландар, иш-чаралар ж.б. милдеттер.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) кырдаалды диагноздоо; 2) долбоорлоо (максат-милдеттердин аныкталышы; милдеттерди чечүүнүн каражаттарын жана методдорун теориялык моделдөө; конкреттүү милдеттерди чечүүнүн этаптарын иштеп чыгуу; алынган жыйынтыктарды жалпылоо жана системага келтирүү, долбоордогу иш-аракетти кадамдап аткаруу); 3) рефлексия (алынган жыйынтыктардын коюлган максаттарга дал келишин ачыктоо; анын өнүгүү жана колдонуу перспективасы).

Күтүлүүчү натыйжалар: 1) изилдөө милдеттерин чечүүдө жекече жөндөмдүүлүктү колдонууга даярдык; 2) божомолдоо, долбоорлоо жана моделдештирүү жөндөмдүүлүгү.

**5. Презентация иштеп чыгуу**

Өз алдынча иштин максаты: 1) окуу материалын өздөштүрүү (бекемдөө, жалпылоо, системага салуу); 2) IT технологиялар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган инструменталдык компетенциялардын калыптанышы. Презентация – бул мультимедия технологияларын колдонуу менен окуу материалынын мазмунун сунуштоо.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) долбоорлоо этабы: а) презентацияны колдонуу максатын аныктоо; б) керектүү материалдарды топтоо (тексттер, сүрөттөр, схемалар ж.б.). 2) конструкциясын түзүү этабы: а) MS Power Point программасын тандоо; б) слайддын дизайнын аныктоо; в) слайддарга топтолгон материалдарды белгилүү ырааттуулукта киргизүү; г) ылайыгына жараша анимация коюу. 3) моделдештирүү этабы: даярдалган материалды текшерүү, көрсөтүү убактысын аныктоо.

Күтүлүүчү натыйжалар: 1) студенттерди азыркы маалымат мейкиндигине интеграцияланышын камсыздоо; 2) кесибине тиешелүү маалыматты талдоо, жалпылоо жөндөмдүүлүгү; 3) түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдонуу жөндөмдүүлүгү.

**6. Класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу**

Өз алдынча иштин максаты: кесиптик-педагогикалык компетенцияларын өнүктүрүү. Класстан тышкаркы иш-чаралар – таанып-билүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк милдеттерге багытталган мугалимдин окуучулар менен болгон максаттуу өз ара аракеттешүүсү.

Тапшырманы аткаруу тартиби: 1) Даярдануу бөлүгү: а) иш-чаранын максат-милдетин аныктоо; б) таанып-билүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк милдеттерге жана окуучулардын курагына жараша иштин түрүн, формасын тандоо; в) иш-чараны даярдоого жана өткөрүүгө бардык окуучуларды тартуунун жолдорун аныктоо; г) иш-чаранын тематикасына ылайык келген инсандарды (адистерди) катыштыруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо. 2) Уюштуруу бөлүгү: а) мазмундуу тематикалык материалды даярдоо; б) кандай дидактикалык каражаттарды колдонууну аныктап алуу (тесттер, анкета, оюн ишмердүүлүгү ж.б.); в) иш-чаранын максат-милдетине жараша класссты/ залды жасалгалоо.

Күтүлүүчү натыйжалар: 1) студенттердин окуу процессинин сапатын баалоо жана диагноздоонун технологияларын колдонууга даярдыгы; 2) түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдонуу жөндөмдүүлүгү; 3) божомолдоо, долбоорлоо жана моделдештирүү жөндөмдүүлүгү.

**Студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун формалары:**

- ✓ жалпы топтук – тайпадагы студенттердин бардыгы бир тапшырманы аткарышат;
- ✓ топтук – тапшырманы аткаруу үчүн студенттер чакан топторго бөлүнүшөт (3-6 студент);
- ✓ жуптук – мында эки студент бир тапшырманы аткарат;
- ✓ жеке – ар бир студент үчүн өзүнчө тапшырма берилет.

***6. 1. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн методикалык сунуштар***

Методикалык сунуштардын максаты - “Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” дисциплинасы боюнча өз алдынча иштерди аткарууда студенттерге көмөк көрсөтүү.

**Төмөнкүлөр сунушталат:**

А) Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмаларды берүүнүн алдында аларды өз алдынча иштөөнүн максаты, күтүлүүчү натыйжалары жана баалоонун критерийлери менен тааныштыруу.

Б) Ар бир аткарылган тапшырма үчүн студентке “3+1” моделиндеги кайтарым байланыш берүү сунушталат. “3+1” моделин колдонуу жүрүм-турумду өзгөртүүнүн абдан натыйжалуу ыкмаларынын бири болуп эсептелет. Анда 3 оң пикир жана аткарылган тапшырманы жакшыртуу боюнча кайтарым байланыш катары 1 сунуш берилет. Бул модель студенттин жакшыртуу боюнча сунуштарды аткаруусуна түрткү берет.

В) Студенттерге өз алдынча изденүүсү үчүн төмөнкү адабияттар сунушталат:


1. 9-класста кесипке багыт берүү: Мугалимдер үчүн колдонмо [Текст] / “Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” программасы. - Бонн жана Эшборн шаарлары, 2018. -68 б.
2. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

3. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, М. Ниязова. -Б., 2020. -75 б.
4. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. –Нижневартовск, 2013. -364 с. https://www.studmed.ru
5. Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү. Методикалык колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: Т. А. Жороев, А. А. Сатинбаева ж.б. -Ош, 2017. -168 б.
6. Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү курсунун сабактары. Мугалимдер үчүн колдонмо. Толукталып экинчи басылышы[Текст]/ / Түзүүчүлөр: Т. А. Жороев, Н.А.Акылбек к., А.П.Абдраимова, А.К.Маматкулова. – Б.: 2022. -172 б.
7. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с.
8. Пряжникова Е. Ю., Пряжников Н. С. Профориентация: учеб. пособие для студ. высш. учебн. заведений [Текст] / Е. Ю. Пряжникова, Н. С. Пряжников. -Москва: Издательский центр "Академия", 2008. -496 с. https://www.twirpx.com
9. Сманбаев Ө. А. Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы [Текст] / Ө. А. Сманбаев. Докт. диссертация. -Б., 2019. -312 б. http://www.arabaev.kg

### *6. 2. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар*

(Тапшырмалар портфолиого жыйналат)

| № | Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар | Өткөрүү формасы | Саат-тын көлөмү | Күтүлүүчү натыйжалар | Сту-дент топто-гон балл |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери** | | | | | |
| 1 | Кесиптик кеңеш менен кесиптик ылгоонун профессиографиялык негиздери | Реферат жазуу (жеке иш) | 3 | Студенттер изилдөөнүн планын иштеп чыгууну, аткарууну, изилдөө процессин түзөтүүнү үйрөнүшөт; маалыматты жалпылоо, талдоо, синтездөө көндүмдөрү калыптанат. | 8 |
| 2 | Кесиптик колдоо көрсөтүүнүн программасы | Долбоор иштеп чыгуу (топтук иш) | 3 | Бири-бири менен кызматташуу жана коллективде иштей алуу билгичтиги;ар түрдүү функцияларды аткаруу менен командада натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүүлүгү өнүгөт; жаңы кырдаалды жана анын натыйжаларын баалоого, ага ылайыкташууга аракеттенет; долбоордук ишемердүүлүк көндүмүнө ээ болот. | 9 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кесиптик багыт берүүнүн калыптаныш тарыхы** | | | | | |
| 3 | Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы | Презентация иштеп чыгуу (жуптук иш) | 2 | Студенттер изилдөөнүн планын иштеп чыгууну, аткарууну, изилдөө процессин түзөтүүнү үйрөнүшөт; маалыматты жалпылоо, талдоо, синтездөө көндүмдөрү калыптанат. | 7 |
| 4 | Кесиптик багыт берүү мамлекеттик кадрдык саясаттын элементи жана жеке проблема катары | Эссе жазуу (жеке иш) | 2 | Жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү жөндөмдүүлүгү калыптанат. | 7 |
| **Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар** | | | | | |
| 5 | Кесиптердин классификациясы | Презентация иштеп чыгуу (жуптук иш) | 2 | Студенттер азыркы маалымат мейкиндигин колдонууну билишет; кесибине тиешелүү маалыматты талдоо, жалпылоону үйрөнүшөт; презентация жасоодо түрдүү программаларды колдоно алышат. | 8 |
| 6 | Кесиптик багыт берүүнүн түшүнүк аппараты | конспект жазуу (жеке иш) | 1 | Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдей алат, негизги ойду ирээти менен кыскача бергенге көнүгөт; ой жүгүртүүгө, анын жыйынтыгын жазуу кепте туура жана ишенимдүү көрсөтө алат. | 6 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик багыт берүү иштерин уюштуруу** | | | | | |
| 7 | 1.Билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары<br>2. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары. | Конспект (жеке иш) | 1 | Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдей алат, негизги ойду ирээти менен кыскача бергенге көнүгөт; ой жүгүртүүгө, анын жыйынтыгын жазуу кепте туура жана ишенимдүү көрсөтө алат. | 7 |
| **Мектеп программасында кесиптик багыт берүү маселелери** | | | | | |
| 8 | Кесиптик багыт берүү боюнча программасын иштеп чыгуу | Долбоор түзүү (топтук иш) | 3 | Бири-бири менен кызматташуу жана коллективде иштей алуу билгичтиги; ар түрдүү функцияларды аткаруу менен, командада натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүүлүгү өнүгөт; жаңы кырдаалды жана анын натыйжаларын баалоого, ага ылайыкташууга аракеттенет; долбоордук ишмердүүлүк көндүмүнө ээ болот. | 9 |
| **Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү** | | | | | |
| 9 | 1.Башталгыч класстын окуучуларына кесип жөнүндө түшүнүк берүү.<br>2.Өспүрүм курактагыларга кесипке багыт берүү<br>3.Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү. | Реферат жазуу (жеке иш) | 3 | Студенттер изилдөөнүн планын иштеп чыгууну, аткарууну, изилдөө процессин түзөтүүнү үйрөнүшөт; маалыматты жалпылоо, талдоо, синтездөө көндүмдөрү калыптанат. | 8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Өзүн-өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары** | | | | | |
| 10 | 1.Талант, көндүм жана жөндөмгө карата кесип тандоо<br>2. Кесип тандоодо өзүн-өзү таануу | Презентация иштеп чыгуу (жуптук иш) | 3 | Маалыматтарды интерпретациялоо, талдоо, чогултуу жана аларды бүткөн формага келтирүү көндүмүнө ээ болушат; ар түрдүү тармактардагы заманбап билимдерге (концепциялар, теориялар, методдор, техникалар) ээ жана аны түшүнүү жөндөмү калыптанат; IT технологияларды колдонуу көндүмүн өнүктүрөт. | 8 |
| **Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө** | | | | | |
| 11 | Кесиптик стереотиптердин калыптанышында ата-эненин ролу | Эссе жазуу (жеке иш) | 1 | Жазуу кебин логикалык жактан ырааттуу, аргументтер менен так түзө билүү көндүмү калыптанат. | 7 |
| 12 | “Келечектүү кесиптер” деген темада ата-энелер чогулушунун сценарийин түзүү | Класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу (топтук иш) | 3 | Студенттердин окуу процессинин сапатын баалоо жана диагноздоонун технологияларын билет; түрдүү билим берүү мекемелеринде заманбап методиканы жана технологияны колдоно алат; божомолдоо, долбоорлоо жана моделдештирүү көндүмү калыптанат. | 8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | "Баламдын кесип тандоосуна кантип жардам берем" деген темада ата-энелер чогулушунун сценарийин түзүү | Класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу (топтук иш) | 3 | Студенттер класстан тышкаркы иштерди уюштурууда сценарий түзүү боюнча маалымат алышат; сценарий түзүүнүн жолдорун үйрөнүшөт; жазуу көндүмү калыптанат. | 8 |
| | Жыйынтык балл: | | 30 саат | | 100 балл |

***6. 3. Студенттер өз алдынча аткарган тапшырмаларды баалоо критерийлери***

| № | Критерийлер | толук | толук эмес | үстүрттөн |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Студенттин жообунун тактыгы, негиздүүлүгү (өз позициясын аргументтер менен коргой билүүсү) | | | |
| 2 | Өзүнүн позициясын практикалык тапшырмаларды аткарууда студенттин теориялык билимин колдоно билүүсү | | | |
| 3 | Тапшырмаларды аткарууда альтернативдик мүмкүнчүлүктөрдү талдап, аны көрсөтө билүүсү | | | |

# 7. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

*7. 1. Баалоонун объекти жана индикаторлору*

| № | Дисциплинанын бөлүмдөрү | Калып тануучу компетен-циялар | Болжолдуу индикаторлор (Блумдун таксаномиясынын негизинде аныкталат) |
|---|---|---|---|
| 1 | Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери | ЖИК-3<br>ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | -профориентологияга аныктама берет;<br>- профориентологияны бөлүмдөргө классификациялайт;<br>- профориентологиянын милдеттерин аныктайт;<br>- профориентологиянын методология-сынын төрт деңгээлине мүнөздөмө берет жана аларды салыштырат;<br>- профориентологиянын жалпы теориялык, божомолдоо жана практикалык (колдонмо) функцияларын бири-биринен өзгөчөлөйт;<br>- кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негизин түшүнөт;<br>- кесиптик багыт берүү системасынын компоненттерин айырмалайт жана схемасын түзөт;<br>- кесиптик багыт берүү иштериндеги эске алынуучу принциптерге мүнөздөмө берет;<br>- кесиптик багыт берүү иштеринин этаптарын билет;<br>- кесиптик багыт берүүнүн функцияларын интерпретациялайт;<br>- кесиптик багыт берүү иштеринин системалуу жүргүзүлүшү маанилүү экендигин аргументтерди келтирүү менен далилдейт;<br>- кесиптик багыт берүүнүн методдоруна аныктама берет жана практикада колдоно алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Кесипке багыт берүүнүн калыптануу тарыхы | ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-5<br>КК-8 | - профориентологиянын калыптануу тарыхына илимий сереп жүргүзөт;<br>- профориентологиянын калыптаныш-ындагы негизги изилдөөлөрдү талдай алат;<br>- Америкадагы кесиптик багыт берүү иштеринин уюштурулуш өзгөчөлүктөрүн айтып берет;<br>- Европа өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштерге баа берет;<br>- өлкөдөгү кесиптик багыт берүү иштеринин жүргүзүлүшүндөгү көйгөйлөрдү аныктай алат. |
| 3 | Кесипке багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар | ЖИК-3<br>ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | - кесиптик берилген аныктамаларды салыштырат жана жалпылайт;<br>- кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөргө аныктама берет;<br>- эмгектин предметине жараша кесиптерди классификациялайт;<br>- кесиптин типтерине мүнөздөмө берет, бири-бири менен байланыштырат;<br>- кесиптин класстарын айырмалайт жана салыштырат;<br>- профессиографиянын теориялык негиздерин билет жана талдай алат;<br>- профессиограмманын түзүмүн билет жана өз алдынча иштеп чыга алат;<br>- профессиографиянын методдоруна мүнөздөмө берет жана практикада колдоно алат. |
| 4 | Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу | ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | -билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары жөнүндө түшүнүк алат;<br>-мектепте кесиптик багыт берүүнүн максат, милдеттерин билет;<br>-мектеп администрациясы жана китепканачы, психолог, предметтик мугалимдин кесип таанууда аткара турган милдеттерин так ажыратат;<br>-класс жетекчинин негизги функциясы менен таанышат;<br>-класс жетекчинин иштеринин негизги багыттарын өздөштүрөт;<br>-кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмаларды аныктайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери | ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | - жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалар менен таанышат;<br>- окуу программасы менен тарбиялык иштердин программасын салыштырат;<br>- тарбиялык иштердин программасындагы темаларды анализдейт;<br>- программада кесипке багыт берүүгө багытталган темаларды ажыратат, талдайт;<br>- кесипке багыт берүү боюнча кошумча темаларды сунуштайт. |
| 6 | Өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү | ЖИК-3<br>ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | -мектеп окуучуларынын курак өзгөчөлүгү боюнча маалымат алат;<br>-кесип жөнүндө маалымат башталгыч класстан башталарын билет;<br>-өспүрүм курактагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүгүн аныктайт;<br>-жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүүдө өспүрүм курактагылар менен салыштырат, анализдейт;<br>- кесипке багыт берүүдө класстан тышкаркы иштерди жаш өзгөчөлүгүнө карата пландаштырып үйрөнөт. |
| 7 | Өзүн-өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары | ЖИК-3<br>ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8 | - өзүн-өзү таануу жөнүндө түшүнүк алат;<br>- мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгүн өздөштүрөт.<br>- өзүн-өзү таануу менен кесип тандоонун ортосундагы байланышты анализдейт;<br>- кесиптик багыт берүүдөгү инсандык сапаттарды талдайт;<br>- окуучуларда талант, кызыгуу, көндүм түшүнүгүн бири-биринен ажыратуу жана калыптандыруунун жолдорун үйрөнөт;<br>- көндүмдүн түрлөрүн билет, калыптандыруу боюнча түрдүү ыкмаларды колдонот;<br>- кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоонун жолдорун иштеп чыгат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө | ЖИК-4<br>ИК-1<br>ИК-2<br>СИЖМК-1<br>КК-1<br>КК-4<br>КК-8 | - кесиптик багыт берүүдөгү ата-эненин ролун түшүнөт;<br>- баланын кесип тандоо процессине катышуу деңгээли боюнча ата-энелерди топторго бөлөт жана салыштыра алат;<br>- ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдоруна баа берет;<br>- ата-энелерди мектеп турмушуна катышууга тартуу боюнча өнөктөштүк программасын иштеп чыгат;<br>- ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттарына аныктама берет жана байланыштырат;<br>- окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формаларына мүнөздөмө берет. |

**7.2. Аралык текшерүү үчүн сунушталган тесттердин топтому**

**1. Окуучунун жекече кызыгуусуна, шыгына, ден соолугуна жана коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлөрдүн талаптарына ылайык аны аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган комплекстүү иш-чаралар системасы?**

а) кесиптик багыт берүү

б) кесипке багыт алуу

в) кесиптик жактан өзүн-өзү таануу

г) кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо

**2. Профориентологиянын изилдөө предмети?**

а) адам менен кесиптер дүйнөсүнүн ортосундагы карым-катыш

б) инсанга психологиялык-педагогикалык жактан колдоо көрсөтүү

в) инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосу

г) инсандын индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү

**3. Профориентология канча бөлүмдөн турат?**

а) 5　　в) 4

б) 7　　г) 6

**4. Профориентологиянын функциялары?**

а) диагностикалык, уюштуруучулук, окутуучулук

б) теориялык, божомолдоо, колдонмо

в) божомолдоо, коррекциялоо, өнүктүрүүчүлүк

г) диагностика, дискуссия, сунуштарды берүү

**5. Адамдын белгилүү өндүрүштүн шарттарына жана кесиптик ишмердиктин түрүнө жарактуулугу?**

а) кесиптик ылгоо

б) кесиптик жарамдуулугу

в) эмгек жарамдуулугу

г) кесиптик маалымат берүү

**6. Окуучуларга кесиптин мазмуну, кесиптик карьера жөнүндө маалымат берүү?**

а) кесиптик ыңгайлануу

б) кесиптик агартуу

в) кесиптик дарамети

г) кесипке багыт алуу

**7. Инсанда баалуулуктар системасы менен шыктандыруучу чөйрөнүн калыптанышы жана кесипке багыт алуусун өнүктүрүү үчүн кесипке багыт берүү иштерин комплекстик негизде жүргүзүү. Кесипке багыт берүүнүн кайсы функциясы?**

а) уюштуруучулук

б) божомолдоо

в) өнүктүрүүчүлүк

г) түзөтүү

**8. Адамдардын кесиптик кызыкчылыгына тарбиялоочу таасир берет. Кесипке багыт берүүнүн кайсы аспектиси?**

а) психологиялык-педагогикалык

б) социалдык-экономикалык

в) медициналык-биологиялык

г) индивидуалдык-психологиялык

**9. «Кесипке багыт берүү» термини кайсы окумуштуу тарабынан сунушталган?**

а) Ф. Гальтон

б) Ф. Парсонс

в) Дж. Голланд

г) Г. Мюнстерберг

**10. Кесиптик багыт берүү иштеринин теориялык маселелеринин иштелип чыгышынын себеби?**

а) индустриянын өнүгүшү

б) квалификациялуу адистердин жетишсиздиги

в) адистерге коюлган талаптардын жогорулашы

г) кесиптик бюролордун ачылышы

**11. Кесиптик диагностика боюнча Фрэнк Парсонс тарабынан сунушталган метод?**

а) «ылайыктуу орунга – туура жумушчу»

б) кадр тандоонун америкалык модели

в) жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү методу

г) курактык өнүгүү концепциясы

**12. «Адам – Белгилик система» тибине кандай кесиптер кирет?**

а) долбоорлор менен байланышкан кесиптер

б) маалымат менен байланышкан кесиптер

в) жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан кесиптер

г) техника менен байланышкан кесиптер

**13. Кесиптик ишмердүүлүктү изилдөөнүн методдору?**

а) эксперимент, сурамжылоо, байкоо

б) документтерди изилдөө, божомолдорду текшерүү

в) эмпирикалык, статистикалык, интерпретациялык

г) биографиялык, эмгек ишмердигин изилдөө, түзөтүүчү

**14. Профессиограмманын түрлөрү?**

а) кесиптик компетенттүүлүк, кесиптик даярдыгы, кесиптин паспорту

б) социалдык, техникалык, экологиялык, медициналык

в) маалыматтык, диагностикалык, коррекциялык, калыптандыруучу

г) комплекстик, аналитикалык, психологиялык, инсанга багытталган

**15.Кесиптердин психологиялык классификациясы кайсы окумуштуулардын эмгектеринде изилденген?**

а) С. Г. Геллерштейн, А. Ф. Лазурский

б) Б. Г. Ананьев, Н. А. Бернштейн

в) В. Д. Котляров, С. Г. Струмилин

г) Е. А. Климов, С. Н. Чистякова

**16. Гностикалык, кайта өзгөртүүчү, изденүүчү кесиптер – булар ...?**

а) кесиптин класстары

б) кесиптин типтери

в) кесиптин түрлөрү

г) кесиптин классификациясы

**17. Кесиптер типтерге кайсы критерийдин негизинде ажыратылат?**

а) эмгектин мүнөзүнө карай

б) квалификациянын деңгээлине жараша

в) чарбачылыктын тармактары боюнча

г) эмгектин предмети карай

**18. Америкада «кесиптик багыт берүү» аталышынын синоними?**

а) профориентология

б) психологиялык карьера

в) профессиография

г) кесиптик жактан өзүн-өзү таануу

**19. Эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү - ...?**

а) адистик  в) квалификация

б) кесип  г) кызмат

**20. Адамдын кандайдыр бир ишти демейки шартта аткара алуу жөндөмдүүлүгү?**

а) кесиптик жарамдуулук

б) кесиптик даярдык

в) эмгекке жарамдуулук

г) кесиптик дарамет

**21. Окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинде ата-энелер менен иштөөнүн негизги максаты?**

а) окуучунун кесип тандоосуна көмөк көрсөтүү

б) окуучунун өзүн-өзү таануусуна көмөк көрсөтүү

в) кесипке багыт берүү ишинде ата-энелерди кесиптик агартуу

г) кесип тандоодо аракеттер планын ата-энелер менен чогуу иштеп чыгуу

**22. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору?**

а) иш-чараларды пландаштыруу, мектеп турмушуна тартуу

б) байланыш, катышуу, колдоо

в) кызматташуу, баарлашуу, колдоо көрсөтүү

г) ата-энелер чогулушу, жеке консультация, лекторийлер

**23. Ата-энелерди кесиптик багыттоо боюнча иштин багыттары?**

а) диспут, профессиографиялык аңгемелешүү, маалымат бурчун уюштуруу

б) маалымат берүү, кесиптик агартуу ишине тартуу, жеке кеңеш

в) лекторийлер, диспут, дискуссиялар

г) ата-энелер чогулушу, аңгемелешүү, конференциялар

**24. Ата-энелерди кесиптик багыттоо боюнча иштин формалары?**

а) жеке кеңеш, тематикалык чогулуш, анкета жүргүзүү

б) экскурсияга катыштыруу, ыктыярчылык, диспут

в) диспут, дискуссия, конференция

г) класстык саат, сурамжылоолор, семинар-тренингдер

**25. Ата-энелерди кесиптик багыт берүүнүн проблемаларын талкуулоого мүмкүнчүлүк берген формалар?**

а) диспут, дискуссия

б) тренинг, семинарлар

в) лекторий, анкета

г) класстык саат, тематикалык чогулуш

**26. Психологиялык колдоо – бул...?**

а) инсандын кесиптик жактан калыптанышын, өнүгүшүн жана түзүмдөлүшүн изилдөө процесси

б) инсандын кесипкөйлүгүнүн өнүгүшүн изилдөөчү дисциплина

в) адамдын эмгекке жарамдуу курагында кесиптик жактан өзгөрүшүн изилдөө процесси

г) инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү таануусуна жардам көрсөтүү

**27. "Мугалим" кесиби кайсы типке кирет?**

а) «Адам – Белгилик система» тибине

б) «Адам – Адам» тибине

в) «Адам – Көркөм образ» тибине

г) «Адам - Табият» тибине

**28. Атайын кесиптик ылгоону талап кылган кесип?**

а) геолог в) учкуч

б) юрист г) журналист

**29. Кесипти ийгиликтүү тандоо үчүн эмне кылуу керек?**

а) кесиптин коомдогу кадыр-баркын эске алуу

б) ата-эненин кеңешин эске алуу менен чечим кабыл алуу

в) кесиптин талаптарын билип жана өзүнүн жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен чечим кабыл алуу

г) эң жакын досуң/курбуң тандаган кесипти тандоо

**30. Инсандын теориясы менен кесип тандоо теориясын бириктирген психологиялык концепцияны негиздеген окумуштуу?**

а) Д. Супер б) Х. Уарте

б) Ж. Голландия в) Э. Климов

**31. Мектепте колдонулуучу окуу программаларынын түрлөрү кайсылар?**

а) календарлык, типтүү программалар

б) окуу, типтүү, автордук программалар

в) Индивидуалдык, кесиптик, атайын программалар

г) жылдык, календарлык программалар

**32. Окутуунун мазмунун аныктаган документти белгиле.**

а) окуу планы

б) окуу программасы

в) календарлык план

г) жылдык план

**33. Тарбия иштеринин программасында окуучулардын курак өзгөчөлүгүнө карай канча топко бөлүштүрүлгөн?**

а) 2 в) 4

б) 5 г) 3

**34. "Таалим-тарбия алууга үйрөтүү" тобуна кайсы класстар кирет?**

а) 5-8 класс в) 9-11 класс

б) 1-4 класс г) 1-7 класс

**35. "__________ - окуучуларды биздин коомдогу эмгектин ар кандай түрлөрү, кесиптин шарттары жана өзгөчөлүктөрү менен тааныштырууну, аларды акыл жана күч эмгегин, ар түрдүү кесипти сүйүү жана урматтоо сезимин тарбиялоону көздөйт" бул кайсы иш аракет?**

а) класс жетекчинин

б) ата-эненин

в) мектеп администрациясынын

г) баарынын

**36. Кесип тандоого багыт берүү кимдин ишмердүүлүгүнө кирет?**

а) класс жетекчинин

б) ата-эненин

в) мектеп администрациясынын

г) баарынын

**37. Кайсы адис окуучулардын курак өзгөчөлүгү боюнча класстан класска которулууда адаптацияланышына жардам берет ?**

а) мугалим

б) психолог

в) класс жетекчи

г) китепканачы

**38. Класс жетекчинин негизги функциясы кайсы?**

а) билим берүү

б) окуучуларды тарбиялоо

в) класстан тышкаркы иштерди уюштуруу

г) кесипке багыт берүү

**39. Класс жетекчинин функциялары жана милдеттери кайсы документтерде камтылган?**

а) Кыргыз Республикасында жаштарга кесиптик багыт берүүнүн системасын өнүктүрүүнүн концепциясы

б) Класс жетекчи жөнүндөгү жобо, Жалпы билим берүүчү орто мектептердин Уставынын

в) Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана окуучу жаштарды тарбиялоонун концепциясы

г) Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында жаштарга кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүүнүн концепциясы

**40. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи кайсы ыкмаларды колдонот?**

а) маалымат берүүчү; кесиптик психодиагностикалык ыкмалар; моралдык-эмоционалдык колдонуу ыкмалары

б) салыштырма; кесиптик тандоо; тарыхый ыкмалар

в) кесиптик психодиагностикалык ыкмалар; моралдык-эмоционалдык колдонуу ыкмалары

г) маалымат берүүчү; кесиптик кеңеш берүү; кесипке багыттоо ыкмалары.

**41. Китепканачы кесипке багыт берүүдө кандай иш-чараларды уюштурат?**

а) жолугушуулар, китеп көргөзмө, диспут

б) кесиптерге байланышкан иш-чаралар

в) китеп күнүн уюштурат, башка китепканалар менен байланышат

г) окурман-конференция, диспут, кесип ээлери менен жолугушуулар

**42. Кесипти таануу боюнча маалыматтар канчанчы класстан башталат?**

а) башталгыч класс

б) ортоңку класс

в) жогорку класс

г) 9-кл

**43. Жогорку класстын окуучуларын алардын кесиптик пландарынын калыптангандынын даражасы боюнча канча категорияга бөлүүнөт?**

а) 2 в) 4

б) 5 г) 3

**44. Кесипти туура тандоо үчүн зарыл:**

а) кесиптин кадыр-баркын эске алуу

б) бир туугандардын кеңеши менен чечим чыгаруу

в) ишмердикти мектептеги эң жакшы көргөн предмет менен байланыштыруу

г) келечек ишмердикти өз жөндөмүнө туура келтирип, анын мазмунуна багыт алуу

**45. Окуучулардын социалдык баалуулуктары кайсы чөйрөдө калыптанат?**

а) Мектептеги сабактарда, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин системасында

б) үй-бүлөдө, жашаган жеринде

в) класстарынын арасында, жаңы чөйрөдө

г) класста, үйдө, жашаган жеринде

**46. Өзүн–өзү таанып-билүү деген эмне?**

а) инсандын ички дүйнөсүнүн гармонияда болуп, психологиялык жактан туруктуу калыптануусу

б) өзүн сынчыл көз караш менен карап, келечекте туура максат коюуга багыт алуу

в) өзүнүн жеке жетишкендиктерин чен-өлчөмүндөрүн аныктоо

г) инсандын жашоодогу өз ордун, өзүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрү түшүнүгүн аныктаган, узак убакытка созулган, бирдиктүү жана үзгүлтүксүз процесс

**47. Окуучу өзү жөнүндө толук билүүсүнө эмнелер кирет?**

а) шык, жөндөм, талант

б) инсандык сапаттар, өзүн-өзү таанып-билүү

в) ден-соолугу, жөндөмү, шыгы, кызыгуусу

г) ишмердиги, аракети, кызыгуусу

**48. Өспүрүмдөр үчүн (12 - 14 жаш) кесип тандоо – бул........**

а) кызыгууларынын жана жөндөм-шыктарын эрте аныктоо жана аларды конкреттештирүү мүмкүнчүлүгү

б) өзүнүн укмуштуу келечеги жөнүндө кыялдарын ишке ашыруунун башкы образы

в) көп акча тапкан кесипти тандоо

г) өзүн-өзү таануу

**49. Эрте өспүрүм курактагы окуучулардын (14-16 жаш) кесип тандоодо кандай карашат?**

а) негизинен кесиптик сабаттуулук боюнча иш алып барууга муктаж өспүрүмдөр

б) аракетчил, өзүм билемдик менен баарын чече алгандык

в) коомдо өз ордун табууга аракеттенгендер

г) коомдук мамиле-катыштарга чындап киришишет, коомдо өздөрүнүн ордун табууга аракеттенишет, кесиптик өзүн-өзү аныктоо жөнүндө маселени чечишет.

**50. Өзүн-өзү танып-билүүнүн канча түрү бар?**

а) 7 в) 3

б) 6 г) 5

**51. Көндүмдүн канча түрү бар?**

а) 2 в) 3

б) 4 г) 5

**52. Көндүмдүн түрлөрүн белгилегиле...**

а) баарлашуу көндүмү; ишенимдүүлүк көндүмү; сынчыл ой жүгүртүү; командада иштей билүү көндүмү

б) социалдашуу көндүмү; ишенимдүүлүк көндүмү; чыгармачыл көндүмү

в) таанып-билүү көндүмү; мотивация көндүмү; сынчыл ой жүгүртүү; багыт берүү көндүмү

г) баарлашуу көндүмү; социалдашуу көндүмү; командада иштей билүү көндүмү

**53. Адис катары өзү жөнүндө кыскача маалымат кандай деп аталат?**

а) резюме в) өмүр баян

б) анкета г) портфолио

**54. Жөндөмдүүлүк деген эмне?**

а) адамдын дээрине, сезим-туюмуна байланышкан сапат; бир нерсени же ишти ыкчам, жакшы, чыгармачылык менен бүтүрүүдөгү өзгөчө касиет

б) табият берген жөндөм, ал адамга кандайдыр бир оор ишти ийгиликтүү, өз алдынча жана кайталангыс түрдө аткарууга мүмкүнчүлүк

в) бул адамзаттын коллективдүү тажрыйбасы, объективдүү чындыкты таанып-билүүсүнүн натыйжасы

г) кишинин жүрүш-турушун, кыймыл-аракетин мүнөздөгөн жеке психикалык касиеттеринин жыйындысы.

**55. Бир кесиптин алкагында атайын даярдыктан өтүү жолу менен алынган билимдин, билгичтиктердин жана жөндөмдүн топтому - ................**

а) эс тутум

б) көңүл буруу

в) эмгек шарты

г) адистик

**56. Кесиптик жаңылануулардЫ жана жаңы кесиптерди тез өздөштүрүү жөндөмү кандай деп аталат?**

а) кесиптик компетенттүүлүк

б) кесиптик мобилдүүлүк

в) кесиптик калыптануу

г) кесиптик өнүгүү

**57. Таланттуу адамдар жөнүндө кайсы тасма баяндайт?**

а) «Пианист» (2002)

б) “Көк бөрү” (2019)

г) “Жыл мугалими” (“Учитель года” 2004)

д) “Мыкты карьера” (“Блестящая карьера” 2018)

**58. Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып билүүсүнө баалуулуктардын кайсы окумуштуу белгилеген?**

а) М. Х. Титма

б) Ө. А.Сманбаев

в) А. Е. Измайлов

г) С. К. Овсянникова

**59. Компетенттүүлүк — .....?**

а) бул жашоосунда ээ болгон тажрыйбага, баалуулуктарга, шыкка негизделген жалпы жөндөмдүүлүк.

б) табият берген кайталангыс шык жөндөмдүн физиологиялык фондуна ээ

в) билгичтиктерге багытталган баалуулуктардын системасын, когнитивдик, операциялык-технологиялык, мотивациялык, этикалык, социалдык компетенциялар.

г) бул окутуунун натыйжасында ээ болгон билимге, тажрыйбага, баалуулуктарга, шыкка негизделген жалпы жөндөмдүүлүк.

**60. Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып-билүүсү кайсы факторлор таасир этет?**

а) көптөгөн объективдүү жана субъективдүү, жаратылыш жана социалдык

б) тышкы жана ички, социалдык, субъективдүү

в) коомдук, социалдык, экономикалык

г) объективдүү жана субъективдүү, тышкы жана ички, жаратылыш жана социалдык

**7. 3. Жыйынтык текшерүүнүн суроолору:**

1. “Кесипке багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” курсунун изилдөө объектиси, предмети.
2. “Кесипке багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” курсунда калыптануучу компетенциялар.
3. Профориентологиянын максаты жана милдеттери.
4. Профориентологиянын бөлүмдөрү.
5. Профориентологиянын функциялары.
6. Кесиптик багыт берүү системасынын компоненттери.
7. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары.
8. Кесиптик багыт берүүнүн методдору.
9. Кесиптик багыт берүү иштерине системдик мамиле.
10. Кесиптик багыт берүүнүн аспектилери.
11. Россияда кесипке багыт берүү иштеринин этаптары.
12. Кесиптик багыт берүү иштеринин өнүгүшүнүн тарыхый өбөлгөлөрү.
13. Чет өлкөлүк кесипке багыт берүү иштеринин теориясы жана практикасы.
14. Чет өлкөдөгү «карьеранын өнүгүшү» (career development) түшүнүгү.
15. Ф.Парсонстун «Кесип тандоо» эмгегинин негизги жоболору.
16. Д.Сьюпердин курактык өнүгүү концепциясынын жоболору.
17. Кесипке багыт берүү иштеринин «жапон» жана «америкалык» модели.
18. «Кесип», «адистик» жана «квалификация» түшүнүктөрүнүн айырмачылыктары.
19. Кесип таануудагы негизги түшүнүктөр.
20. Е. А. Климов классификациясы боюнча кесиптин типтери.
21. Профессиографиянын изилдөө предмети.
22. Кесиптик жарамдуулук эмгекке жарамдуулук менен кандайча байланышкан?
23. Кесиптик ишмердүүлүктү изилдөөнүн методдору.
24. Профессиограмма мазмунуна жана түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
25. Профессиограмманын түзүмү жана камтылган маалыматтар.
26. Окучуларга кесипке багыт берүүдө ата-эненин ролу.
27. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.
28. Ата-энелерди кесипке багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.
29. Ата-энелердин мектептин ишмердүүлүгүнө катышуусуна тоскоолдук кылган көйгөйлөр.
30. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары.

31. Жалпы билим берүүчү мекемелерде колдонулуучу программалар.
32. Окуу программасынын структурасы.
33. Тарбиялык иштердин программасынын максаты, милдеттери жана принциптери.
34. Программада берилген темалардын мазмуну.
35. Кесипке багыт берүүчү темалардын программада берилиши.
36. Кесип тандоого даярдоодо коюлуучу милдеттер.
37. Билим берүү концепцияларында кесипке багыт берүү боюнча эмнелер камтылган?
38. Мектепте кесипке багыт берүүнүн максаты жана милдеттери.
39. Мектепте кесипке багыт берүү иштерин уюштурууга кимдер милдеттүү?
40. Класс жетекчинин негизги функциясы.
41. Касс жетекчинин компетенциялары.
42. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчиликтин ролу.
43. Класс жетекчи кесипке багыт берүүдөгү багыттары.
44. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар.
45. Мектеп окуучуларын курак боюнча кантип ажыратабыз, айырмачылыгы эмнеде?
46. Башталгыч класстын окуучуларына кесипке багыт берүүдө кандай темалар камтылат?
47. Өспүрүм курактагы окуучуларга кесипке багыт берүүнү уюштуруудагы өзгөчөлүктөр.
48. Жогорку класстагы окуучуларына кесипке багыт берүүдө эмнелерге көңүл буруу керек?
49. Жогорку класстын окуучуларын, алардын кесиптик пландарынын калыптангандынын даражасынын категориялары.
50. Жогорку класстарда кесипке багыт берүүдө класстан тышкаркы иштерди уюштурууда кайдай темалар камтылат?
51. Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып-билүүсүнө таасир этүүчү баалуулуктар.
52. Окуучулардын социалдык баалуулуктарын калыптандыруунун жолдору.
53. Мектепте окуучуларга кесипке багыт берүү ишин пландаштырууда кандай жагдайларды эске алабыз?
54. Өзүн-өзү таануу деген эмне?
55. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү.
56. Инсандын жеке сапаттарга кайсылар кирет?
57. Инсандын жеке сапаттарынын калыптандырууда класс жетекчи жана психолог кандай иш чараларды уюштурат?
58. Кесипке багыт берүүдө окуучунун инсандык калыптануусунун канчалык зарылчылыгы бар?
59. Билим, билгичтик жан көндум. Көндүмдүн түрлөрү.
60. Компетенттүүлүк деген эмне, компетентүү мамиле жасоону кандай түшүнөсүнөр?

# 8. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАКТАН ЖАБДЫЛЫШЫ


***8. 1. Негизги адабияттар:***

1. 9-класста кесипке багыт берүү: Мугалимдер үчүн колдонмо [Текст] / “Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” программасы. - Бонн жана Эшборн шаарлары, 2018. -68 б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б.Бекбоев. -Бишкек, 2011. -384 б
3. Гудкова Е. В. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 с.
4. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы [Текст] / Түзүүчүлөр: Жумабаева Г. А., Алымбаева Б. Б., Акматов К. К. – Б., 2020. http://kao.kg
5. Кыргыз педагогикасы: Энциклопедиялык окуу куралы [Текст] / Башкы ред. Ү.Асанов; Ред кеңеш И.Бекбоев (төрага) ж.б. -Б.:Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору, 2004. -340 б.
6. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л.Огонбаева, М. Ниязова. -Б., 2020. -75 б.
7. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. –Нижневартовск, 2013. -364 с. https://www.studmed.ru
8. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с.
9. Пряжников Н. С. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. -Москва: Академия, 2007. -501 с.

***8. 2. Кошумча адабияттар:***

1. Абдыракунова Ж. С. Кесипке багыт берүү – негизги маселелердин бири катары [Текст] / Ж. С. Абдыракунова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №10, 2017. -167-168-бб. http://www.science-journal.kg
2. Афанасьева Н. В., Малухина Н. В., Пашнина М. Г. Профориентационный тренинг для старшеклассников “Твой выбор” [Текст] / Н. В. Афанасьева, Н. В. Малухина, М. Г. Пашнина. -СПб: Речь, 2008. -366 с. http://padabum.com
3. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга ата-энелерди жана коомчулукту тартуу. 10-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. -39-б.
4. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru
5. Калугин Н. И. Профессиональная ориентация учащихся [Текст] / Н.И. Калугин и др. -Москва: Высшая школа, 2003. -272 с.

6. Орозбаев Ж. М. Эстетическое воспитание младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогитки (на материале Кирг.ССР): автореф. дис... канд. пед наук:13.00.01 [Текст] / Ж. М. Орозбаев. -М.,1988.-15с.
7. Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү. Методикалык колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: Т. А. Жороев, А. А. Сатинбаева ж.б. -Ош, 2017. -168 б.
8. Пряжникова Е. Ю., Пряжников Н. С. Профориентация: учеб. пособие для студ. высш. учебн. заведений [Текст] / Е. Ю. Пряжникова, Н. С. Пряжников. -Москва: Издательский центр "Академия", 2008. -496 с. https://www.twirpx.com
9. Пряжников Н. С. Профориентация в школе: игры, упражнения, опросники [Текст] / Н.С.Пряжников. -Москва: ВАКО, 2005. -288 с. http://torez-school-22.
10. Сманбаев Ө. А. Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы [Текст] / Ө. А. Сманбаев. Докт. диссертация. -Б., 2019. -312 б. http://www.arabaev.kg
11. итма М. Х. Выбор профессии как социальная проблема. На материалах конкретных исследований в ЭССР [Текст] / М.Х.Титма. -М.: Мысль, 1975. -198с.
12. Таточенко Е. В. Исторические аспекты становления и развития профориентационной работы в России и за рубежом [Текст] / Е. В. Таточенко // Педагогическое обозрение. №1-2, 2014. – С.1-4. https://npo.tspu.edu.ru

# 9. ГЛОССАРИЙ

**Адаптация (ыңгайлашуу)** – айлана-чөйрөгө ыңгайлашуу (социалдык чөйрө). Психологиялык аспекти – адамдын өз каалоолору, кызыкчылыктары менен инсан катары коомдун койгон талаптарына ыңгайлашуусу же коомдогу нормаларды жана баалуулуктарды өздөштүрүүсү, сиңирүүсү.

**Адистик** – бир кесиптин чегиндеги иштин түрү.

**Алдын-ала кесиптик диагноздоо** – кесип тандоодо же кесибин өзгөртүүдөн улам келип чыккан маселелерди чечүүдө, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо жана адис катары калыптанышында инсандын мүмкүнчүлүктөрүн жана индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү максат кылып коёт.

**Вакансия** – бош жумуш орду.

**Гностикалык кесиптер** – адам ишмердиги акыркы өнүм катары алдын-ала белгилүү болгон белгилерди таануу, айырмалоо, баалоо, текшерүү, классификациялоону талап кылган кесиптер.

**Жамааттык келишим** – жумуш берүүчү менен мекеменин же ишкананын кызматкерлеринин ортосундагы социалдык-эмгектик мамилени жөнгө салуучу укуктук акт.

**Жумушчу орун** – эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө багытталып, мейкиндик менен чектелген, атайын жабдылган жана уюштурулган зона.

**Жумуш берүүчү/иш берүүчү** – жумушчу менен эмгек келишимин түзүп, аны менен эмгек мамилесине кирген юридикалык же физикалык тарап.

**Изденүүчү кесиптер** – практикалык ишмердик процессинде буга чейинки белгисиз, жаңы нерсени издөө менен өндүрүүгө багытталган кесиптин классы.

**Иш тажрыйбасы** – белгилүү кесиптик ишмердик боюнча практикада өздөштүрүлгөн билимдин, ыктын жана көндүмдүн биримдиги.

**Карьера (итал. < carriera «өмүр жол, иш майданы»)** – адамдын ишмердиктин тигил же бул чөйрөсүндө кызмат боюнча алга илгерилөөсү.

**Квалификация** – эмгектин тигил же бул түрүнө инсандын даярдык, жарамдуулук даражасы, кесиптик чеберчилик деңгээли. Кесип ээсинин квалификациясы билими, практикалык көндүмдөрү жана аткарып жаткан ишинин татаалдык деңгээли аркылуу аныкталат.

**Квалификацияны жогорулатуу** – жогорку татаалдыктагы ишти аткаруу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу үчүн кызматкердин/жумушчунун кесиптик деңгээлин өнүктүрүү.

**Кесип** – бул белгилүү билим деңгээлди, атайын көндүмдөрдү талап кылган, ошону менен бирге киреше булагы болгон адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн бир түрү.

**Кесипке багыт алуу ишмердиги** – окуучунун түрдүү иш чараларга, кружокторго катышуусун, тигил же бул кызыгуусуна карай «... сүйүүчүлөр» бирикмелерге баруусун уюштуруу; профилдик класстарда, факультатив сабактарын окутуу; тигил же бул кесиптик ишмердиктин түрүнө болушунча жакындатылган шартта кесиптик сыноолорду өткөрүү.

**Кесиптердин классификациясы** – кайсы бир окшош касиетине карай кесиптерди топтоштуруу.

**Кесиптик агартуу (кесиптик маалымат берүү)** – окуучуларга кесиптин мазмуну, ага коюлган талаптар, өзгөчөлүктөрү, кесипке ээ болуунун жолдору, кесиптик карьера жөнүндө маалымат берүүгө багытталган.

**Кесиптик активдешүү** — адамдын өнүгүшү жана кесиптик өзүн-өзү аныктоого байланыштуу маселелерди актуалдаштырууга багытталган иш чаралар системасы.

**Кесиптик багыт берүү** – окуучунун жекече кызыгуусуна, шыгына, ден соолугуна жана коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлөрдүн талаптарына ылайык аны аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган комплекстүү иш-чаралар системасы.

**Кесиптик билим** – кесиптик ишмердиктин белгилүү түрүнө ээ болуу процесси жана анын жыйынтыгы.

**Кесиптик дарамет (потенциал)** – кесиптик ишмердикти өздөштүрүүдөгү жана өркүндөтүүдөгү мүмкүнчүлүктөр менен жөндөмдүүлүктүн биримдиги.

**Кесиптик даярдык** – белгилүү кесип боюнча иштөө мүмкүнчүлүгүн берген атайын билим, ык жана көндүмдөрдүн биримдиги.

**Кесиптик жактан өзүн-өзү таануу** – өзүнүн кызыгуусун, шыгын, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен белгилүү бир кесипти же эмгек ишмердик чөйрөсүн аң-сезимдүү тандоо.

**Кесиптик жарамдуулук** – белгилүү бир кесип, адистик боюнча иш аткаруу жөндөмдүүлүгү. Ал физикалык, психофизиологиялык жана психологиялык сапаттар аркылуу аныкталат.

**Кесиптик жөндөмдүүлүк** – инсанды башка адамдардан өзгөчөлөгөн, кесиптик ишмердиктин талаптарына жооп берген индивидуалдык-психологиялык белгилери.

**Кесиптик ишмердиктин анализи** – кесипти психологиялык изилдөөнүн жана талдоонун ыкмасы, анын жыйынтыгы болуп кесиптик ишмердиктин профессиографиялык сыпаттамасын түзүү болуп саналат.

**Кесиптик ишмердиктин түрү** – белгилүү кесиптик белгилер менен мүнөздөлгөн ишмердиктин классификациялык жактан топтоштурулушу.

**Кесиптик кеңеш** – окуучунун шык-жөндөмүнө, кызыгуусуна жараша кесиптик багытталгандыгын камсыз кылат.

**Кесиптик маалымат** - окуучуларга азыркы кездеги кесиптер жана алардын коомдогу ролу, жергиликтүү өндүрүш тармактарынын кесип ээлерине муктаждыктар жөнүндө маалымат берүү.

**Кесиптик негизги сапаттар** – кесиптик ишмердикти ишке ашыруу үчүн жана кесиптик окуунун ийгилигин камсыз кылган адамдын жеке өзгөчөлүктөрү.

**Кесиптик ниет** – кесип тандоого умтулуу жана ылайыктуу билимге ээ болууну камтыган кесиптик ишмердиктин белгилүү бир түрүнө аң-сезимдүү мамиле.

**Кесиптик өркүндөтүү** – адистин кесиптик ишмердүүлүгү менен байланышкан чеберчилигинин өнүгүшү.

**Кесиптик тарбиялоо** - окуучунун кесипке кызыгуусун жана аны тандоодогу негизделген мамиле – мотивин калыптандыруу менен байланышат.

**Кесиптик ылгоо** – адамдын белгилүү өндүрүштүн шарттарына жана кесиптик ишмердиктин түрүнө жарактуулугун аныктайт.

Кесиптик ыңгайлануу деп адамдын социалдык чөйрөгө, эмгек шарттарына, конкреттүү адистиктин түрүнө активдүү ыңгайланышын айтабыз.

**Кесиптик тандоо** – кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо бир нече варианттардын ичинен бирөөсүн тандоо.

**Кесиптин тиби** – эмгектин предмети боюнча окшош кесиптердин тобу.

**Кесиптик чөйрө** – эмгектин предметинин жана социалдык шарттардын биримдиги.

**Классификация** – кубулуштарды, нерселерди окшоштуктарына, белгилүү бир касиетине ылайык топтоштуруу.

**Кызмат** – адистен квалификациялык деңгээлди жана жеке сапаттарды, кызматтык нускамада көрсөтүлгөн белгилүү милдеттерди аткарууну талап кылган кызматтык орун.

**Кызматтык инструкция** – кызматкердин/жумушчунун мекеме же ишкананын структурасындагы ишмердигин жөнгө салып, уюштуруучулук-укуктук абалын, анын эффективдүү ишинин мазумунун жана шартын аныктаган нормативдик документ.

**Мамлекеттик жумуш менен камсыздоо кызматы** – калкты жумуш менен камсыздоо саясатын ишке ашыруу үчүн түзүлгөн мамлекеттик мекемелер же ишканалар системасы. Жарандардын жумушка орношуусуна жардам көрсөтөт жана эмгекке болгон укугунун сакталышын көзөмөлдөйт.

**Профессиограмма** – белгилүү бир кесиптин өзгөчөлүктөрүн сыпаттап, кесиптик эмгектин мазмунун, анын адамга койгон талаптарын мүнөздөйт жана ачыктап берет.

**Профессиография** - кесиптин адамдын жеке сапаттарына, психологиялык жөндөмдүүлүгүнө, психологиялык-физикалык мүмкүнчүлүгүнө койгон талаптарын изилдөөнүн технологиясы.

**Психограмма** – белгилүү эмгек ишмердигин ийгиликтүү аткарууга керектүү адамдын сапаттарын сыпаттоо жана бөлүп көрсөтүү.

**Резюме** – жумуш орунга же кызматка талапкердин жумуш берүүчү үчүн атайын даярдалган кыскача мүнөздөмөсү.

**Эмгек рыногу** – иш берүүчү менен жалданма жумушчу карым-катышка кирген динамикалык система.

**Эмгек рыногунда кесиптин талап кылынышы** – эмгек рыногунда талап менен сунуштун бири-бирине дал келиши.

**Эмгек шарты** – адамдын эмгек ишмердигине таасирин тийгизген факторлордун (жумуш орундун өзгөчөлүгү, иштөө режими, курчап турган чөйрө) биримдиги.

**Эмгекке жарамдуулук** – инсандын эмгек ишмердүүлүгүнүн тигил же бул түрүн аткара алуу жөндөмдүүлүгү.

**Эмгектин предмети** – адамдын эмгеги багытталган нерсе. Эмгектин предмети адам, техника, маалымат, көркөм чыгарма же табият боло алат.

**Эмгектин уюштурулушу** – максималдуу мүмкүн болгон натыйжага жетүүнү камсыз кылган, адамдардын эмгек ишмердигин белгилүү системага алып келүү.

**Тема 1. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери**

Каралуучу маселелер:

§1. Профориентология жана анын изилдөө предмети. §2. Кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери. §3. Кесиптик багыт берүү системасы. §4. Кесиптик багыт берүү иштеринин принциптери. §5. Кесиптик багыт берүү иштерине системалуу мамиле. §6. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары. §7. Кесиптик багыт берүүнүн методдору.

Негизги адабияттар:

1. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, М. Ниязова. -Б., 2020. -75 б.

2. Гудкова Е. В. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 с.

3. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. -364 с. https://www.studmed.ru

4. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с.

Кошумча адабияттар:

1. Сманбаев Ө. А. Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы [Текст] / Ө. А. Сманбаев. Докт. диссертация. -Б., 2019. -312 б. http://www.arabaev.kg


2. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

3. Пряжников Н. С. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. -Москва: Академия, 2007. -501 с.

**§1. Профориентология жана анын изилдөө предмети.** Кесиптик багыт берүүнүн теориялык негиздери, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо, кесиптик кеңеш, дегеле кесип тандоого байланыштуу практикалык маселелер профориентология илиминин алкагында изилдөөгө алынат.

Профориентология инсандын кесиптик жактан калыптануусундагы механизмдерди жана мыйзамченемдүүлүктөрдү изилдеген илимий дисциплина катары философия, психология жана педагогиканын чектешкен жеринде калыптанган. Профориентология инсанда кесиптик «Мен-концепциясынын» калыптанышына, кесиптик аң-сезиминин өнүгүшүнө, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосуна көмөк көрсөтөт.

Профориентология төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: кесиптик багыт берүү, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо, профессиография, кесиптик кеңеш жана интегративдик дисциплинанын методологиясы.




Профориентологиянын изилдөө предмети – адам менен кесиптик чөйрөнүн же кесиптер дүйнөсүнүн ортосундагы карым-катыш процессиндеги мыйзам ченемдүүлүктөр.

Профориентологиянын максаты – инсанга кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо, кесип тандоодо жана кесиптик жактан калыптанууда психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүү, ошондой эле адамдын инсандык жана кесиптик дараметинин активдешүүсүнө түрткү берүү.

**Профориентология бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди алдына коёт:**

- кесиптик чөйрө, кесиптер дүйнөсү, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо жана кесиптик жактан калыптануу шарттарында кесиптик ишмердиктин өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерди белгилүү системага салуу;
- профориентология боюнча теориялык, колдонмо жана практикага негизделген изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосунун бардык этаптарында, т.а., кесиптик карьерадан тартып кесиптик биографиясы аяктаганга чейин психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- кесиптик багыт берүүнүн технологиясын иштеп чыгуу жана аны жакшыртуу.

**Профориентологиянын методологиясы.** Профориентология илимий дисциплина катары өзүнүн методологиясы бар илим тармагы. Методология философиялык, жалпы илимий, конкреттүү илимий жана технологиялык деп аталган төрт деңгээлден турат. Методологиянын философиялык деңгээли – бул таануунун принциптери жана категориялык аппараттан турат. Профориентология үчүн илимий таануунун философиялык баштапкы жоболорун материалисттик философия түзөт. Материализм детерменизм принцибине, ал өз кезегинде дүйнөнү таанууда диалектика закондоруна жана материянын объективдүүлүгүнө таянат.

Методологиянын жалпы илимий деңгээлин илимдин көп тармактары колдонгон концепциялар, окуулар түзөт. Профориентология башка илимдер сыяктуу эле адамдын коомдук табияты жөнүндөгү окууга таянат да, адамдын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосунда жана кесиптик жактан калыптануусунда аң-сезимге карата системдүү мамилени колдонот.

Методологиянын конкреттүү илимий деңгээлин тигил же бул илимге таандык изилдөөнүн принциптери жана методдору, т.а., профориентологиянын өзүнүн гносеологиялык инструменттери түзөт.

Методологиянын технологиялык деңгээлин профориентологиядагы эмпирикалык материалдарды топтоо, аларды иштеп чыгуу жана интерпретациялоо үчүн изилдөөнүн методикасын, технологиясын жана техникасын камтыйт.

Жалпысынан алганда, профориентологиянын методологиясы – бул кесипке багыт берүү иштеринин теориялык негиздери, изилдөөнүн методдору жөнүндөгү принциптердин жана билимдердин системасы болуп саналат.

Профориентологиянын функциялары. Профориентология жалпы теориялык, божомолдоо жана практикалык (колдонмо) функцияларды аткарат.

Жалпы теориялык функциясына адам менен кесиптик чөйрөнүн жана кесиптер дүйнөсүнүн ортосундагы карым-катыштагы мыйзамченемдүүлүктөрдү талдоо кирет.

Божомолдоо функциясы адам менен кесиптик чөйрөнүн жана кесиптер дүйнөсүнүн өз ара карым-катышы менен байланышкан реалдуу жашоонун өнүгүшүн алдын ала көрө билүү менен байланышкан.

Профориентологиянын практикалык (колдонмо) функциясына фундаменталдык билимдердин негизинде кесиптик багыт берүү иштеринин практикасынын жакшырышы, өркүндөтүлүшү, жаңы методдор, куралдар, формалар жана механизмдердин иштелип чыгышы кирет.

**Профориентологиянын негизги принциптери. Профориентология психология, социология, тарых, философия өңдүү илим тармактары менен байланышкан. Бул карым-катыштын негизинде профориентологиянын төмөнкү принциптери иштелип чыккан:**

- ✓ гуманизмге багытталган принциби (инсандын өнүгүшүнө багытталгандыгы, адам өмүрүнүн жана жекечелигинин баалуулугу);
- ✓ маданиятка ылайыктоо принциби (кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоонун баалуулугун инсан тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыздоо, чоңоюп жаткан адамдын маданият менен диалогу);
- ✓ интеграция принциби (инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосуна жана адис катары калыптанышына көмөк көрсөтүү максатын ишке ашырган кесипке багыт берүү системасынын компоненттеринин карым-катышы жана биримдиги);
- ✓ субъективдүүлүк принциби (инсанда кесиптик жактан өзүн-өзү таанууну, жашоодо жана болочок кесипте өз ордун көрө билүүсүн жана адис катары калыптандыруу).
- ✓ Профориентология кесипке багыт берүүнүн калыптанышын жана өнүгүшүн камсыз кылат.

**§2. Кесипке багыт берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери. Мектепти аяктап жаткан окуучулар болочоктогу кесибин издей башташат. Статистикага таянсак, бул учурда жаштардын көпчүлүгү кесип тандоодо жана андан ары ишке орношууда олуттуу көйгөйлөргө тушугушат. Мындай кыйынчылыктардын себептери төмөнкүлөр:**

1) тажрыйбасыз жаштар үчүн эмгек рыногунун көп түрдүүлүгү;

2) жогорку класстын окуучуларынын көпчүлүгү заманбап эмгек рыногун, кесиптин түрлөрүн жакшы билбегендиги;

3) өзүнүн жекечелигин кесиптик ишмердиктин тигил же бул тармагынын талаптарына дал келтире албагандыгында турат.

**Эмгек рыногуна өтүү жаштардын кесиптик жактан өзүн аныктоосунун теориясы менен практикасын иштеп чыгууга болгон мамилени бир топ өзгөрттү.** Эмгек рыногундагы катаал шарттарда жумушчулардын бардыгы өзгөчө бир кесип, адистик менен байланышкан эмгек жолунда туруктуу акы ала турган иш менен дайыма эле камсыз боло алышпайт. Ошондуктан, эмгек рыногу жумушсуздук, жаңы чарба түзүмдөрүн түзүү, калктын бир тобун кесипке кайра даярдоо сыяктуу көйгөйлөргө дуушар болуп турат. Андан тышкары, түрдүү себептерден улам азыркы жаштар саясий, социалдык жана экономикалык кырдаалдарга бат ыңгайлашып кете албасын көрсөттү. Билим алуунун кадыр-баркы тууралуу көз караштар өзгөрүп, буга чейинки коомдогу баалуулуктар бааланбай, эмгек маданияты төмөндөп кетти.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, «кесиптик багыт берүү, кесип тандоо же кесипке багыт алуу (лат. professio - ишинин түрү жана фр. orientation - багыт берүү)» жаштарга кесип тандоодо жардам берүүгө багытталган иш -чаралар системасы болуп саналат.

**Кесиптик багыт берүү** – бул жаштарды кесипти эркин жана өз алдынча тандоосуна даярдоонун илимий негизделген, ар бир инсандын жеке өзгөчөлүктөрү менен бирге эмгек ресурстарын коомдун кызыкчылыктарына толук кандуу бөлүштүрүү зарылдыгын эске алууга багытталган системасы. Мурда кесипке багыт берүүдө окуучуларды жумушчу кесиптерге багыттоо боюнча тажрыйба иштери башкы орунда турган. Андан кийин кесипке багыт берүүнүн теориясын иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгып, соңку жылдарда кесипке багыт берүүнүн методологиялык маселелерин иштеп чыгууга муктаждык сезиле баштады.

**Кесип тандоодо бир нече факторлор -** коомдогу тигил же бул кесипке болгон муктаждык, жумушка орношуунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрү жана түрдүү кесиптердин өзгөчөлүктөрү эске алынышы шарт. Ошондой эле инсандын жашоодогу максаты менен баалуулуктарын, шыгы жана жөндөмүн туура баалоо өтө маанилүү болуп эсептелет. Бирок кесиптик жактан өзүн-өзү аныктай элек мектепти жаңыдан бүткөн окуучу же жалпы эле жаштар үчүн бул факторлордун баарын изилдеп чыгуу кыйынчылыкты жаратат. Анын үстүнө жаштар таптакыр башка факторлорду маанилүү деп эсептешет. Айталы, кесиптин кадыр-баркы, жогорку айлык акы, кызыктуу жумуш, эмгектин жакшы шарттары, кесипке оңой эле ээ болуу (/жеңил эле окууга өтүү), тандалган кесиптин ата-энениn каалоосу менен дал келиши, кесиби боюнча бат жумуш табуу.


**Окуучулар даяр жоопторду жана сунуштарды алуу үчүн мугалимине, досторуна же жакын адамдарына кайрылышы ыктымал.** Бирок бул жардам бир тараптуу гана болуп калышы мүмкүн. Ошол себептен, окуучунун кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо процессин уюштуруу жана ага сабаттуу колдоо көрсөтүү үчүн анын жаш өзгөчөлүгү, өзүн-өзү таануудагы негизги принциптер жана мыйзамченемдүүлүктөр, эмгек рыногунун өзгөчөлүгү жана кесиптер дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгү эске алынышы шарт. Окуучуга кесиптик багыт берүү – бул тигил же бул кесиптин адамга койгон талаптары менен тааныштырып, кесиптер дүйнөсү тууралуу маалымат берген, баланын жекече өзгөчөлүгүн изилдөө аркылуу аны өзүн-өзү таанууга үйрөткөн, узак мөөнөткө созулган психологиялык-педагогикалык процесс.

Кесиптик багыт берүүнү жүргүзүү үчүн кесиптердин социалдык- экономикалык мүнөздөмөлөрүнө ээ болушу, кесипти өнүктүрүү перспективаларын, кесиптин таркалыш аймактарын, кесипкөйлөрдүн кирешелеринин деңгээлин, квалификацияга ээ болуу жолдорун жана кесиптик карьеранын келечегин, ошондой эле эмгек рыногунун өзгөчөлүктөрүн билүүсү керек.

**§3. Кесиптик багыт берүү системасы.** Профориентология кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшүн камсыз кылат. Кесиптик багыт берүү түрдүү коомдук институттардын (мектеп, үй-бүлө, коомчулук, ЖОЖдор, атайын орто окуу жайлары ж.б.) илимий-практикалык иш-

мердигинин системасы катары инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосунун калыптанышына багытталган социалдык-экономикалык, психологиялык-педагогикалык түрдүү милдеттерди чечүүгө багытталган.

Кесиптик багыт берүү системасы төмөнкү компоненттерден турат: кесиптик агартуу, алдын ала кесиптик диагноздоо, кесиптик кеңеш, кесиптик ылгоо, кесиптик ыңгайлануу, кесипке багыт алуу ишмердиги.




**Кесиптик агартуу** (кесиптик маалымат берүү) – окуучуларга кесиптин мазмуну, ага коюлган талаптар, өзгөчөлүктөрү, кесипке ээ болуунун жолдору, кесиптик карьера жөнүндө маалымат берүүгө багытталган.

**Алдын ала кесиптик диагноздоо** – кесип тандоодо же кесибин өзгөртүүдөн улам келип чыккан маселелерди чечүүдө, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо жана адис катары калыптанышында инсандын мүмкүнчүлүктөрүн жана индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү максат кылып коёт.

**Кесиптик кеңеш –** кесипти, кесиптик карьераны тандоодо, кесиптик ишмердикти алмаштырууда көрсөтүлүүчү психологиялык-педагогикалык жардамдар системасы: ушул процессти башкаруу; кесип тандоону коррекциялоо; инсандын индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн конкреттүү кесиптин койгон талаптарына ылайык келишин аныктоо; тигил же бул кесиптин мазмуну тууралуу маалыматка ээ болууга көмөк көрсөтүү.

**Кесиптик ылгоо** – адамдын белгилүү өндүрүштүн шарттарына жана кесиптик ишмердиктин түрүнө жарактуулугун аныктайт.

**Кесиптик ыңгайлануу -** адамдын эмгек шарттарына ыңгайланышына, кесиптик ишмердикте өзүн активдүү ишке ашырууга жардам көрсөтүүгө багытталган.

**Кесипке багыт алуу ишмердиги** – окуучунун түрдүү иш-чараларга, кружокторго катышуусун, тигил же бул кызыгуусуна карай «... сүйүүчүлөр» бирикмелерге барuусун уюштуруу; профилдик класстарда, факультатив сабактарын окутуу; тигил же бул кесиптик ишмердиктин түрүнө болушунча жакындатылган шартта кесиптик сыноолорду өткөрүү.

**Кесиптик багыт берүү системасы** адам жашоосунда кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоодо, инсандын кесиптик өнүгүшүндө жана адис катары калыптанышында жагымдуу шарт түзүүгө багытталган.

**§4. Кесиптик багыт берүү иштеринин принциптери.** Кесиптик багыт берүү иштерине катышып жаткан коомдук институттар төмөнкү принциптерди эске алуусу зарыл:

**Принцип 1.** Инсандын кызыгуусуна, жөндөмүнө жана шыгына жараша кесип тандоодогу укугунун сакталышы. Кандай билим (жогорку же орто) алат, кайсы жерде иштегиси келет, дегеле өз өмүрүн кесиптин кайсы түрү менен байланыштырат – бул нерселерди ар бир адам өз алдынча чечүү укугуна ээ. Ошентип, кесип тандап жаткан адам «Мен эмнени каалайм?» деген суроого жооп бере бере алууга тийиш.

**Принцип 2**. Адамдын потенциалдык ресурсуна таянуу: анын шыгы жана таланты; ден-соолугунун абалы; инсандык сапаттары жана психофизиологиялык өзгөчөлүктөрү; кесиптик даярдыкты аныктаган билими, көндүмү жана ыктары. Адам өз мүмкүнчүлүктөрүн дайыма эле объективдүү баалай албайт же өзгөчөлүктөрүнө таптакыр эле маани бербейт. Ошол себептен, кесиптик жактан өзүн-өзү таанып жаткан адам үчүн «Мен эмнени жасай алам?» деген суроо турушу зарыл.

**Принцип 3.** Эмгек рыногунун өзгөчөлүгүн жана коомдун талабын эске алуу. Адамдын күчтүү каалоосуна же анын уникалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан, коомдо талап кылынбаган кесип менен алектене албайт. Мисалы, балыкчылык кесип чөлдө жашаган элдерде актуалдуу эмес. Коомдун өнүгүшү менен айрым кесиптер жок болуп, тескерисинче жаңы кесиптер пайда болуп турат. XX кылымдын башталышында өндүрүш менен байланышкан кесиптер талап кылынса, 70-80 жж. анын ордуна өндүрүштөгү системаларды башкарган оператор кесиби келди. XXI к. технологиянын өнүгүшү менен менеджер, IT адистер талап кылына баштады. Демек, кесип тандап жаткан адам «кимге керектигин» так түшүнүүсү зарыл.

**Принцип 4.** Кесиптик багыт берүү иштеринин узак мөөнөткө созулушу жана көп этаптан турушу. Кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоого колдоо көрсөтүү кесип тандоо маселесинин келип чыгышы жана кесипти тандоо чечими менен эле бүтүп калбастан, инсандын кесиптик жактан калыптануусунун бардык этаптарында көрсөтүлүшү шарт.

**Принцип 5.** Кесиптик багыт берүү ишмердигинин бардык катышуучуларынын кесипке багыт берүү иштерин максаттуу, үзгүлтүксүз жана ырааттуулукта жүргүзүшү.

**§5. Кесиптик багыт берүү иштерине системалуу мамиле.** Жогоруда саналып өткөн принциптер кесиптик багыт берүү иштерин системалуу жүргүзүлүшүн талап кылат. Профориентологияда кесиптик багыт берүү иштери төрт этапка бөлүнөт:

1. Багыттоо-даярдоо этабы башталгыч классты камтыйт. Бул этаптын максаты – башталгыч класстын окуучуларында эмгекке карата оң мамилени жана кесиптин көп түрдүүлүгү жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу.

2. Багыттоо-түрткү берүү этабы ортоңку класстарды камтыйт (5-7-класстар). Бул этаптын максаты - окуучуларга конкреттүү аймакка мүнөздүү кесиптер жөнүндө маалымат берүү жана бул кесиптерге болгон кызыгуусун ойготуу. Бул убакта кесиптик багыт берүү иштери эмгектин технологиясы сабагында жүргүзүлөт.

3. Багыттоо-өндүрүмдүү этабы 8-9-класстарга туура келет. Бул этаптагы кесиптик багыт берүү иштеринин максаты – өспүрүмдөрдү конкреттүү кесип боюнча өндүрүштүк иштерге тартуу. Өспүрүмдөрдүн өндүрүштүк иштерге катышуусу алардын өзүн-өзү таануусуна, шыгын жана жөндөмүн байкап көрүүсүнө, кесиптик ниетинин калыптанышына түрткү берет.

4. Багыттоо-жыйынтыктоо этабы бүтүрүүчү класстарга туура келет. Бул этапта окуучулар конкреттүү кесипти тандап алышат же зарылдыкка жараша кесиптик ниетин түзүмдөштүрүшөт. Көпчүлүк учурда окуучулар мектепти аяктап жатканда кесиптик ниетин өзгөртүшөт. Бул этаптагы иштин негизги формасы – окуучуларга жеке кеңеш берүү жана аңгемелешүү болуп саналат. Мындай кесиптик кеңештин негизги милдети – жогорку класстын окуучусуна кесиптик ишмердиктин тигил же бул түрүнүн маңызын түшүнүүгө,

болочок кесипке ийгиликтүү ээ болууга талап кылынган кесиптик негизги сапаттарды бөлүп көрсөтүүгө жардам берүү.

**§6. Кесиптик багыт берүүнүн функциялары.** Кесиптик багыт берүү төмөнкү кызматтарды аткарат: диагностикалык, уюштуруучулук, мобилизациялоо, окутуучулук, өнүктүрүүчүлүк, коррекциялоо (түзөтүү), божомолдоо.

**Диагностикалык функция** – жалпы билим берүү мекемелеринин социумду тарбиялоо потенциалын аныктоо; үй-бүлөнүн өзгөчөлүгүн жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо; инсандын индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосунун жана адис катары калыптанышын изилдөө; кесиптик багыт берүү иштеринин сапатына мониторинг жүргүзүү.

**Уюштуруучулук** – максатты жана ага жетүүнүн жолдорун аныктоо, иштин этаптарын тактоо, пландоо, инсандын өзүн-өзү аныктоосуна жана кесиптик жактан калыптанышына шарт түзүү.

**Мобилизациялоо** – кесиптик багыт берүүнүн түрдүү субъектилерин (инсан, үй-бүлө, мектеп, коомдук мекеме, ЖОЖдор, атайын орто окуу жайлары ж.б.) биргелешип иш алып барууга шыктандыруу, аларды бүтүн бир системага бириктирүү, кызматташуу ниеттерин демилгелөө.

**Окутуучулук** – инсанда кесиптик багыт берүү боюнча билимди, көндүмдү калыптандыруу.

**Коррекциялоо (түзөтүү)** – субъектилердин кесиптик багыт берүү иштеринин жыйынтыктарын талдоо, инсандын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосунун жана адис катары калыптанышын баалоо.

**Өнүктүрүүчүлүк** – инсанда баалуулуктар системасы менен шыктандыруучу чөйрөнүн калыптанышы жана кесипке багыт алуусун өнүктүрүү үчүн кесиптик багыт берүү иштерин комплекстик негизде жүргүзүү.

**Божомолдоо** – эмгек рыногунда кесиптин талап кылынышын аныктоо, өлкөнүн же аймактын экономикасынын сегменттеринин өнүгүшүн божомолдоо жүргүзүү, инсандын өзүн-өзү аныктоосуна жана кесиптик жактан калыптанышына таасирин тийгизген шарттарды аныктоо.

**§7. Кесиптик багыт берүүнүн методдору**

Окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүүдө төмөнкү методдорду колдонууга болот:

1. Маалымат-справка методдору – кесиптер дүйнөсү жөнүндөгү маалыматтар камтылган адабияттар менен таанышуу кирет. Ошондой эле белгилүү бир кесипке байланыштуу дискуссияларды алып баруу жана профориентациялык сабактарды өткөрүү.

2. Кесиптик диагностикалык методдорго тигил же бул кесипке кызыгуусун, жөндөмүн жана инсандын жеке өзгөчөлүгүн аныктоочу психологиялык-педагогикалык методикалар жана тесттер кирет. Буга аңгемелешүү-интервьюну да киргизүүгө мүмкүн. Интервью – тест методикасынын негизги бөлүгү болуп саналат. Эгерде тандалган кесип адамдын ден соолугуна жогорку талаптарды койсо, анда сөзсүз түрдө медициналык кароодон өткөрүлөт.

3. Кесиптик багыт берүү иштеринин активдүү методдору. Көпчүлүк учурда баарлашуу жана өз алдынча чечим кабыл ала билүү көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган психологиялык жана социалдык-психологиялык тренингдер, айрым бир сапаттардын өнүгүшүнө түрткү берген профориентациялык оюндар уюштурулат. Мисалы, оюн-кырдаалдарда өзүн менеджер, психолог же педагогдун ордуна коюп көрүүгө мүмкүн.

4. Тандоодо жана чечим кабыл алууда жардам көрсөтүү методдору. Буга чейинки тажрыйбалар көрсөткөндөй, жеке консультацияларды (аңгемелешүү, диагностика,

дискуссия, сунуштарды берүү ж.б.) өткөрүү өтө таасирдүү болуп эсептелет. Профориентолог өз ишинде жеке консультацияларды колдонуу менен жогорку класстын окуучусуна койгон максатына жетүүнүн оптималдуу жолдорду издөөгө, т.а., кесиптик өнүгүүнүн траекториясын аныктоого жардам берет. Мындай профконсультациялык методдордун диапазону өтө кенен, бирок консультациянын жыйынтыгы катышуучулардын жеке өзүнөн көз каранды.

Конкреттүү проблеманы чечүүдө кайсы методду колдонуу натыйжалуулугу кайрылып жаткан адамдын жашынан жана каалоосунан көз каранды. Айрым учурда справка мүнөзүндөгү маалыматтар, кээ бир учурларда психологиялык колдоо көрсөтүү жана социалдык-психологиялык тренингдерге катышуу керек болот.

**Кесиптик багыт берүү иштеринин натыйжалуулугу төмөнкүлөрдөн көз каранды:**

1. Кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоонун факторлору;
2. Өзүнүн өнүгүү перспективасын аң-сезимдүү пландоо;
3. Өнүгүү перспективасын пландоодогу өз алдынчалык деңгээли;
4. Планын ишке ашырууда өз алдынчалык деңгээли;
5. Өз келечегине ишеним менен кароо.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Профориентологиянын аныктамасы?
2. Кесиптик багыт берүү системасы кайсы компоненттерден турат?
3. Кесиптик илгерилөөнү (кызмат боюнча жогорулоо) кандай факторлор аныктайт?Кесиптик багыт берүү иштеринде кайсы принциптер эске алынат?
4. Кесиптик багыт берүү иштеринин натыйжалуулугу эмнеден көз каранды?
5. Кесиптик багыт берүү иштериндеги методдор?

## Тема 2. Кесиптик багыт берүүнүн калыптануу тарыхы

Каралуучу маселелер:

§1. Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрү. §2. Чет өлкөдө кесиптик багыт берүүгө байланыштуу теориялык ойдун өнүгүү тарыхы. §3. Чет өлкөлөрдөгү кесиптик багыт берүү иштеринин учурдагы абалы. §4. Чет өлкөлөрдөгү жалпы билим берүү мектептериндеги кесиптик багыт берүү иштери. §5. Россияда жана башка өлкөлөрдө кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшү. §6. КМШ өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштер. §7. Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштери. §8. Кесиптик багыт берүүдө мамлекеттик саясаттын принциптери.

Негизги адабияттар:

1. Гудкова Е. В. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 с.

2. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с.

3. Пряжников Н. С. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. -Москва: Академия, 2007. -501 с.

Кошумча адабияттар:

1. Э.Ф.Зеер, Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. – Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

2. Сманбаев Ө. А. Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы [Текст] / Ө. А. Сманбаев. Докт. диссертация. -Б., 2019. -312 б. http://www.arabaev.kg

3. Таточенко Е. В. Исторические аспекты становления и развития профориентационной работы в России и за рубежом [Текст] / Е. В. Таточенко // Педагогическое обозрение. №1-2, 2014. – С.1-4. https://npo.tspu.edu.ru

**§1. Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын тарыхый өбөлгөлөрү.** Кесиптик багыт берүү илимдин багыты катары жүз жыл мурун келип чыккан. Айрым изилдөөчүлөр анын келип чыгышын XX к. баш чендеринде адамдын кесиптик жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн психологиялык тесттерди иштеп чыккан, психотехниканын негиздөөчүсү Хьюго Мюнстерберг менен байланыштырышат. Ушул мезгилде психология илиминде кесиптин психологиясы бөлүмү калыптанат.

Айрым изилдөөлөрдө кесиптик багыт берүүнүн тарыхы Гарвард университетинин профессору Фрэнк Парсонс тарабынан 1903-ж. Страсбургда (Франция) кесиптик багыт берүү кабинетинин, 1908-ж. Бостондо (Америка) кесип тандоо боюнча бюронун ачылышы менен башталат деп көрсөтүлүп келет. Ал «кесиптик багыт берүү» терминин биринчилерден болуп сунуштаган.

Кесиптик багыт берүүнүн тарыхына көз чаптырсак, анын алда канча мурда башталганына күбө болобуз. Кесиптик ылгоо боюнча тесттердин колдонулушун байыркы дүйнөнүн тарыхынан кезиктирүүгө болот. Мисалы, б.з.ч. 3000-ж. орто чендеринде Байыркы Вавилондо адамдар жөндөмүнө жараша эмгектин тигил же бул түрүнө тандалып алынса, ал эми Байыркы Кытайда мамлекеттик чиновниктердин кесиптик жарамдуулугун текшерүү системасы болгон.

Байыркы грек философу Платон идеалдуу мамлекет жөнүндөгү окуусунда өлкө башчысын жашы 30га толо элек жаш жигиттердин ичинен жогорку интеллектуалдык жана адеп-ахлактык сапаттарынын негизинде «мурун башкаруучу кызматта иштегендер» тандап алышы керек деп сунуштаган.

1575-ж. Испанияда Хуан Уартенин «Илимге жөндөмдүүлүктү изилдөө» аттуу китеби жарыкка чыгат. Бул кесиптик ылгоо максатында адамдардын жеке индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алган алгачкы психологиялык эмгек болуп эсептелет. Хуан Уарте кесиптик ылгоону мамлекеттик деңгээлде уюштурууну кыялданган. Ал эмгегинде мынтип жазат: «Адам өзүнүн табиятына туура келген кесипти жаңылбай тандоосу үчүн падыша билими жана акылы терең ыйгарым өкүлдөрү аркылуу анын талантын, жөндөмүн жаш чагынан аныктап, ошого жараша билим алуусун милдеттендириши керек».

Демек, кесипке багыт берүүнүн байыркы жана орто кылымдардагы тарыхына көз чаптырсак, аткарылган иштин сапатын жогорулатуунун натыйжалуу жолу – бул мыкты жумушчуну/адисти табуу деп түшүнүшкөн. XIX к. аягы XX к. баш чендеринде бир катар өлкөлөрдө өнөр жайдын дүркүрөп өсүшү менен чоң шаарларга иш издеп келген адамдар кесип тандоо проблемасына туш болушкан. Завод, фабрикаларда ишке кирген жаңы техника менен технологияны баары эле өздөштүрө алган эмес. Бул жумушчу үчүн гана эмес, жумуш берүүчү үчүн да көйгөйгө айланган. Андан тышкары үстүнө кадрларды тандоодо кетирген каталар, квалификациясы төмөн жумушчулардын даярдалышы экономикалык чоң жоготууга алып келген. Өндүрүшчүлөрдүн ортосундагы атаандаштык, киреше алуунун артынан түшүү, жумуш берүүчүлөргө эмгек күчүн пайдалануунун натыйжалуу жолдорун издөөгө түрткү берген.

Ошентип, машина индустриясынын өнүгүшү менен адамдын кесибине болгон талап жогорулап, кесиптик багыт берүү кызматын өнүктүрүү муктаждыгы келип чыккан. Мындай кызматтар ишкерлердин жана жаңы жумуш орундарына талапкерлердин муктаждыктарын канааттандырмак.

Бирок кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышына жана калыптанышына жеке эле социалдык-экономикалык өбөлгөлөр эмес, психологиялык, т.а., кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо проблемасы да чоң таасирин тийгизген.

**§2. Чет өлкөдө кесиптик багыт берүүгө байланыштуу теориялык ойдун өнүгүү тарыхы.** Кесиптик багыт берүүнүн өнүгүшүнө психотехника чоң таасирин тийгизет. Психотехниканын негиздөөчүсү Хьюго Мюнстерберг психотехниканын үч милдетин көрсөткөн:

1. Кесиптик ылгоо жана кесиптик кеңеш боюнча тесттердин жардамы менен ылайыктуу жумушчуларды тандоо. Хьюго Мюнстербергдин пикири боюнча, кесиптик кеңеш бара-бара психотехниктердин ишинде маанилүү орунду ээлемек.
2. Эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетүү.
3. Жумушчунун инсан катары өнүгүшү, каалаган психологиялык натыйжага жетүү.

Фрэнк Парсонс Хьюго Мюнстербергдин идеясын жактоочу катары Америкадагы Бостон шаарында кесип тандоо боюнча атайын бюро ачкан. Кесиптик бюронун милдеттерине төмөнкүлөр кирген:

1. Инсанга психологиялык тесттер аркылуу өзүнүн психикалык өзгөчөлүгү жана жөндөмү жөнүндө маалымат алууга жардам берүү;

2. Түрдүү кесиптердин адамдарга койгон психофизиологиялык талаптары менен тааныштыруу;

3. Бул эки топтогу маалыматтарды салыштырып, кесип тандап жаткан адамга рационалдуу сунуштарды берүү.

Анын теориясындагы негизги ой «ылайыктуу орунга – туура жумушчу», б.а., кесиптин койгон талабына жараша жумушчу табуу.

1903-ж., 1908-ж. Европа жана Америкада кесиптик диагностика лабораториялары жана кесиптик багыт берүү кабинеттери ачылат. Ф.Парсонс тарабынан сунушталган методду «кадрларды тандоонун америкалык модели» деп аташат.

1909-ж. Ф.Парсонс кесиптик багыт берүүнүн төмөнкү жоболорун сунуштаган:

1) болочок кесип ээсинин өзүнүн кызыгуусун, жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн, чектөөлөрдү жана анын себептерин билүүсү же өзүн-өзү таануусу;

2) адистерге коюлган талаптарды, түзүлгөн шарттарды билүүсү, иштин түрдүү багыттарындагы мүмкүнчүлүктөрдү жана келечегин көрө билүүсү;

3) жогорку эки фактордун бири-бирине шайкештиги, б.а., кесип тандаган инсандын мүмкүнчүлүктөрү менен кесиптин койгон талаптарынын туура келиши.

Ф.Парсонстун методунда адамдын кесиптик сапаттарын тестирлөөгө көбүрөөк басым жасалган.

1956-ж. америкалык окумуштуу Джон Голланд Ф.Парсонстун теориясына каршы келген “кесипке багыттоонун иерархиясы” аттуу теориясын сунуштайт. Ал адамдарды 6 типке ажыраткан: 1) реалисттик тип (кол өнөрчүлүк, техника, айыл жана токой чарбасына байланыштуу кесиптерди тандашат); 2) изилдөөчү тип (интеллектуалдык эмгекти тандашат); 3) социалдык тип (педагогика, социалдык камсыздоо, практикалык психология, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө байланыштуу кесиптерди баалашат); 4) конвенциалдык тип (банк кызматын, бухгалтерия, статистика кесиптерин тандашат); 5) ишкер тиби (ишкерлик, мейманкана бизнеси, өндүрүштүк кеңеш ж.б.); 6) артисттик

тип (искусствонун түрлөрүнө жана маданиятка байланыштуу кесиптерди тандашат). Инсандын кайсы типке кирери атайын иштелип чыккан тесттер аркылуу аныкталган. Бул теорияда инсандын кызыгуусу биринчи орунга коюлган. Джон Голланд биринчи адамдын ишмердиктин кайсы чөйрөсүнө туура келерин аныктап, андан кийин ошол тармактагы кесипти тандоого көмөк көрсөтүүнү сунуштаган.

Джон Голланддын теориясында адамдын каалоосу менен кызыгуусуна эң чоң маани берилип, кесиптердин өзгөрүп туруусу, коомдогу муктаждык жана эмгек рыногундагы кырдаал эске алынган эмес.

Кесиптик багыт берүүнүн калыптанышындагы дагы бир маанилүү теориялардын бири Дональд Сьюперге (1952-ж.) таандык. Ал "курактык өнүгүүнүн концепциясы" деп аталат. Бул теория төмөнкү жоболордон турат:

1) ар бир адам жөндөм, кызыгуу, инсандык сапаттарга ээ болгондуктан, бир нече кесипке туура келет, ал эми бир кесип – бир нече адамга туура келиши мүмкүн;

2) убакытка жана адамдын тажрыйбасына ылайык кесиптик өнүгүүнүн объективдүү жана субъективдүү шарттары өзгөрүп турат, бул кесиптик көп түрдүү тандоону шарттайт;

3) кесиптик жактан өнүгүү ырааттуу стадиялардан турат, адамдын кесиптик өнүгүүсү ата-энесинин социалдык-экономикалык деңгээлинен, индивиддин касиетинен, кесиптик мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды;

4) индивиддин кызыгуусу менен жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышына жана анын "Мен-концепциясынын" өнүгүүсүнө түрткү берүү менен анын түрдүү стадиялардагы өнүгүүсүн башкарууга болот;

5) кесиптик өнүгүүнүн негизин "Мен-концепциясынын" өнүгүүсү түзөт.

Д. Сьюпердин пикири боюнча, кесиптик өнүгүүнүн биринчи этабы эки фазадан турат: кесип жөнүндөгү кыялдын үмүткө (бала чак), андан соң конкреттүү планга өтүшү (өспүрүм курак). Экинчи этап – эмгек тажрыйбасы аркылуу инсандын "Мени" кесиптик "Мен-концепциясына" өнүгүшү. Бул адамдын бүт өмүрүн камтыйт.

Д. Сьюпер кесип тандоону окуунун аякташы менен бүтпөгөн, кесиптик ишмердиктин бардык этаптарында уланган, инсандын өнүгүшүнүн бир бөлүгү катары карайт.

Ошентип, жогоруда чет элдик кесипке багыт берүүнүн калыптанышындагы негизги идеялар менен теориялар жөнүндө сөз болду.

**§3. Чет өлкөлөрдөгү кесиптик багыт берүү иштеринин учурдагы абалы.** Азыркы учурда чет өлкөдө «кесипке багыт берүү» деген термин жок, бирок анын ордуна кененирээк түшүнүктү камтыган «карьеранын өнүгүшү» (career development) деген термин колдонулат. Career Development карамагында мыкты маалымат жана методикалык ресурстары жана даярдалган адистер иштеген атайын борборлору бар ишмердүүлүк чөйрөсү болуп эсептелет. Карьеранын өнүгүшү боюнча борборлордун ишмердиги кесипке багыт берүү менен андан ары жумушка орноштуруунун тыгыз карым-катышынан турат. Борборлордун ишмердигинин негизги багыттарын жана методикасын иштеп чыгууга психологдор гана эмес, калкты жумуш менен камсыз кылуучу мамлекеттик жана менчик кызматтар, бизнес өкүлдөрү катышат. Борборлордун жүргүзгөн иши ар түрдүү, себеби анда өлкөдөгү билим берүү системасынын өзгөчөлүгү, элдин менталитети жана күтүлүүчү натыйжалар эске алынган.

Францияда кесиптик багыт берүү кызматы XX к. 20-ж. пайда болуп, ал эми экинчи дүйнөлүк согуштун алдында бардык аймактарда балдарга жана чоң адамдарга кесипке багыт берүү үчүн адистерди даярдоо борборлорунун ачылышы жөнүндөгү Мыйзам кабыл алынган. Азыркы учурда кесиптик багыт берүү иштери башталгыч класстарда эле башталат. Мугалим баланын кесипке багыт алуусун аныктоо максатында аны кесиптер дүйнөсү менен тааныштырат, анын жөндөмү жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү маалы-

маттар атайын ачылган папкага чогултулуп, бул маалымат менен окуучунун ата-энеси да таанышып турат. Францияда кесип тандоо борборлору ата-энелер менен тыгыз иш алып барышат. Эгерде окуучу кесип тандоодо кыйынчылыктарга учураса, мектептеги психологдон да кеңеш ала алат. Мектеп психологу окуучуга окуу ишмердигин туура уюштурууга гана жардам бербестен, ага сабакка жетишүүсүн жогорулатуу, жөндөмүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды берет, кесиптик ишмердиктин тигил же бул чөйрөсүнө болгон кызыгуусу тууралуу маалыматтарды ата-энесине кабарлайт.

Окуучунун кесиптер дүйнөсү жөнүндө кенен маалымат алышы үчүн кесипке багыт берүү борборлорунун адистери чакырылат, алар окуучулар менен алардын ата-энелерине кесип тандоо боюнча жекече консультацияларды өткөрүшөт.

Францияда кесипке багыт берүү боюнча адистерди даярдоого көп көңүл бурулат. Бул багыттагы адистер Эмгек жана кесипке багыт берүү боюнча Париж изилдөө институтунда, Марсель кесипке багыт берүү институтунда даярдалып чыгат.

Франция сыяктуу кесипке багыт берүү иштеринин практикасын жана өзүн-өзү аныктоону башталгыч класстарда киргизсек биздин билим берүү системабыз үчүн пайдалуу болмок. Мындай учурда жогорку класстарды профилдерге бөлүп окутуу да максаттуу жүргүзүлмөк жана мектепти бүтөөрдө окуучулар болочок ишмердигинин багытын аңдап түшүнмөк.

Канадада кесипке багыт берүү иштери негизинен ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө багытталган «тандоо борборлорунда» ишке ашат. Мындай борборлор ар бир университетте бар. Студенттерге болочоктогу карьерасын тандоо боюнча чечимди кабыл алуунун беш кадамы сунушталат:

**1-кадам:** Студент эмне менен алектенишин өзү чечет жана бул чечимди кабыл алгандагы сезимдерин талдайт. Эгерде анализ процессинде коркуу сезими күчтүү болсо, анда ага өз чечимин кайра карап чыгуу сунушталат.

**2-кадам:** Эки бөлүктөн турат. Биринчиси ички компонент, мында өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмүн баалайт. Экинчи бөлүк эмгек рыногун, т.а., көп талап кылынган кесиптерди изилдөөдөн турат. Мында бир нече альтернативдик варианттар тандалып алынышы керек.

**3-кадам:** Альтернативдик варианттарды баалоо жана ичинен артыкчылыктуу кесипти тандоо.

**4-кадам:** Кесипте өзүн сынап көрүү. Бул стажировка же тандалган чөйрөдө кошумча иштеп көрүү. Студенттер түрдүү социалдык кызматтарда иштеп, белгиленген саатты аткарышы керек. Бул сааттар практика катары эсептелип, келечектеги тандоосуна жардам берет.

**5-кадам:** Акыркы чечимди кабыл алуу.

Бул этаптардан студент өз алдынча, бирок карьеранын өнүгүшү боюнча адистин жана психологдун көзөмөлүндө өтөт. Эгерде керек болсо, студентте дайыма квалификациялуу жардам алуу мүмкүнчүлүгү болот.

Биздин өлкө үчүн кесиптерди сынап көрүү системасын өздөштүрсөк кызыктуу тажрыйба болмок. Бул окуучулар менен студенттерге өз мүмкүнчүлүктөрүн реалдуу баалоого мүмкүнчүлүк бермек.

Японияда кесипке багыт берүү иштери өзгөчө методикага таянат. Өспүрүмдөрдүн кесипти тандоого даярдыгын көзөмөлгө алуу үчүн Асия университетинин профессору Фукуяма уникалдуу илимий методиканы иштеп чыккан. Бул тест «F-тест» (Fukuyama-тест) деп аталат. Автор кесипти аң-сезимдүү тандоонун негизги үч факторун бөлүп көрсөтөт: 1) өзүн-өзү талдоо, 2) кесипти анализдөө, 3) кесипте өзүн сынап көрүү. Жыл сайын 7-9-класстын окуучулары өздөрүн ар кайсы тармактагы (айыл чарбасы, илимий ишмердүүлүк,

бизнес ж.б.) 16 кесиптин түрүндө сынап көрүшөт. Ошентип, 3 жыл ичинде өз күчүн 48 кесиптин түрүндө сынашат. Андан соң өзүнүн ыктарын беш баллдык шкаланын негизинде 62 пункт боюнча талдап көрүшөт. Ошол эле пункттар менен окуучулар мугалимдер жана психологдор тарабынан бааланат. Алынган жыйынтыктар салыштырылып, окуучунун өзүн-өзү баалоосунун индекси аныкталат. Мына ушул индекстин негизинде окуучуга кесиптик сапаттардын жана компетенциялардын калыптанышы жана өнүгүшү үчүн окуунун индивидуалдуу программасы сунушталат. Ошону менен бирге окуучулар практикалык көндүмдөргө ээ болушат.

Биз өзүбүзгө тажрыйба катары окуучулардын өзүн-өзү баалоо индексин алсак болот. Себеби Кыргызстанда азырынча окуучулардын иш-аракети мугалимдер тарабынан гана бааланат.

Жогорудагыдан улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: эгерде өнүккөн өлкөлөрдүн кесипке багыт берүү иштери боюнча тажрыйбаларды өздөштүрүп алуу менен билим берүү системасындагы кесипке багыт берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтмекпиз. Мисалы, француздардын тажрыйбасы башталгыч класстан баштап эле балдардын практикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берсе, Канада системасынын иш тажрыйбалары ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн ээ болгон көндүмдөрүн баалоо мүмкүнчүлүктөрүн берет.

**§4. Чет өлкөлөрдөгү жалпы билим берүү мектептериндеги кесипке багыт берүү иштери.** Азыркы учурда Англия, Германия, Франция, Швейцария жана АКШда жалпы билим берүү мектептеринде кесипке багыт берүү иштери жакшы жолго коюлган. Методикалык колдоо көрсөтүү үчүн кесип тандоо боюнча колдонмолор чыгарылып турат. Бул өлкөлөр кесипке багыт берүү иштери жана системалуу ишке ашышы керек экендигин түшүнүшкөн. Ошондой эле кесипке багыт берүү иштерин жөнгө салуучу нормативдик документтер иштелип чыга баштаган. Айталы, Улуу Британияда окуучуларга кесипке багыт берүү кызматы жөнүндөгү мыйзам 1973-ж. кабыл алынган; АКШда 1981-ж. бери кесиптик кеңеш берүү мыйзамы иштейт; Данияда болсо кесипке багыт берүү иштери боюнча кызматтын ишмердигин көзөмөлгө алган мыйзам 1981-ж. кабыл алынган.

Германияда кесиптик багыт берүү иштерин жумушка жайгаштыруу боюнча Федералдык агенттик көзөмөлгө алат. Өлкө боюнча ачылган кеңеш берүү борборлорунан ар бир адам кесип тандоо боюнча маалымат жана кеңеш ала алышат. Жогорку класстарда «Эмгекке киришүү» предмети милдеттүү түрдө окутулат, бул дисциплинанын алкагында окуучулар кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо жана кесиптик карьера жасоонун технологиясын окуп үйрөнүшөт.

Азыркы учурда чет өлкөдө билим берүү системасы тынымсыз өзгөрүп, анын ичинде кесиптик окутуу маанилүү орунду ээлей баштады. Атап айтканда, Дания, Швеция, Финляндия, Норвегия сыяктуу скандинавия өлкөлөрүндө окуучу 7-класста кайсы багытта окуусун улантарын аныктап алуусу керек. Жалпы билим берүү мектептеринде окуучуга билимин улантуунун эки жолу сунушталат: 1) академиялык – мектепти бүтүрүп, жогорку окуу жайына тапшыруу; 2) кесиптик – мында колдонмо жана кесиптик дисциплиналар камтылган жөнөкөйлөтүлгөн окуу пландын негизинде окуу.

Данияда базалык элдик орто мектепти аяктагандан кийин окуучу андан ары билим алуусун үч багыттын биринде уланта алат: 1) окутуунун кошумча онунчу жылы, бул «кесип тандоого чейинки» класс деп аталат да, бул класста окуучу мындан ары окуусун кантип улантарын аныктайт; 2) техникалык же коммерциялык колледждерде кесиптик-техникалык билим алуу; 3) жогорку мектепте (гимназияларда) окуу. Гимназияда окуу үч жылга созулуп, мында окутуу лингвистикалык жана математикалык деп бөлүнөт. Ошондой эле гимназияда түрдүү багыттагы тандоо курстары сунушталат.

Францияда кесиптик окутуу жогорку мектепте - лицейлерде ишке ашат. Лицей – бул толук орто билимди жыйынтыктоочу этап болуп саналат. Биринчи окуу жылында

окуучуларга кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосуна мүмкүнчүлүк берилет. Экинчи, үчүнчү окуу жылында кесиптик окутуу улантылып, соңу экзамен (биздеги ЖРТ сыяктуу) тапшыруу менен аяктайт. Кесиптик лицейлерде окуучулар жалпы орто билим менен баштапкы кесиптик билимге ээ болушат. Лицейди аяктагандан кийин окуучу кааласа, жогорку окуу жайына тапшыр алат.

**§5. Россияда жана башка өлкөлөрдө багыт берүүнүн өнүгүшү.** Россияда кесипке багыт берүү иштеринин маселелери XIX к. аяк чендеринен башталат. Кесипке багыт берүү иштеринин калыптанышын беш этапка бөлүүгө болот:

**1-этап:** XIX к. аягы XX к. баш чени – кесипке багыт берүү иштеринин жана профориентологиянын пайда болушу жана калыптанышы;

**2-этап:** 1920-ж. башталышы 1930-ж. орто чени – кесипке багыт берүү иштерин уюштуруунун формалары жана методдору жаатындагы изденүүлөр, буга чейин топтолгон эксперименталдык жана практикалык материалдардын үстүндө иш алып баруу;

**3-этап:** 1930-ж. аягы – 1950-жж. орто чени – кесипке багыт берүү иштеринин эпизоддук гана мүнөзгө ээ болушу, кесиптик өзүн-өзү аныктоо менен байланышкан маселелердин чечилбеши;

**4-этап:** 1960-ж. башы – 1980-жж. ортосу – кесипке багыт берүү иштеринин милдеттерин чечүүгө багытталган натыйжалуу формалар жана методдор боюнча изденүүлөр, булардын билим берүү процессинин реформаланышы менен шартталышы.

**5-этап:** 1980-ж. орто чендеринен азыркы күнгө чейин – кесипке багыт берүү иштеринде инсанды өнүктүрүүгө басымдын жасалышы, кесиптик ишмердикте өзүн-өзү таанууда таасирдүү жардамдын көрсөтүлүшү.

Россияда «жумуш издөө» боюнча биринчи кызмат 1897-ж. пайда болот, бирок Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда гана бул кызмат мамлекеттик статуска ээ болот. Бул кызматтын негизги функциясы кесипке багыт берүү эмес, жумушка орноштуруу болгон. Революцияга чейин Россияда «Студенттик альманах», «Адрес-календарь» сыяктуу журналдарда кесиптик окуу жайлар жөнүндө маалыматтар камтылган. Жалпысынан алганда, революцияга чейинки Россияда кесипке багыт берүү өз алдынча илимий-практикалык багыт болгон эмес, бирок анын калыптанышына шарттар түзүлө баштаган.

Советтик Россияда эмгекке даярдык проблемасы, кийинчерээк кесипке багыт берүү марксисттик идеологиянын негизги темасына айланган. 1921-ж. В.И.Лениндин буйругу менен ачылган Борбордук эмгек институтта кесипке багыт берүү боюнча биринчи лаборатория түзүлгөн.

Кесиптик багыт берүүнүн проблемалары Украина эмгек институтунда, Обухов ат. Москва кесиптик оорулар институнда ж.б. окуу жайларда изилдене баштайт. 1922-ж. РСФСР-дын Элдик комитетинде өспүрүмдөр үчүн кесип тандоо боюнча бюро ачуу маселеси каралат.

Кесиптик кеңеш берүү боюнча биринчи бюро 1927-ж. Ленинград эмгек биржасында түзүлөт. Ушундан кийин эле профконсультанттар даярдала баштайт. 1930-ж. кесиптик кеңеш жана кесиптик ылгоо боюнча борбордук лабораторияда мектептеги кесипке багыт берүү системасы иштелип баштайт. 1932-ж. мектептеги кесипке багыт берүү проблемасы боюнча изилдөөлөрдү координациялоо боюнча штаб түзүлөт.

1930-ж. аягы – 1950-жж. орто чендеринде сталиндик тоталитаризм мезгилинде тандоо эркиндиги менен байланышкан кесипке багыт берүү иштерине таптакыр тыюу салынат.

1960-ж. башы – 1980-жж. ортосуна чейинки аралыкта кесипке багыт берүү иштеринин милдеттерин чечүүгө багытталган натыйжалуу формаларды жана методдорду изденүүлөр менен шартталган.

1960-ж. мектептеги кесипке багыт берүү проблемасы боюнча алгачкы диссертациялар жазыла баштайт. Ушул жылдары СССР Илимдер Академиясында Эмгекке окутуу жана кесипке багыт берүү боюнча илимий-изилдөө институту ачылат.

1980-ж. орто чендеринен баштап бул багытта бир топ иштер аткарылат. 60тан ашуун Жаштарга кесипке багыт берүү боюнча борборлор ачылат, райондордо кесиптик кеңеш берүү пункттары ачылат. Мектептерге «Өндүрүштүн негиздери. Кесип тандоо» предмети киргизилет. 1986-ж. мамлекеттик жаштарга кесипке багыт берүү кызматы түзүлөт.

Советтер Союзунун кыйрашы, Россиядагы саясаттын өзгөрүшү 90-ж. баш чендеринде кесипке багыт берүү иштерине терс таасирин тийгизди. 1992-ж. РФнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы кабыл алынат, муну менен мектептерди, өзгөчө кесипке багыт берүүнү каржылоо кыскарган.

**§6. КМШ өлкөлөрүндөгү профориентациялык иштер.** КМШ өлкөлөрүндөгү кесипке багыт берүү иштери спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. СССР кулагандан кийин анын курамына кирген өлкөлөр калкты жумуш менен камсыздоодо чоң көйгөйлөргө туш болушту. Анын негизги себеби өндүрүштүн токтошу, завод, фабрикалардын иштебей жабылышы ж.б. Белоруссия, Украина, Казакстан сыяктуу өлкөлөрдө билим берүү саясатында артыкчылык катары мектептеги тарбиялоо иштеринин курамында кесипке багыт берүү иштерин кабыл алышты.

Белоруссияда кесипке багыт берүү иштеринин концепциясы 2001-ж. кабыл алынып, Билим берүү министрлиги тарабынан көзөмөлдөнөт. Педагогдордун кесипке багыт берүү ишмердүүлүгүнө кандай милдеттер кирери аталган концепцияда так берилген. Азыркы учурда ЖОЖдор «педагог-профориентолог» деген адистерди даярдап чыгарышат.

Казахстан Республикасында 2011-2020-жж. Билим берүүнүн өнүгүшү Мамлекеттик программасында кесиптик мектептерди өнүктүрүүгө көбүрөөк басым жасалган. Мындай профилдик мектептерде кесиптик окутууга басым жасалат.

**§7. Кыргызстандагы кесиптик багыт берүү иштери.** Азыркы кезде республикабызда билим берүү системасын модернизациялоонун стратегиялык багытын (анын ичинде окуучу жаштарга кесипке багыт берүү ишинин) аныктаган мамлекеттик документтер кабыл алынды.

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана окуучу жаштарды тарбиялоонун концепциясы» (2014-ж., 22-июль. №545/1) кабыл алынган. Концепцияда мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүү тарбия ишинин маанилүү багыты катары каралып, кесиптик маалымат берүү, кесиптик агартуу, кесиптик кеңеш берүүнү жакшыртуунун зарылдыгы белгиленген. Ошондой эле, акыркы жылдарда кесипке багыт берүү проблемасына көңүл бөлүнүп, учурдагы социалдык-экономикалык шарттарга жооп берген кесипке багыт берүү ишинин теориялык жана методологиялык негизин иштеп чыгуунун зарылдыгы «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында жаштарга кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүүнүн концепциясынын» (2014-ж., 14-октябрь. №819/1) жана «Кыргыз Республикасында жаштарга кесиптик багыт берүүнүн системасын өнүктүрүүнүн концепциясынын» (28-сентябрь 2016-ж.) кабыл алынышына түрткү болду. Концепциянын максаты эмгек рыногундагы кырдаалды эске алуу менен республикада натыйжалуу кесиптик багыт берүү системасын түзүүнү, аны нормативдик, кадрдык жана методикалык жактан колдоону көздөйт. Концепцияда кесиптик багыт берүүнүн максатын, милдетин, принциптерин, багыттарын жана структурасын аныктоонун зарылдыгы белгиленген. Кесипке багыт берүүнүн бүтүндүгү башкаруунун субъектисинин иш-аракетине уюштуруучулук мүнөздү берип, анын негизги функциясы учурдагы жана перспективадагы пландаштыруу, координациялоо, көзөмөлдөө, маалыматтык камсыздоо, окуучунун кесиптик өзүн аныктоосун башкаруунун маселелери менен аныкталат. Концепцияга ылайык жалпы билим берүүчү мектептин алкагында кесиптик багыт берүү

ишинин максаты окуучуларда жеке өзгөчөлүгүнө жана эмгек рыногунун талаптарына оптималдуу жооп берген, кесиптик иш-аракеттин чөйрөсүн тандап алуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат.

**§8. Кесиптик багыт берүүдө мамлекеттик саясаттын принциптери.**

- ✓ Мамлекеттин кызыкчылыктары менен инсандын кесиптик жактан калыптанышындагы укуктарынын дал келиши;
- ✓ Жарандардын кесиптик кызыгуусун (жекелигин эске алуу менен) артыкчылык катары коюлушу;
- ✓ Жарандардын укуктук жана социалдык жактан корголушун камсыздоо;
- ✓ Жарандардын жашаган аймагынан жана иштеген жеринен көз карандысыз мамлекет тарабынан кепилдикке алынган психологиялык колдоонун жана кесиптик багыт берүүнүн уюштурулушу жана көрсөтүлүшү.

Азыркы учурда Кыргызстанда ойлонулган кадрдык саясат жүргүзүлбөйт. Коомдогу кадрларга болгон муктаждык изилденбейт, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусунда кыйынчылыктар көп.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Кесиптик багыт берүүнүн келип чыгышынын социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү?
2. Кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоо проблемасынын келип чыгышындагы психологиялык критерийдин орду?
3. Кадрларды тандоонун «америкалык модели» менен «япон моделин» салыштырыңыз?
4. Өнүккөн өлкөлөрдүн кесиптик багыт берүү иштери боюнча тажрыйбаларды өздөштүрүп алуу менен өлкөбүздөгү билим берүү системасындагы кесипке багыт берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте алабызбы?
5. Кесиптик колдоо көрсөтүү боюнча салттуу жана азыркы көз караштардын өзгөчөлүгү кандай?

**3-тема. Кесиптик багыт берүүдөгү негизги түшүнүктөр жана категориялар**

Каралуучу маселелер:

§1. Кесип таануунун түшүнүк аппараты. §2. Кесиптердин классификациясы. §3. Профессиографиянын негиздери. §4. Профессиограмманын структурасы. §5. Профессиографиянын методдору.

Негизги адабияттар:

1. Гудкова Е. В. Основы профориентации и профессионального консультирования [Текст] / Е. В. Гудкова. Под ред. Е. Л. Солдатовой. -Челябинск: ЮУрГУ, 2004. -127 с.

2. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с.

3. Пряжников Н. С. Профессиональное самоопределение: теория и практика [Текст] / Н.С.Пряжников. -Москва: Академия, 2007. -501 с.

Кошумча адабияттар:

1. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

2. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. -364 с. https://www.studmed.ru

**§1. Кесип таануунун түшүнүк аппараты.** Кесип таануудагы негизги түшүнүк – профессия (кесип). Бул термин латын тилиндеги professio «адистиктин, иштин расмий аталышы» жана profiteor «өз ишим деп жарыялайм» сөздөрүнөн алынган.

Байыркы мезгилдерде эмгек бөлүнбөгөн, ошол себептен кесиптин түрлөрү да болгон эмес. Айталы, адам жашаш үчүн үйдү өзү курган, оокатты өзү тапкан, өзүнө кийим тиккен жана жырткыч жаныбарлардан өзү коргонгон.

Кийин коомдун өнүгүшү менен адамдардын бир тобу аңчылык, бир тобу жер иштетүүчүлүк, бир тобу мал чарбачылык менен алектене баштаган, натыйжада кесиптер бөлүнүп, анын түрлөрү келип чыккан. Кесипчиликтин ар бир тармагында топтолгон билим менен тажрыйбалар муундан муунга берилип отурган. Орто кылымдардан баштап кесиптер тигил же бул социалдык катмардын ажырагыс бөлүгүнө айланган, айталы, Европада феодалдар согушкан, дыйкандар жер иштетишкен ж.б.

Коомдун, илимдин жана техниканын өнүгүшү менен адамдардын муктаждыктары да арбып отурган. Муну менен бирге эмгектин бөлүнүү процесси уланып, адамга болгон талап да жогорулаган.

Ошондой эле кесип адамдын коомдогу ээлеген ордун аныктайт. Этникалык топко же диний конфессияга таандыктыгы сыяктуу эле тигил же бул кесипке таандыктыгы адамдын негизги белгилеринин бири болуп саналат. Кесипти тандоо менен адам өзүнө жумуш гана эмес, жашоо образын, баалуулуктарды, белгилүү бир жашоо чөйрөсүн тандап алат. Ошондуктан, кесип – бул адамдын белгилүү бир категорияга таандыктыгын аныктаган социалдык мүнөздөмөсү катары таанысак болот.

Илимий адабияттарда «профессия/кесипке» берилген бир нече аныктама белгилүү. С. И. Ожеговдун сөздүгүндө «кесип - эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү» деп мүнөздөлсө, Е. А. Климов «эмгектин тигил же бул түрү менен алек болгон адамдардын тобу», ал эми К. М. Гуревич «узак мөөнөттөн бери белгилүү болгон эмгек милдеттеринин топтому» деген аныктама берет.

Кесиптин толук мазмуну камтылган төмөнкү аныктаманы көрсөтөбүз: «Кесип – бул белгилүү билим деңгээлди, атайын көндүмдөрдү талап кылган, ошону менен бирге киреше булагы болгон адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн бир түрү».

Адистик – бир кесиптин чегиндеги иштин түрү.

Квалификация – эмгектин тигил же бул түрүнө инсандын даярдык, жарамдуулук даражасы, кесиптик чеберчилик деңгээли. Квалификация эки түрдө болот: 1) формалдык квалификация – расмий бекитилген категория, класс, разряд, даража аркылуу; 2) реалдуу квалификация инсандын чеберчилик деңгээли аркылуу аныкталат. Кесип ээсинин квалификациясы билими, практикалык көндүмдөрү жана аткарып жаткан ишинин татаалдык деңгээли аркылуу аныкталат.

Профориентологияда «кызмат» түшүнүгү так аныкталган эмес. Айрым учурда кызмат дегенде «жетекчилик жумуш ордун» түшүнсөк (мисалы, кызматка турду), кээде белгиленген ишти же кесипти (мисалы, анкетадагы же резюмедеги «иштеген орду жана кызматы» графасы) түшүнөбүз. Ошондой эле ишкананын же мекеменин түзүмүндө белгилүү кызмат орунда аткара турган кызматкердин эмгек милдеттеринин топтому катары да чечмелеп жүрүшөт. Буларды жыйынтыктап келип, кызмат түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берүүгө болот: «Кызмат – адистен квалификациялык деңгээлди жана жеке сапаттарды, кызматтык нускамада көрсөтүлгөн белгилүү милдеттерди аткарууну талап кылган кызматтык орун».

Жумуш орун – эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө багытталып, мейкиндик менен чектелген, атайын жабдылган жана уюштурулган зона.

Эмгекке жарамдуулук – адамдын кандайдыр бир ишти демейки шартта аткара алуу жөндөмдүүлүгү.

Кесиптик жарамдуулук – белгилүү бир кесип, адистик боюнча иш аткаруу жөндөмдүүлүгү. Ал физикалык, психофизиологиялык жана психологиялык сапаттар аркылуу аныкталат. Белгилүү градация катары акыл жана физикалык (кара жумуш) эмгекке жарамдуулугу каралып жүрөт. Ошондой эле абсолюттук жана шарттуу кесиптик жарамдуулук деп да бөлүп жүрүшөт. Абсолюттук кесиптик жарамдуулук айрым кесиптерде гана талап кылынат. Ал кесиптин спецификасы менен байланышта, себеби мындай кесиптерде (космонавт, сыноочу учкуч ж.б.) адам мүмкүнчүлүгүнө өзгөчө талаптар коюлат.

Кесиптердин баарында эле катаал чектөөлөр жок. Мындай топтогу кесиптерди Е.А.Климов мындайча мүнөздөйт: «Адам эмгек жолун баштаганда эле кесиптик жарамдуулугу боюнча толук даяр болушу мүмкүн эмес. Ал жөндөмдүүлүк ишмердүүлүктүн натыйжасында калыптанат».

Кесиптик багыт берүү ишинде адам ишмердиктин субъектиси болуп саналат. Индивиддин эс тартышы менен эмгек ишмердигине болгон мамилеси да калыптанат. Эмгек ишмердигинин айрым түрлөрүнө болгон өзгөчөлөнгөн мамиленин калыптанышы өтө татаал процесс. Ал бир канча этаптардан туруп, жыйынтыгы кесиптик жактан өзүн-өзү таануу менен аяктайт.

Кесиптик жактан өзүн-өзү таануу – өзүнүн кызыгуусун, шыгын, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен белгилүү бир кесипти же эмгек ишмердик чөйрөсүн аң-сезимдүү тандоо.

Адам кесиптик жашоосунда өнүгөт, муну менен эмгек шарты да өзгөрөт: адамдын квалификациясынын жогорулашы менен статусу өзгөрөт, башка сөз менен айтканда, «кызмат тепкичи» боюнча көтөрүлөт же «карьера жасайт».

Карьера (итал. < carriera «өмүр жол, иш майданы») – адамдын ишмердиктин тигил же бул чөйрөсүндө кызмат боюнча алга илгерилөөсү. Батыш өлкөлөрүндө кеңири таралган түшүнүк. АКШда кесипке багыт берүү «психологиялык карьера» деп аталат. Дж.Сьюпер карьера деп адамдын өмүр бою (бала, окуучу, жумушчу, жаран, ата-эне, үй ээси ж.б.) белгилүү ырааттуулукта жана комбинациядагы аткарган ролун түшүнөт.

Бизде карьера узак убакыт коомдогу кубатталбаган көрүнүш катары сыпатталып келди. Азыркы учурда түшүнүктөр алмашып, ийгиликтүү карьера табылгалуу адамдын көрсөткүчү катары каралып калды. Ошол себептен, жаштар кесип тандоого эмес, «карьера жасоого» көбүрөөк басым жасашууда.

**§2. Кесиптердин классификациясы.** Кесипти тандоо адам өмүрүндөгү эң жоопту учур. Анткени кесип тандоо менен адам кийинки өмүр жолун аныктайт. Туура тандалган кесип жашоонун бүт чөйрөсүнө таасирин тийгизет. Ал эми туура эмес тандалган кесип адамдын жеке өзүнө гана эмес, бүтүн коомго терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Америкалык окумуштуулардын маалыматы боюнча, туура тандалган кесип кадрлардын алмашып туруусун 2-2,5 эсеге азайтып, эмгек өндүрүмдүүлүгүн 10-15%га жогорулатат. Ал эми кадрларды даярдоонун наркын 1,5-2 эсеге азайтат. Ошондуктан, адамдын кесип тандоо проблемасын чечүүдө кесипке багыт берүүнүн мааниси зор.

Азыркы учурда дүйнө жүзүндө 3 миңдей кесиптин түрлөрү белгилүү, ошол себептен изилдөөчүлөр аларды классификациялоого аракеттенип келишет.

Классификация – кубулуштарды, нерселерди окшоштуктарына, белгилүү бир касиетине ылайык топтоштуруу. Дүйнө жүзүндө миңдеген кесиптин түрлөрү бар. Мындай көп түрдүүлүк адамдын кесип тандоосунда чаташууга алып келет. Ошол себептен, кесип тандап жаткан адамга ыңгайлуулук жаратуу максатында кесиптерди классификациялашат.

Кесиптердин классификациясы – кайсы бир окшош касиетине карай кесиптерди топтоштуруу.

**Азыркы учурда кесиптердин бир нече классификациясы белгилүү:**

1. Эмгектин мүнөзүнө карай акыл жана кара күч (физикалык) эмгеги;

2. Адистен талап кылынган квалификациянын деңгээлине жараша:

а) жогорку билимди талап кылган кесиптер (инженер, врач);

б) орто кесиптик билими бар, жогорку квалификациядагы адистерди талап кылган кесиптер (оператор, бухгалтер);

в) квалификацияны талап кылбаган кесиптер (көмөкчү жумушчу, жүк ташуучу ж.б.)

3. Кесиптер чарбачылыктын тармактары боюнча да классификацияланып жүрөт: өндүрүш, курулуш, жеңил өнөр жай ж.б.

Е. А. Климовдун классификациясында кесиптин типтери толук камтылган.

Кесиптин тиби – эмгектин предмети боюнча окшош кесиптердин тобу. Кесиптин тиби адамдын кесиптик ишмердүүлүгүндө эмгектин тигил же бул предмети менен иштегендиги аркылуу аныкталат. Эмгектин предмети – адамдын эмгеги багытталган нерсе. Эмгектин предмети адам, техника, маалымат, көркөм чыгарма же табият боло алат.

Эмгектин предметине ылайык кесипти беш типке ажыратышат:

1. «Адам - Адам» тиби. Мында эмгектин предмети – адам. Эмгек ишмердүүлүгүндө адамдар башка адамдар менен тыгыз карым-катышта болот.

2. «Адам - Техника» тиби. Буга техникалык курулуштарды жана каражаттарды куруу, чогултуу, ремонттон өткөрүү, эксплуатациялоо менен байланышкан кесиптер кирет.

3. «Адам – Белгилик система» тиби. Бул типке маалымат менен байланышкан (текст, сан, формула жана таблица, карта, схема) кесиптер кирет.

4. «Адам – Көркөм образ» тибине көркөм чыгармаларды жаратуу, долборлоо, моделдештирүү менен байланышкан кесиптер кирет.

5. «Адам - Табият» тибине жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү менен байланышкан кесиптер кирет.

**Кесиптин класстары.** Кесиптин типтерин кесиптин класстары (эмгектин максатына ылайык) толуктап турат. Ар бир типтин чегинде эмгектин максатына карай «Эмне кылуу керек?» деген суроо менен аныкталуучу кесиптин класстарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Гностикалык кесиптер төмөнкү максаттарды ишке ашырат: таануу, айырмалоо, баалоо, текшерүү. «Адам - Табият» тиби: чайдын дегустатору. «Адам - Адам» тиби: тергөөчү, санитардык врач. «Адам – Белгилик система» тиби: басмаканадагы корректор, бухгалтер-ревизор. «Адам – Көркөм образ» тиби: искусствотаануучу, кино сынчы ж.б.

2. Кайта өзгөртүүчү кесиптер: кайта өзгөртүү, кайта куруу, уюштуруу, иштеп чыгуу. «Адам - Табият» тиби: мал чарбачы. «Адам - Техника» тиби: механик, ширетүүчү. «Адам – Белгилик система» тиби: учкуч, басмакананын редактору, бухгалтер. «Адам - Адам» тиби: мекеменин жетекчиси, педагог-тренер. «Адам – Көркөм образ» тиби: архитектор, декоратор, сүрөтчү (мисалы, фарфордун сүрөтчүсү).

3. Изденүүчү кесиптер: буга чейинки белгисиз, жаңы нерсени издөө, жаңы нерсени өндүрүү. «Адам - Табият» тиби: биолог-изилдөөчү. «Адам - Техника» тиби: конструктор, модельер. «Адам - Адам» тиби: тарбиячы, өндүрүштү уюштуруучу. «Адам – Белгилик система» тиби: программист. «Адам – Көркөм образ» тиби: композитор, интерьер боюнча дизайнер.

Кесиптерди типтерге жана класстарга ажыратуу шарттуу мүнөзгө ээ. Себеби, кайсы гана кесипти албайлы, аны тигил же бул кесиптин тибине кирет деп так айтуу кыйын. Айталы, юристтер көбүнчө адамдар менен иштейт, ошол себептен «Адам - Адам» тибине киргизүүгө болот. Бирок юристтер адамдар менен гана эмес, тексттик маалыматтар (документтер, мыйзамдар) менен да иштешет. Ошондуктан, юристтерге «Адам – Белгилик система» тибиндеги кесиптерге мүнөздүү өзгөчөлүктөр да таандык.

Кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн билүү өз кесибин аң-сезимдүү тандоого, ошондой эле инсандын эмгектин субъектиси катары калыптанышына чоң түрткү берет. Ошентип, кесипке багыт берүү иштеринин алкагына педагогика менен психологиянын чегинен сырткары, адамдын кесипти тандоосуна жана кесиптик өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүчү кесиптик диагностика жана кесиптик консультациялар да кирет.

**§3. Профессиографиянын негиздери.** Профессиография Россияда өткөн кылымдын 20-жж. түрдүү ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө муктаждыгынан улам келип чыккан. Изилдөөчүлөрдүн алдында «тигил же бул кесип адистен/жумушчудан эмнени талап кылат?» деген суроо жаралган. Изилдөөлөр эки багытта жүргүзүлгөн: 1) Б. Г. Ананьев, Н. А. Бернштейн сыяктуу окумуштуулар түрдүү кесиптерге психофизиологиялык талдоо жүргүзүшкөн; 2) С. Г. Геллерштейн, А. Ф. Лазурский сыяктуу изилдөөчүлөр кесиптердин психологиялык классификациясын иштеп чыгышкан.

**Илимий адабияттарда профессиографияга бир нече аныктама берилип жүрөт:**

- ✓ кесиптер дүйнөсүн изилдеген эмгек психологиясынын бөлүмү;
- ✓ кесиптин адамдын жеке сапаттарына, психологиялык жөндөмдүүлүгүнө, психологиялык-физикалык мүмкүнчүлүгүнө койгон талаптарын изилдөөнүн технологиясы.

Профессиографиянын жыйынтыгын чагылдырган документ профессиограмма деп аталып, ал психограмманын негизинде түзүлөт. Психограмма – конкреттүү кесиптик ишмердиктин психологиялык негизин сыпаттоо. Адистин/жумушчунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн профессиограмманын талаптары менен салыштыруу анын белгилүү эмгектин түрүнө кесиптик жарамдуулугун аныктоого жардам берет.

Кесиптер жөнүндөгү билимдерди толуктоого профессиограмма жардам берет. Профессиограмма – бул белгилүү бир кесиптин өзгөчөлүктөрүн сыпаттап, кесиптик эмгектин мазмунун, анын адамга койгон талаптарын мүнөздөйт жана ачыктайт.

Профессиограмма төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: кесиптин паспорту, кесиптин милдети, кесиптик ишмердүүлүктүн тармагы, эмгек процессинин мүнөздөмөсү, кесиптик ишмердүүлүктүн негизги параметрлери, эмгектин санитардык-гигиеналык шарттары, квалификациясы, билим деңгээлине коюлган талап, кесиптик компетенттүүлүк, адистин инсандык (психологиялык) өзгөчөлүгү, кесиптик даярдыгы, психограмма.

Профессиограмма мазмунуна жана түзүлүшүнө карай комплекстик, аналитикалык, психологиялык жана инсанга багытталган профессиограмма болуп төрт түргө бөлүнөт:

1. Комплекстик профессиограмма социалдык, техникалык, экологиялык, медициналык мүнөздөмөсүн сыпаттоого негизделет. Мында эмгектин предмети, ыкмалары жана каражаттары, өндүрүш процессинин жыйынтыктары, адиске коюлган квалификациялык талаптар, эмгек шарты көрсөтүлөт.

2. Аналитикалык профессиограмма эмгек процессинин курамдык компоненттеринин мүнөздөмөсүн, адистин кесиптик негизги сапаттарын жана эмгек ишмердигинин психологиялык структурасынын көрсөткүчтөрүн ачыктайт.

3. Психологияга багытталган профессиограмма бири-бири менен тыгыз карым-катыштагы эки компоненттен турат:

- эмгек шарттарын жана сырткы мүнөздөмөсүн сыпаттоо, эмгек жүрүм-турумун иреттөө; эмгектин ички мүнөздөмөсүн сыпаттоо: адистин эмгек процессинде келип чыккан түрдүү кырдаалдарга реакциясы;

- адистин кесиптик жактан маанилүү деп эсептелген сапаттары: мүнөзүнүн өзгөчөлүгү, темпераменти, жөндөмдүүлүгү, теориялык билими, практикалык тажрыйбасы, интеллектуалдык жана эмоционалдык ой жүгүртүүсүндөгү өзгөчөлүктөр, эс тутуму ж.б.

4. Инсанга багытталган профессиограмма адистин жеке сапаттары менен байланышкан кесиптик милдеттерге негизделет.

**§4. Профессиограмманын түзүмү**

1. Кесип жөнүндө жалпы маалымат; өндүрүштүн өнүгүшү менен келип чыккан өзгөрүүлөр, кесиптин өнүгүү перспективасы.

2. Эмгек процессинин мүнөздөмөсү, ишмердиктин чөйрөсү жана эмгектин тиби, эмгек куралы, негизги өндүрүштүк операциялар жана кесиптик милдеттер, жумуш орду.

3. Эмгектин санитардык-гигиеналык шарттары. Иш имараттын ичинде же ачык абада жүргүзүлөбү; иштөө тартиби жана тыныгуу; өндүрүш учурунда алынган жаракаттар; медициналык көрсөткүчтөр; жеңилдиктер жана компенсациялар.

4. Кесиптин адиске койгон психофизиологиялык талаптары: адамдын кабыл алуу өзгөчөлүгүнө, ой жүгүртүүсүнө, эс тутумуна, эмоционалдык-эрктик сапаттарына, ишкердик сапаттарына коюлган талаптар.

5. Кесиптик билимдери жана тажрыйбалары. Керектүү билимдердин, көндүмдөрдүн жана тажрыйбалардын тизмеси.

6. Адистердин даярдык жана квалификациясын жогорулатуу деңгээлине коюлган талаптар.

**§4. Профессиографиянын методдору.** Адамдын кесиптик ишмердүүлүгү бир топ жыл илгери кандай, азыркы учурда кандай деп салыштырып көрсөк, эмгектин көп түрлөрү структурасын өзгөрттү, натыйжада жаңы адистиктер пайда болду. Кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөрүшүнүн негизги факторунун бири – эмгек процессин жакшыртууга алып келген техникалык каражаттарды ишке киргизүү болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу кесиптик милдеттер өзгөрүүгө учурады, эмгек куралдары модификацияланды, өндүрүштүн технологиялык режими, эмгек шарты, эмгек акынын төлөнүшү өзгөрдү.

Е.М.Иванов кесиптик ишмердүүлүктү изилдөөнүн бир нече методдорунун көрсөтөт. Төмөндө алардын негизгилерине токтолобуз:

| **Профессиографиянын методдору** | |
|---|---|
| **Методдун түрү** | **Методдун мүнөздөмөсү** |
| Документтерди изилдөө методу | Эмгек процесси, жумушчулардын курамы, алардын кесиптик даярдыгы жана ден-соолугунун абалы жөнүндөгү маалыматтарды изилдейт. |
| Байкоо методу | Адистин/жумушчунун эмгек жүрүм-турумун жана анын ишмердүүлүгүн уюштурууну изилдөө методу. Бул метод кесиптик ишмердүүлүктүн жүрүшүнүн мүнөзүн аныктоого жардам берет. |
| Биографиялык метод | Адамдын кесиптик карьерасын жана анын ийгиликтерин изилдейт. Инсандын кесипкөйлүгүнүн калыптануу шарттарын аныктоого жардам берет. |

| | |
|---|---|
| Сурамжылоо методу | Атайын даярдалган сурамжылоо формасынын негизинде интервью алуу. Эмгек шарттары жана анын уюштурулушуна жумушчулардын берген баасын, эмгекти жакшыртуу боюнча сунуштарды аныктоого жардам берет. |
| Эксперимент методу | Божомолдоолорду текшерүү максатында реалдуу өндүрүштүк шартта жүргүзүлөт. |

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. «Кесип», «адистик» жана «квалификация» түшүнүктөрүн салыштыргыла?
2. Профориентологиядагы белгилүү болгон кесиптердин классификациясы?
3. Е. А. Климов классификациясында кесиптин канча тибин көрсөтөт?
4. Кесиптик жарамдуулук эмгекке жарамдуулук менен кандайча байланышкан?
5. Кесиптик ишмердүүлүктү изилдөөнүн методдору?
6. «Кыргыз тили жана адабияты мугалими» жана «укуктаануучу» кесиптеринин профессиограммасын түзгүлө?

### 4-тема. Жалпы билим берүү мекемелеринде кесипке багыт берүү иштерин уюштуруу

Каралуучу маселелер:

§1. Билим берүү тармагындагы кесипке багыт берүү концепциялары §2. Мектепте кесипке багыт берүүнүн максат, милдеттери §3. Мектепте кесипке багыт берүү ишин уюштуруу §4. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары. §5. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчиликтин ролу

Негизги адабияттар:


1. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы//Түзүүчүлөр: Жумабаева Г. А., Алымбаева Б. Б., Акматов К. К. – Б., 2020. http://kao.kg
2. Мамытов А. Модернизация системы образования Кыргызской Республики[Текст] / А. Мамытов. Бишкек, 2014. 296 с.
3. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: - түзүүчү М.Иманкулова, Л.Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75б.
4. Овсянникова С.К. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 с.


Кошумча адабияттар:


1. Сманбаев Ө.А. Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери. (атайын курстун программасы).[Текст] /+.А .Сманбаев//—Бишкек, 2007.- 17с.

2. Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся: Учебник для академического бакалавриата [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. -Москва: Юрайт, 2014. -312 с


**§1. Билим берүү тармагындагы кесиптик багыт берүү концепциялары.** 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана окуучу жаштарды тарбиялоонун концепциясы» (2014-ж., 22-июль. № 545/1) кабыл алынган. Концепцияда мектеп

окуучуларына кесиптик багыт берүү тарбия ишинин маанилүү багыты катары каралып, кесиптик маалымат берүү, кесиптик агартуу, кесиптик кеңеш берүүнү жакшыртуунун зарылдыгы белгиленген. Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасында кесиптик багыт берүү проблемасына көңүл бөлүнүп, «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында жаштарга кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүүнүн концепциясы» (2014-ж., 14-октябрь. № 819/1) жана «Кыргыз Республикасында жаштарга кесиптик багыт берүүнүн системасын өнүктүрүүнүн концепциясы» (2016-ж., 28-сентябрь.) да кабыл алынды. Концепциянын максаты эмгек рыногундагы ситуацияны эске алуу менен республикада натыйжалуу кесиптик багыт берүү системасын түзүүнү, аны нормативдик, кадрдык жана методикалык жактан колдоону көздөйт. Концепцияда кесиптик багыт берүүнүн максатын, милдетин, принциптерин, багыттарын жана структурасын аныктоонун зарылдыгы белгиленген. Концепцияга ылайык, жалпы билим берүүчү мектептин алкагында кесипке багыт берүү ишинин максаты окуучуларды жеке өзгөчөлүгүнө жана эмгек рыногунун талаптарына оптималдуу жооп берген, кесиптик иш-аракеттин чөйрөсүн тандап алуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Ошондуктан кесиптик багыт берүү окуучунун инсандык кызыкчылыктарынын, билим берүү системасынын, иш берүүчүнүн жана мамлекеттик кызыкчыларынын алдын алууга мүмкүндүк берет. Бул процессте социалдык бир нече инстутуттар катышат: мектеп, жогорку жана кесиптик орто окуу жайлары, бийлик органдары, жалпыга маалымат каражаттары. Ошентсе да окуучуларга кесиптик багыт берүүчүлөрдүн негизгиси мектеп болуп эсептелет, себеби мектеп окуучуну тарбиялоо, анын инсан катары калыптануусу, кесипке багыт берүү иштери толук камтыйт.

**§2. Мектепте кесиптик багыт берүүнүн максат, милдеттери.** Мектепте кесипти тандоого багыт берүү окуучуларды ар түрдүү кесип менен тааныштырган, өздөрүнүн шыгы менен күчтөрүнө багыт алууга, ушунун негизинде өзүн тиешелүү кесипти, ал эми коом үчүн болсо керектүү кесипти тандап алууга жардам берген иш-аракеттерди айтабыз. Мектепте кесиптик багыт берүү иши боюнча окумуштуу А.Э.Измайлов «кесиптик маалымат» жана «кесиптик кеңеш» деген структуралык эки элементин белгилеп, алардын аныктамасын берген. Окумуштуу мектеп окуучусу кесип тандоодо бир катар каталыктарды кетире тургандыгын далилдеп, кесиптик маалымат менен кесиптик кеңештин маанисин ачып көрсөткөн. Кесиптик маалымат берүү — окуучуларды биздин коомдогу эмгектин ар кандай түрлөрү, кесиптин шарттары жана өзгөчөлүктөрү менен тааныштырууну, аларды акыл жана күч эмгегин, ар түрдүү кесипти сүйүү жана урматтоо сезимин тарбиялоону көздөйт. Кесиптик кеңеш берүү — педагогикалык, психологиялык байкоонун негизинде окуучунун шыгына, күчүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кесипти тандап алуулары жөнүндө кеңеш берүүгө багытталат. Окуучуну кесип тандап алууга даярдоодо анын педагогикалык жана психологиялык маселелерине, атап айтканда, окуучунун кесипке болгон жөндөмүн, шыгын, ынтаасын эске алып, кызыгуусун, аны тандоонун мамиле мотивин калыптандырууга өзгөчө көңүл бөлүү жакшы натыйжа берет. Бул жагдай окуучунун аң-сезимдүү кесип тандап алуусун камсыз кылат. Мына ушул маселеге байланыштуу мектептеги окуу тарбия ишинин (сабактардын жана класстан тышкаркы иштердин) уюштурууда кесиптик багыт берүүдө "кесиптик маалыматты" жана "кесипти кеңешти" мектеп администрациясы жана класс жетекчи, психолог тарабына туура жүргүшүлүшү зарыл.

**Мектепте кесипке багыт берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:**

- ✓ окуучуларга кесипке багыт берүү боюнча иштерди администрация, класс жетекчи, психолог жана мектептин башка кызматтерлеринин ортосунда бөлүштүрүү:
- ✓ окуучунун кесипкөйлүк кызыкчылыктары изилдеп көрүү үчүн усул-ыкма тандап алуу;
- ✓ алынган натыйжаларды эсепке алуу системасын иштеп чыгуу.

Мектепте кесипке багыт берүү максаты: окуучуларга келечектеги кесиптик тандоо процессинде колдоо көрсөтүү; окуучулардын өз мүмкүнчүлүгүнө, шыгына ылайык жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен ишмердик тармагын эркин тандоо шартында кесиптик өзүн-өзү аныктоо.

**Милдеттери:**

- ✓ окуучулардын кесиптик ишмердикке туруктуу кызыкчылыгын калыптандыруу;
- ✓ окуучулардын ийкемдүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- ✓ окуучулардын өзүн-өзү таануугa жагдай түзүү;
- ✓ окуучулардын шыгы, жөндөмү жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалыматтарды алуу;
- ✓ кесип тандоодо кыйынчылыкка дуушар болгон окуучуларга кошумча колдоо көрсөтүү.

**§3. Мектепте кесипке багыт берүү ишин уюштуруу.** Мектепте кесипке багыт берүү иштерине жоопту болуу милдети салттуу түрдө мектеп директору, мектеп директорунун тарбия боюнча орун басары, класс жетекчи, предметтик мугалим, мектеп психологу, китепканачыга жүктөлөт.

**Мектеп директору** педагогикалык колективдин иш пландарын, анын ичинен кесипке багыт берүү иштерин көзөмөлдөп, Кесиптик окуу жайлар, ЖОЖдор, ишкерлер менен кызматташтык байланышын түзөт, кесипке багыт берүү иштерин уюштурууга шарт түзөт. Тарбиялык иштердин, анын ичинде класстан тышкаркы иштердин иш планын бекитет.

**Мектептин директору тарбия иштери боюнча орун басары** массалык маданий иш-чараларды уюштурат. Ата-энелер, коомчулук, тарбия берүүдөгү түрдүү уюмдар менен тыгыз иштешет. Класс жетекчилердин тарбиялык иштерин, анын ичинде кесипке багыт берүү иштеринин планын көзөмөлдөйт. Ал планга ылайык класс жетекчилерге класстык сааттары иштеп чыгуу, класстан тышкаркы иштерди даярдоо, ата-энелер чогулушун өткөрүү ж.б. боюнча усулдук жардам уюштурулат.

**Предметтик мугалим.** Предметтик сабактарда окуучулар азыркы кездеги Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшү, эл чарбасынын тармактары, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктеринин практикада колдонулушу, кесип тандоо менен байланышкан маселелер боюнча түшүнүктөрдү алышат. Ошондуктан кесип тандоого багыт берүүдө предметтик мугалимдин да ролу чоң. Предметтик мугалим окуткан предмети аркылуу окуучулардын көңүлүн кесиптердин өзгөчөлүгүн чагылдырган профессиограммаларга буруп, кесип ээлери кандай теориялык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу керектигин түшүндүрүү зарыл. Өзүнүн предметине окуучунун кызыгуусун ойготот, окуу процессиндеги жөндөмүн байкайт, өзүн алып жүрүүгө, жоопкерчиликтүү мамиле кылууга, эмгекке, окууга үйрөтөт. Предмет аркылуу кесиптер боюнча маалымат берет.

**Мектеп психологу** окуучулар, класс жетекчи, ата-энелер менен тыгыз иштешет. Өзгөчө социалдык абалы оор шартта тарбияланган окуучулар жана ата-энелер менен иш алып барат. Окуучулардын курак өзгөчөлүгү боюнча класстан-класска которулууда адаптацияланышына жардам берет. Класс жетекчи менен бирге окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу ишмердигинин өнүгүшү боюнча психологиялык жактан жардам көрсөтүү программмасын иштеп чыгат. Окуучуларга кесип тандоодо инсандык сапаттардын калыптанышы боюнча түрдүү иш-чараларды уюштурат. Бирден, топ менен маек өткөрөт, тесттерди алат, анализдейт.

**Китепканачы.** Мектеп китепканысы менен башка балдар китепкаларынын ортосунда байланышты күчөтөт. Кесип тандоо боюнча китептердин топтомун системага салат, окуучуларды кесиптер боюнча көркөм жана илимий-популярдуу адабияттар менен

тааныштырат, кесипке багыт берүү бурчун түзөт. Окуучуларга кесип тандоого жардам берүү максатында окурман-конференция, диспут ж.б. иш чараларды уюштурат.

**§4. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары.** Окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосунда жетектөөчү роль класс жетекчиге таандык. Себеби класс жетекчи окуучулардын шыгын иликтеп, акыл-эс эмгекке болгон мамилесин аныктайт, жөндөмү менен кызыкчылыктарын эске алат, кесиптик түрдүү иш-чараларга катышуусун камсыздайт.

Класс жетекчи - бул класста жүргүзүлүүчү тарбия иштеринин негизги уюштуруучусу, окуучулардын биринчи тарбиячысы жана нускоочусу болуп саналат. Ал тажрыйбалуу жана абройлуу мугалимдердин ичинен мектеп директору тарабынан дайындалат.

Класс жетекчинин негизги функциясы - окуучуларды тарбиялоо болуп саналат. Тарбиялоо менен кесипке багыт берүүнү бөлүп кароого болбойт. Тарбиялоо аркылуу кесипке багыт берүүнү ишке ашыра алабыз. Ошондуктан класс жетекчинин тарбиялоодогу иш планы, класс менен иштөөдөгү кадамдары менен таанышабыз.

Класс жетекчи өз ишин класс жетекчинин негизги функциялары менен милдеттери ачык көрсөтүлгөн «Класс жетекчи жөнүндөгү» Жобо жана «Жалпы билим берүүчү орто мектептердин Уставынын» негизинде алып барат.

Класс жетекчи жүргүзгөн тарбия иштеринин негизги мазмуну окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келүүсү керек. Алсак, жогорку класстардын окуучуларынын кызыкчылыгын ар түрдүү адистикке багыттоодо да көптөгөн өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл.

Класс жетекчи кандай гана шартта иштебесин, кайсы гана классты жетектебесин, анын көңүлү мектеп окуучусунун инсандыгынын ар тараптан өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзүүгө багытталууга тийиш. Анын бардык иш аракети тарбиянын ушул негизги максатын толуктоосу керек.

Класс жетекчинин иштеринин негизги багыттары:

1. Окуучуларды жакындан билүү

2. Бирдиктүү класстык коллективин уюштуруу жана тарбиялоо.

3. Окуучулардын билиминин сапатын жогорулатуу жана тартибин чыңдоо.

4. Сабактан (класстан) тышкаркы тарбия иштерин уюштуруу жана өткөрүү.

5. Ата-энелери менен иштөөнү уюштуруу

Класс жетекчи класстагы бардык окуучуларга карата бирдиктүү тарбиялык милдетти коёт жана иш жүзүнө ашырат.

Класс жетекчи класска мүнөздөмө түзүү боюнча актуалдуу болгон окуу-тарбиялык милдеттерге төп келүүчү форманы тандап ала алат. Класска мүнөздөмө түзүү класстагы өз ара мамилелердин оң динамикасын иликтөө ыңгайлуулугу, микроклиматты, жетишүүнү, тартипти жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Класстын мүнөздөмөсү төмөндөгү бөлүктөрдү камтышы мүмкүн:

1.Балдар жамаатынын калыптанышы.

2.Окуучулардын психофизиологиялык саламаттыгын анализдөө .

3. Окуучулардын кызыгууларына мүнөздөмө.

4.Окуучулардын интеллектуалдык билгичтиктерине мүнөздөмө.

5. Класс жамаатынын калыптангандыгына мүнөздөмө

6. Окуучулардын адептик сапаттарына, балдар жамаатынын эмоционалдык абалына мүнөздөмө .

**§5. Кесипке багыт берүүдө класс жетекчиликтин ролу.** Класс жетекчи тарбиялык иштерди уюштуруу менен бирге кесипке багыт берүүнү да уюштурат. Класс жетекчи кесипке багыт берүү боюнча тарбиялык сааттын планына жана класстан тышкаркы иштердин планына темаларды кошумча киргизе алат.

**Класс жетекчи окуучуларга кесипке багыт берүүдө төмөнкү кадамдарды ишке ашырат:**

- ✓ кесип тууралуу маалымат берүү, багыттоо;
- ✓ окуучулардын өзүн-өзү таанууга, ийкемдүү көндүмдөрүн калыптандыруу;
- ✓ окуучулардын кесипке болгон кызыгуусун жана жөндөмүн өнүктүрүү;
- ✓ окуучуларга кесип тандоо укугун өзүнө калтыруу.

Демек, окуучуларга кесипке багыт берүүдө класс жетекчинин орду, анын ишмердүүлүгүндөгү окуучуга таасир этүүчү факторлордун бир катары – педагогдун кесипкөйлүк, психологиялык компетенттүүлүгүн белгилөөгө болот.

Класс жетекчи кесипке багыт берүү боюнча класстык сааттарды, класстан тышкаркы иш чараларды уюштурат. Класстык сааттарда окуучулардын ата-энелери, түрдүү кесип ээлери менен жолугушууларды уюштурат, окуучулардын кесип тандоо маселеси боюнча ата-энелер менен консультацияларды өткөрөт, окуучулар үчүн ишканаларга, мекемелерге, окуу жайларына болгон экскурсияларды өткөрүүгө ата-энелерди тартат.

Класс жетекчи мектеп психологу менен биргеликте окуучулардын кайсы бир кесипке жөндөмүн аныктоо максатында диагноз жүргүзүшөт, окуучулар менен кесиптик багыттарды тандоосу боюнча маек уюштурат, окуучулар үчүн топтук, жеке консультацияларды, сынактарды, интеллектуалдык оюндарды, көргөзмөлөрдү ж.б. өткөрөт.

**Кесипке багыт берүүдө класс жетекчи колдоно турган ыкмалар:**

Маалымат берүүчү; кесиптер тууралуу кыскача мүнөздөмө, маалымдама адабияттар, кесиптик рекламалар, таанып билүүчүлүк жана агартуучулук лекциялар, кесипке багыт берүүчү сабактар, кесиптин түрлөрү жарманкелерине катышуу.

Кесиптик психодиагностикалык ыкмалар; жабык типтеги жана ачык интервьюлар, кесиптик мотивациялык сурамжылоолор, жеке инсандык сурамжылоолор, жеке долбоордук тесттер, байкоолор.

Моралдык-эмоционалдык колдонуу ыкмалары; негизги кадамдарын чынжырын түзүү, максатка жетүү үчүн окуучулардын түрдүү варианттарын, системасын түзүү, альтернативдик тандоонун түрдүү схемаларын пайдалануу.

Класс жетекчи окуучуларды өздөрүнүн өздүк каалоолорун, кызыгууларын жана шыктуулуктарын билүүгө, өзүн анализдөөгө, өзүн-өзү баалоого, өз мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга, өз алдынча тандоого, кесиптердин келечеги боюнча анализ жүргүзүүгө, окуу жайлардын вариантгарына таянууга үйрөтүү керек.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Билим берүү концепцияларында кесипке багыт берүү боюнча эмнелер камтылган?
2. Мектепте кесипке багыт берүүнүн максаты жана милдеттери кайсылар?
3. Мектеп директору, директордун тарбия иштери боюнча орун басарынын кесипке багыт берүүдө кайсы иш пландар менен иш алып барат?
4. Психолог менен класс жетекчи кайсы учурда бирге иш алып барат?
5. Класс жетекчинин негизги функциясы кайсы?
6. Класс жетекчи кесипке багыт берүүдөгү багыттары кайсылар?

**5-тема. Мектеп программасында кесипке багыт берүү маселелери**

**Каралуучу маселелер:**

§1. Жалпы билим берүүчү мектептерде жетекке алынуучу программалар. §2. Окуу программасынын структурасы §3. Тарбиялык иштердин программасы. §4. Кесипке багыт берүү мазмунун тарбиялык иштердин программасында берилиши §5. Кесип тандоого тарбиялоодогу милдеттер

Негизги адабияттар:

1. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-11-класстары үчүн тарбия иштеринин программасы (Программа воспитательной работы для 1-11 классов общеобразовательных школ) //Сост.: Жумабаева Г. А., Алимбаева Б. Б., Акматов К. К. – Б., 2020. http://kao.kg

2. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери / Теоретические и практические вопросы технологии индивидуально-ориентированного обучения [Текст] / И. Б. Бекбоев. – Бишкек, 2011. – 384 с.

3. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо /Организация профориентации школьников/ методическое пособие для руководителей 9-11 классов: – Иманкулова М., Огонбаева Л., Огонбаева А. Ниязова. – Б.: 2020. 75 с.

4. Овсянникова С.К. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. – Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. Гос. ун-та, 2013. - 362 с.

Кошумча адабияттар:

1. Сманбаев Ө.А. Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери. (атайын курстун программасы).[Текст] /+.А .Сманбаев//—Бишкек, 2007.- 17с.

2. Раимкулова А.С. Акиева Г.С., Асипова Н.А., Сатыбекова Т.С. Жогорку мектептин педагогикасы. – Б., 2017

3. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

**§1. Жалпы билим берүүчү мектептерде жетекке алынуучу программалар.** Педагогикада «окутуу» жана "тарбия" деген түшүнүктүн өзүн тактап, аңдап-түшүнүү маанилүү. Бул эки түшүнүк бири-бири менен ажырагыс, тыгыз байланыштагы түшүнүктөр. Жалпы педагогика илиминде окутуу - бул курчап турган дүйнөдөгү кубулуш-көрүнүштөрдү, алардын мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, ар кандай ишмердүүлүктүн өнүгүү тарыхын жана ык-жолдорун мугалим менен окуучунун биргелешкен иш-аракеттеринин натыйжасында таанып-билүүнүн башкарылган максаттуу формасы. Окутууну ишке ашыруу үчүн негизги документ бул - окуу программасы.

Окуу программасы - окуу предмети боюнча берилүүчү билим, билгичтик жана машыккандыктардын мазмунун, өтүлүүчү темалардын ырааттуулугун, аларды окуп-үйрөтүүгө бөлүнгөн саатын жалпы санын көрсөтүү менен таанып-билүүчүлүк негизги идеяларды окутуунун логикасын ачып берүүчү нормативдик документ. Азыркы педагогика илими окуу программаларынын үч түрүн белгилеп, аларды пайдаланууну максатка ылайык деп табат. Алар:

1. Окуу программасы. Билим берүү системасынын тигил же бул тармагына тиешелүү болгон билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарынын негизинде иштелип чыгат. Программаны түзүүгө илимдин ар түрдүү тармактарынын өкүлдөрү (педагог, методист, практик мугалим ж.б.) катышып, предмет боюнча билим берүүнүн учур талабына шайкеш, илимий жетишкендиктер камтылат.

2. Типтүү окуу программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан бекитилип, пайдаланууга сунуш кылынат. Бул программанын негизги өзгөчөлүгү, анда аймактык билим берүүнүн деңгээли, окуу процессинин окуу методикалык, информациялык, техникалык жабдыктар менен камсыз болушу, окуучулардын ишмердүүлүк мүмкүнчүлүктөрү, жалпы эле аймактык-региондук өзгөчөлүктөр эсепке алынгандыгында.

3. Автордун окуу программасы. Ал жогорку программаларга таянуу менен жана жеке мугалимдин (автордун) окуу предметин, андагы материалдарды берүүнүн мазмунун башкача түзүлүштө, жекече жасаган мамилесин чагылдырат. Мындай программаларды колдонуу үчүн атайын адис окумуштуулардын пикири, рецензиясы талап кылынат.

Мектепте окутуунун мазмуну окуу программасы тарабынан аныкталат. Мектеп программасы билим берүү министирлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик документ, анын көрсөтмөлөрү мектеп администрациясы жана предметтик мугалимдери үчүн милдеттүү.

**§2. Окуу программасынын структурасы.** Предметтер боюнча окуу программа - окуу, үйрөнүү үчүн сунуш кылынган материалдардын атайын системада белгилүүдөн белгисизди көздөй, жөнөкөйдөн татаалды көздөй иреттүү жайгашышы.

**Окуу программасынын материалдары төмөнкүдөй критерийлердин негизинде жайгаштырылат:**

1. Окуучуга билим, тарбия, өнүгүү бере турган материалдар өз ара байланышта берилет.

2. Программага сунуш кылынган материалдардын эң керектүүсү, эң маанилүүсү бөлүнүп көрсөтүлөт.

3. Берилген материалдар окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине ылайык болушу шарт.

4. Ата Мекендик, дүйнөлүк тажрыйбаларга негизделет.

**Окуу программаларынын түзүлүшү негизги үч элементтен турат.**

1. Окуу предметинин негизги максат-милдетин, анын билим жана таалим-тарбия берүүчү мүмүкүнчүлүгүн, алдыңкы илимий идеяларды чагылдырылган түшүнүк кат берилет.

2. Программанын мазмунун башкача айтканда тематикалык план, темалардын мазмуну жана аларды окутуунун максаты, сабактын мүмкүн болгон түрлөрү, билгичтикти, машыккандыкты өркүндөтүүнүн ык-жолдору сунушталат.

3. Окуучулардын билим-билгичтигин жана машыккандыктарын баалоонун критерийи, жолдорун көрсөткөн методикалык көрсөтмөлөр камтылат.

Окуу процесси окуу программасына таянып ишке ашса, тарбия берүү тарбиялык иштер боюнча түзүлгөн программанын негизинде ишке ашырылат.

**§3. Тарбиялык иштердин программасы.** Жалпы билим берүүчү мектептерде тарбия берүү кандай жолдор менен ишке ашарын карап чыгардан алдында “тарбия” түшүнүгүнө токтололу. Тарбия – коомдун эң зарыл функциясы, анын түбөлүк категориясы катары каралат. Тарбия – жаш муундарда коомдук, өндүрүштүк жана маданий турмушка даярдоо максатында жашоонун белгилүү деңгээлдеги билимин, башкача айтканда балдарды бардык жактан (адеп, дене, акыл-эс) максатка ылайыктуу багытта калыптандыруучу процесс.

Тарбия берүү процесси да мектепте программага таянып аткарылат. Предметтер боюнча окуу программасындай эле тарбиялык иштердин программасы түзүлгөн.

Программада окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары менен класс жетекчинин аткара турган иштеринин пландары толук камтылат. Мектепте 1-класстан 11-класска чейин жылына 34 саат көлөмүндө тарбиялык иштер пландаштырылат.

2021-2022-окуу жылына карата "Тарбиялык иштеринин программасы" Г.А.Жумабекова, Б.Б.Алымбаева, К.К.Акматов тарабынан иштелип чыккан. Программа "Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясынын" негизинде түзүлгөн. Программада негизинен окуучулардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык үч топко бөлүштүрүлүп каралган:

1. Таалим-тарбия алууга үйрөтүү (1-4-класс)
2. Инсанды өнүктүрүү (5-8-класс);
3. Өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн жөнгө салуу (9-11- класс)

Тарбиялык иштеринин программасында программанын максаты, милдеттери жана принциптери берилген. Программанын максаттары: окуучуга жашоодо керек болгон коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу; окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын, туура ынанымын калыптандыруу; окуучуларды коллективизмге тарбиялоо, жеке ишти жамааттык иш менен айкалыштырууга үйрөтүү; мектепте тарбиялык иштерге бирдиктүү талап коюу, системалуулукту камсыз кылуу, ар бир окуучуга педагогикалык көмөк көрсөтүү, окуучулардын адептик-рухий сапаттарын калыптандыруу, алардын физикалык, психикалык, рухий соолугуна камкордук көрүү.

**Милдеттери:**

- улуттук, адамзаттык баалуулуктарды үйрөнүүгө, өзү курчаган дүйнөгө (адамга, коомго, табигатка) адамгерчиликтүү мамиле кылууга камкордук көрүү;
- жарандык, атуулдук, адептик аң-сезимдин калыптанышына, Ата Мекендин тагдырына жоопкерчиликке, активдүү турмуштук позицияга ээ болууга, жашоонун сергек мүнөзүнө үйрөнүүгө шарт түзүү;
- окуучуларга нормалдуу психологиялык климат камсыз кылуу;
- ар бир окуучунун жогорку максатка татыктуу экендигин ынандыруу;
- жашоонун оң, терс жолдору (ыйман, напси) жөнүндө кеңири түшүнүк берүү;
- окуучулардын ички экологиясына көңүл бөлүү;
- интеллектуалдык, эмоционалдык, физикалык оптималдуу жүктөмдү, режимди тандоо, окуучулардын кыйынчылыгына жана ийгилигине жараша ийкемдүү иш-аракетти уюштуруу.

**Принциптери:**

а) гуманисттик тарбиянын принциптери:

б) инсанга багытталган тарбиянын принциптери:

в) табигатка ылайыкташуу принциби:

г) ишмердүүлүк мамиле кылуу принциби:

д) бирдиктүү мамиле кылуу принциби:

е) ийгиликтүүлүк принциби:

ж) комплекстүү мамиле кылуу принциби:

з) тарбияны айырмалоо принциби:

и) тарбияны интеграциялоо принциби: элдик, педагогикалык, классикалык.

Ошондой эле күтүлүүчү натыйжалар да көрсөтүлгөн. Бул программаны ишке ашырууда класстан тышкаркы иштердин формалары жана методдору, класстык тарбиялык иштердин болжолдуу тематикалык планынын II варианты сунушталган, окуучуларды интеллектуалдык жактан өнүктүрүүгө карата аңгемелердин (иш-чаралардын) болжолдуу тематикалары, экскурсиянын болжолдуу тематикалары, өз алдынча изденүүнүн болжолдуу тематикалары, викториналардын болжолдуу тематикалары, тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын аткаруучу иш-чаралары, китепканачы өткөрүүчү сабактардын болжолдуу тематикалары, ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатуунун мазмуну, ата-энелерге окулуучу лекциялардын (конференциялардын) болжолдуу тематикалары, ата-энелер менен чогулуш өтүүнүн болжолдуу тематикалары, методикалык бирикмелерде каралуучу маселелердин болжолдуу тематикалары, адабияттар камтылган.

**Программада берилген темалардын мазмунун жалпысынан 5 топко бөлүп карасак болот:**

1. Адептүү адам болуунун жол-жобосу. Өзүн-өзү тарбиялоо. Жашоонун сергек, коопсуз мүнөзү;

2. Жан дүйнө тарбиясы. Көөнөрбөс рухий баалуулуктар. Маданияттуулук, чыгармачылык, эстетика, көркөмдүктү сезүү. Ыймандуулук;

3. Адамдарга жана үй-бүлөгө туура мамиле. Толеранттуулук;

4. Туулган жерди, Ата Мекенди сүйүү. Патриотизм. Улуттардын ынтымагы;

5. Табигат менен таттуу мамиле. Жарандык аң-сезимди калыптандыруу жана укуктук тарбия.

Мектепте тарбия иштери талаптагыдай уюшулса, окуучулардын жарандык, мекенчилдик, адептик, укуктук аң-сезими калыптанат, өзүнүн Ата Мекенин сүйгөн, жоопкерчиликтүү атуул тарбиялоого жөндөмдүү тарбиялык система (буйруса) түзүлөт, жаман адаттардан арылууга жардам берилет, ар бир окуучу турмуштан өз ордун табат, чыгармачыл жөндөмү өнүгөт, кошумча билим алууга, өз кызыгуусун канааттандырууга мүмкүндүк алат.

**§4. 4. Кесипке багыт берүү иштеринин мазмунун тарбиялык иштердин программасында берилиши.** Окуучунун жеке инсандык сапаттарынын калыптануусу жана өзүн таанып-билүүсү тарбиялык иштерде ишке ашат. Мектеп программасында кесипке багыт берүү боюнча окуучулардын калыптануусуна канчалык даражада көңүл бурулгандыгын жалпы тарбиялык иштердин программасынан байкоого болот.

**Класстык сааттарда кесипке багыт берүүнүн болжолдуу тематикасы:**

**1-класс**

1. Мен киммин? Мен кандаймын?
2. Жоопкерчиликтүү болуу деген эмне?
3. Менин атымдын мааниси эмне?

**2-класс**

1. Окуучунун күндөлүк режими.
2. Билимдүү озот, билимсиз тозот.
3. Сүйлөшүү маданияты.
4. Мен эмнени кыялданам?
5. Өнөр үйрөнүү – бул кесип тандоо

**3-класс**

1. Мүнөз деген эмне?
2. Мен билем, мен ойлойм, мен каалайм
3. Ак эмгектин наны таттуу болот.
4. Билимдүүгө дүйнө жарык.

**4-класс**

1. Менин кайсы кесиптин ээси болгум келет?
2. Өнөр алды - кызыл тил.
3. Дүйнө адамдары жана алардын ачылыштары.
4. Менин кыялдануум жана менин каалоом.
5. Канча тил билсең, ошончо дил билесиң?
6. Сүйүктүү иш – менин бактылуу келечегим.

**5-класс**

1. Менин сүйгөн кесибим
2. Иштемчилдик
3. Кимге кандай мамиле кылуу керек?

**6-класс**

1. Максат жана максатка умтулуучулук.
2. Билимдүүгө дүйнө жарык
3. Билим - түгөнбөгөн кенч.
4. Убакыт акчадан кымбат.
5. Жалкоолук – жаман жорук.

**7-класс**

1. Эмгекчил, сарамжал, мээнеткеч адамдар коомдун түркүгү.
2. Көп угуп, аз сүйлө, ойчул бол.
3. Ар кимдин эмгеги өзүнө кымбат.
4. Кичипейил, жапакеч, элпек жана жөнөкөй бол.
5. Сынды туура кабылдоо, кемчиликти моюнга алуу жана кечиримдүү болуу.

**8-класс**

1. Максатыңыз белгилүү болсун.
2. Жакшы жашоо программасын түзүңүз.
3. Китеп окууну көнүмүш адатка айландырыңыз
4. Кылган ишиңизге маани бериңиз!
5. Ийгиликтүү болуунун жолдорун үйрөнүңүз
6. Билим гана адамды эркин жана бийик кылат.

**9-класс**

1. Эр эмгегин жер жебейт.
2. Эмгекчилдиктин, мээнеткечтиктин, ишкердиктин ролу.
3. Эмгегинен баар тапкан адамдар.
4. Эмгек аркылуу мартабаң көтөрүлөт.
5. Эмгек кылсаң жашыңан, дөөлөт кетпейт башыңан.
6. Иш бар жерде ийгилик бар.
7. Ийгилик мээнетсиз келбейт.

**10-класс**

1. Өзүңүзгө болгон ишеничиңизди арттырыңыз.
2. Руханий дүйнөңүз таза болсун.
3. Кылган ишиңерге маани бергиле.
4. Окуп-үйрөнүүнү оңойлоштуруңуз.
5. Алдыга койгон максатыңыз чоң болсун.
6. Ийгиликке өжөрлүк менен умтулуңуз.
7. Убакытты максатыңызга ылайык колдонуңуз.
8. Ийгиликсиздиктин себептери
9. Плансыз ийгиликке жетүүнү кыялданбай эле коюңуз.
10. Ийгиликтин негизги эрежелери.
11. Айлана-чөйрөңүздөгүлөр менен жакшы мамиле куруңуз.
12. Китеп окуунун ыкмалары.
13. Конспектилөөнүн ыкмалары.
14. Сүйлөө ыкмасын үйрөнүңүз.
15. Өз алдынча жазуунун эрежелери (ыкмалары).
16. Ийгиликтүү окуучулардын негизги өзгөчөлүктөрү.
17. Сапаттуу билим – мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн тиреги.

**11-класс**

1. Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук
2. Ийгиликтин экинчи душманы – жаман дос
3. Ийгиликтин дагы бир душманы – жаман өрнөктөр.
4. Ийгиликке жетүүнүн шарттары
5. Бизге таандык болгон жана болбогон процесстер.
6. Аң-сезимге таандык аракеттер жана эрк.
7. Тарбиянын рухка жана мүнөзгө болгон таасири
8. Карама-каршы көз караштар
9. Жүрүм-турумга байланыштуу мүнөз жана темперамент

10.Рухий адаттар жана эрктин кубаты.

11.Ийгилик жана жемиштүү эмгек.

12.Эмгектин жана ийгиликтин эрежелери же формулалары.

Тарбиялык иштердин программасынын мазмуну, милдети жана принциптеринде, класстык жана класстан тышкаркы иштердин темалардында кесипке багыт берүүнүн камтылышы боюнча анализ жасалды. Негизинде 1-класстан 11-класстарда кесипке багыттоо боюнча тиешелүү темалар камтылган. Бирок буларды акыркы жыйынтык деп кароого болбойт, айрым темаларды өзгөртүп, кошумчалап иштеп чыгуу керек. Ар бир класс жетекчи жана тарбия иштери боюнча орун басары берилген программалык материалдарды мектептин багыты боюнча өзгөртүүгө сунуштарды киргизүүгө мүмкүнчүлүк болот.

**§5. Кесип тандоого тарбиялоодогу милдеттер.** Азыркы учурда кесиптик багыт берүү көп кырдуу педагогикалык, психологиялык, медициналык, экономикалык, социалдык маселелерди камтыйт. Учурдун талабына ылайык мектеп окуучусун кесип тандоого даярдоодо төмөндөгү милдеттерди чечүүгө көңүл буруу керек:

- ✓ окуучуларды кесипти аң-сезимдүү, жоопкерчилик менен тандоого тарбиялоо;
- ✓ окуучуларды кесиптер, аларга коюлган талаптар, кесипке ээ болуунун жолдору менен тааныштыруу;
- ✓ окуучунун кесиптик кызыгуусун, аны тандоосунун мамиле, мотивдерин калыптандыруу;
- ✓ окуучуларды практикалык иштерге катыштыруу менен билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылуу ж.б.

Кесип тандоодо биринчи кезекте ар бир адам өзүн-өзү таанып-билүүсү башкы орунда турат. Кесипке багыт берүү иштери бул тарбиялоонун бир багыты катарында каралат.

**Ошондуктан жогоруда каралган маселелердин негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга болот:**

- ✓ класстан тышкаркы тарбиялык иштер окуу процессинин логикалык уландысы болуп саналып, окуучунун кесиптик кызыгуусун, аны тандоонун мамиле, мотивдеринин калыптанышын жакшыртуу;
- ✓ тарбиялык иштерде жекече, массалык жана коллективдүү формаларын айкалыштырып, окуучунун жаш жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- ✓ тарбиялык иштердин планына кесипке багыт берүүнү көбүрөөк камтылышын камсыздоо;
- ✓ кесипке багыттоодо окуучунун инсандык сапаттарын калыптандыра турган иш-чараларды уюштуруу;
- ✓ учурдун талабын эске алып класстан жана мектептен тышкаркы тарбиялык иштердин кесипке багыт берүүчүлүгүн арттыруу маанилүү.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

- ✓ «Окутуу», «Тарбиялоо» жана «Кесип » түшүнүгүн салыштыргыла?
- ✓ Жалпы билим берүүчү мектептерде колдонулуучу программалардын бири–биринен өзгөчөлүгүн аныктагыла?
- ✓ Окуу программасынын структурасын аныктагыла?
- ✓ Тарбиялык иштердин программасынын максаты, милдеттери жана принциптерин атагыла?

- ✓ Программада берилген темалардын мазмунун жалпысынан канча топко бөлүнүп каралган?
- ✓ Кесипке багыт берүүчү темалардын программада берилиши боюнча анализ жасагыла?
- ✓ Кесип тандоого даярдоодо кандай милдеттер коюлат?

### 6-тема. Өспүрүм куракгагыларга кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү

Каралуучу маселелер:

§1. Ар кыл курактагы мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүү. §2. Башталгыч класстын окуучуларына кесип жөнүндө түшүнүк берүү. §3. Өспүрүм курактагыларга кесипке багыт берүү §4. Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү. §5. Кесиптик багыт берүүдө эске алуучу жагдайлар.

Негизги адабияттар:

1. Абдракунова Ж.С. Кесипке багыт берүүнүн негиздери//Исвестия ВУЗов Кыргызстана - №0, 2017, 167-168-бб

2. Мектеп окуучуларынын кесипке багыт алуусун уюштуруу/ 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо: - түзүүчү М.Иманкулова, Л.Огонбаева, А. Ниязова. – Б.: 2020, 75б.

3. Овсянникова С.К. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 с.\

4. Орозбаев Ж.М. Эстетическое воспитание младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогитки (на материале Кирг.ССР):[Текст]: автореф.дис... канд. пед наук:13.00.01/Ж.М. Орозбаев. — М.,1988.-15 с.

Кошумча адабияттар:

Дворяшина М. Д. Особенности интеллектуального развития учащихся в процессе обучения //Человек и общество. Вып. 13. Л., 1979.

Сманбаев О. А. Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери. (Основы профориентации учащихся /программа спецкурса). А. Сманбаев//—Бишкек, 2007. – 17 с.

Панина С. В., Макаренко Т. А. Самоопределение и профессиональная направленность учащихся: Учебник для академических бакалавров [Текст] / С. В. Панина, Т. А. Макаренко. – Москва: Юрайт, 2014. – 312 с

**§1. Ар кыл курактагы мектеп окуучуларына кесипке багыт берүү.** Психологиялык адабияттарда инсандын (Б.Г. Ананьев, Л.И. Божович, Л.С. Выготский, И.С. Кон, Д.Б. Эльконин, А.К. Петровский, ж.б.лар) жаш курак этаптарына ылайык психологиялык процесстердин, дене тарбиялык жактан өнүгүшү социалдык, этникалык, маданий, тарыхый шарттар менен байланышы каралган. Көрүнүктүү психолог В.В. Чебышева кесип тандоочу адам ата-энеси жана мектеп таасир тийгизген пассивдүү объект эмес, адегенде активдүү субъект катары аракеттениши керек деп белгилеген. Мына ушуга байланыштуу кесиптик багыт берүү ишинде инсандын активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, тандоонун субъективдүү жагына басым жасалууда.

Кесип тууралуу маалыматты бир гана мектептен эле эмес, маалымат каражаттарынан да алат. Бирок мектеп кесип боюнча маалыматты түздөн-түз берген субъект катары кызмат кылат. Мектеп башталгыч класстан баштап окуучуга кесип боюнча багыт берип, мектепти бүткөндө туура кесип тандоого жол көрсөтөт. Мектепте кесипке багыт берүү иштери туура пландаштырылбай, окуучу кесиптер боюнча теориялык билими, маалыматы жетишсиз болуп, кесиптерге тиешелүү көндүмдөрү калыптанбаса, өзүн-өзү таанып биле албаса

туура кесип тандай албайт. Ошондуктан мектепте кесипке багыт берүүдөгү иш аракеттер окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карата жүргүзүлүшү керек.

**Кесипке багыт берүүдө ар бир курактын өзгөчөлүгү эске алуу менен төмөнкүдөй 3 топко бөлүп карайбыз:**

1. Башталгыч класстар ( жеткинчек курак (7-12 жашка чейин)
2. Ортоңку класс (13-14 жаш эрте өспүрүм курак)
3. Жогорку класс ( 15-18 жаш балдар, кыздар)

Кесипке багыт берүү иштерин пландаштырууда мектептин администрациясы, класс жетекчи окуучулардын курак өзгөчөлүгүн эске алып, башталгыч класстарда, ортоңку класстарда жана жогорку класстарда кесип боюнча кайсы темаларды камтыйт, кандай иш-чараларды уюштурса болорун билиш керек. Китепканачы да өткөрүүчү иш чараларынын түрлөрүн окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карап тандоо керек.

**§2. Башталгыч класстын окуучуларына кесип жөнүндө түшүнүк берүү.** Мектеп жашындагы балдар жеткинчек (7ден 12 жашка чейин) жана өспүрүм (13 — 14төн 15—18 жашка чейин) болуп бөлүнөт. Бул мезгилдердин ар бири баланын өсүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Баланын өсүшүнө жыныстык жетилүү мезгилинин, жашоо шартынын, саламаттыгынын жана алган дене тарбиясынын мааниси чоң. Туура түзүлгөн күн тартиби жана спорт менен такай машыгуу баланын дене, күч жагынан жакшы жетилүүсүн камсыз кылат. Бул мезгил балдардын нерв системасынын туруксуздугу менен айырмаланат, эс-акылы, түшүнүгү, ой жүгүртүүсү татаалданат.

Ошондуктан ушул мезгилде балдарга бөтөнчө жумшак, этият мамиле жасоо зарыл. Баланын жашына жараша анатомиялык, физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү жана үйрөнүү окуу-тарбия ишин туура жолго коюуга, алардын дене түзүлүшүнүн, акыл-сезиминин туура өсүшүнө көмөк берет.

Мектепте кесипке багыт берүү боюнча иш-аракеттер башталгыч класстан эле башталат. 7-10 жаштагы баланын кесиптер жөнүндөгү көз карашы анын азырынча анчейин бай эмес турмуштук тажрыйбасы менен чектелет: апасынын жана атасынын кызматы, балдар бакчасындагы тарбиячынын жана мектепте мугалимдин иши; баланын аң-сезиминдеги образдуу элестетилген каармандар (учкуч, жөргөмүш адам (человек паук), тыңчы) ж.б.у.с кесиптер. Ушундай тигил же бул даражада тааныш кесиптер тууралуу балдар аз жана үстүртөн гана билишет. Чындыгында, азыркы дүйнөдө кесиптин ири сандагы түрлөрү бар. Адам баласы алектенген ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү менен эрте таанышуу баланын жалпы дүйнө таанымын гана кеңейтпестен, ошондой эле, өзгөчө маанилүүсү, анын кызыгууларынын жана жөндөм-шыктарын эрте аныктоо жана аларды конкреттештирүү мүмкүнчүлүктөрүн ачат.

Жалпы педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй, эгерде окуучуга башталгыч класстан тартып кесипке багыт берүү иши туура жүргүзүлсө анда окуучу бала күнүнөн тартып өзүнүн алдына болочок кесип менен байланышкан конкреттүү (мейли, миң өзгөрүлө турган болсо да) максаттарды кое алган жана коомдогу өзүнүн болочок ордун түшүнүүгө аракет кылган адам катары калыптанып, кесибин туура тандоого аракет кылат. Ошондуктан мектептерде кесиптер менен таанышууга арналган класстан тышкаркы иш-чаралар жана класстык сааттар окутуунун биринчи жылынан баштап дайыма жүргүзүлүп турушу керек. Кесиптер жөнүндөгү жеткиликтүү жана кызыктуу формада сунушталган маалыматтар балдарга окуу үчүн китептерди, ийримдерди, секцияларды, мектептен тышкаркы сабактар үчүн чыгармачыл жамааттарды тандоодо көмөктөшөт.

**§3. Өспүрүм курактагыларга  кесиптик багыт берүү.** Өспүрүм курагы бул балдардын жашоосундагы негизги этап, бойго жетүү. Бул баскыч ар бир бала үчүн ар башка убакта башталышы мүмкүн, анткени анын канча жашта башталаарын же бүтөрүн так аныктоо мүмкүн эмес.

Өспүрүм курагы балалыктан бойго жеткенге чейинки мезгил деп аталат. Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму өспүрүм курак ( 10 жаштан 19 жашка чейинки баскыч) деп эсептейт. Бирок ар бир бала ар башкача өнүгүп-өсөрүн унутпоо керек. Башкача айтканда, физикалык жана психологиялык өзгөрүүлөр көрсөтүлгөн жашка чейин же андан кийин көрүнүшү мүмкүн.

Өспүрүм курак бардык балдарга кыйын, анткени ушунчалык көп гормоналдык өзгөрүүлөргө туруштук берүү оңой эмес. Балалыкка каршы, өспүрүм болуу этабы башталып, физиологиялык жактан өнүгүүнү камтыйт. Бул куракта окуучуда ар тараптан өзгөрүүлөр болгондугуна байланыштуу кесип тандоого багыт берүүдө да эске алуу зарыл. Адам баласынын бойго жетүүсү кесипти тандоо жөнүндөгү маселени чечүү менен түздөн-түз коштолот. Дал ошол куракта кызыгуулардын дифференциациясы жүрөт, баалуулук багыттары түптөлөт жана өнүгөт, жетектөөчү муктаждыктар жаралат, нравалык көз караштар жана социалдык пикирлер калыптанат.

Өспүрүмдөр үчүн (12-14 жаш) кесип тандоо – бул өзүнүн укмуштуу келечеги жөнүндө кыялдарын ишке ашыруунун башкы образы. Көпчүлүк адистер алар кесипти тандоо милдетин алардын активдүүлүгүн аныктоочу көйгөй катары карабастыгын айтышат.

Эрте өспүрүм курактагы окуучулар (14-16 жаш) коомдук мамиле-катыштарга чындап киришишет, коомдо өздөрүнүн ордун табууга аракеттенишет, кесиптик өзүн-өзү аныктоо жөнүндө маселени чечишет. Кесиптик тандоо маселеси алар үчүн өтө актуалдуу. Кесипти тандоодо да инсандык гана маселе эмес, ошондой эле кандайдыр бир деңгээлде коомдук кызыгууну жараткан, кесиптик өзүн-өзү аныктоонун өзөктүү этабы болуп саналат.

Аз маалымдуулук, чыныгы турмуштук максаттар калыптанбаган шартта ири ийгиликке жетишүүгө умтулганы менен өспүрүмдөр көп учурда өздөрүнүн кесиптик каалоолорун так аныктай албагандыгы белгилүү. Ошондуктан бул курактагы окуучулар менен кесипке багыт берүү иштерин уюштурууда өзүн-өзү таануу, чөйрө менен мамиле түзүү, командада иштей алууну өнүктүрүү жолдорун эске алышыбыз керек. Класстык сааттарды окуучуларды бири-бирин жакындан билүүгө, кызыгууларын аныктоого, баарлашуу, командада иштей алуу көндүмүн өнүктүрө турган ыкмаларды тандап алуу зарыл.

**§4. Жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү.** Жеткинчек курак жана эрте өспүрүм курак – бул ар бир адамдын жашоо-турмушундагы кыйын өткөөл этап. Бул куракта өспүрүмдүн жашоосундагы өз ордун табуу, интеллектуалдык, инсандык, чыгармачылык потенциалды калыптануу мезгили.

Жогорку класстын окуучулары жеткинчек курак жана эрте өспүрүм куракка караганда инсан катары калыптанып калган, өзүнүн ой пикирин айта алган, өзүнүн позициясы бар инсан. Ошондуктан кесипке багыт берүүдө кесиптер боюнча, кесиптердин актуалдуулугу, ЖОЖдордун көптүгү жана сапаты жөнүндө маалыматтардан башталат. Жогорку класстын окуучуларын, алардын кесиптик пландарынын калыптангандынын даражасы боюнча төрт категорияга бөлүүгө болот. Окуучулардын бул категорияларын төмөндөй белгилөөгө болот:

1. Өздөрүнүн келечегин аныктаган жана негизинен тиешелүү адистикке ээ болуу үчүн, кийинки билим алуунун жолдорун, окуу жайларды, иштин перспективасын сунуштоого муктаж болгон окуучулар. Мындай окуучуларга өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүн-өзү окутуунун, ошол кесипке келечекте ээ болууга өзүн даярдоонун жолдору сунушталынат.

2. Кайда барып билим алуу же жумушка орношуу керектигин билбеген, конкреттүү турмуштук кесиптик пландары жок окуучулар. Окуучулардын бул категориясы негизинен кесиптик сабаттуулук боюнча иш алып барууга муктаж. Ар кандай кесиптер жана адистиктер менен таанышуу аларга өздөрүнүн келечегин аныктоого жардам берет. Окуучулардын бул контингенти менен кызыгууларды аныктоого карата сурамжылоолорду натыйжалуу пайдаланууга болот. Сурамжылоолордун жыйынтыктары кийинки өзүн-өзү аныктоо

үчүн «алгачкы түрткү» катары кызмат кыла алат, бул окуучуларга тандоонун тармагын так аныктоого жана кесиптердин көп түрдүүлүгүндө туура багыт алуусуна жардам берет.

3. Өздөрүнүн болочок кесибин тандаган, бирок кандайдыр бир карама-каршылыктардан улам (ден соолугунун абалы, доомattардын өтө ачык-айкын көрсөтүлгөн деңгээли, адекваттуу эмес өзүн-өзү баалоо ж.б.у.с.) алар үчүн бул кесипти өздөштүрүү же чектелүү болгон, же таптакыр мүмкүн эмес болгон окуучулардын категориясы.

4. Көп учурда бири-бирине таптакыр карама-каршы мүнөздөгү бир нече кесипти тандаган окуучулар б.с. Мындай окуучулар өтө көп. Алар кесиптик тандоону аныктоодо өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, тигил же бул кесиптин артыкчылыктары тууралуу түк ойлонбостон, жолдошторунун жана айланасындагы адамдардын кеңештерине жана пикирлерине гана таянган окуучулар. Бул пикирлер жана кеңештер карама-каршылыктуу болгондугунан улам мындай окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу өтө кыйынчылыкты жаратат. Биздин баамыбызда, дал ушул категориядагы окуучулардын тобу мектеп психологу тарабынан жардамга өтө муктаж болушат.

Мектепте негизинен бүтүрүүчү класстарга окуу-тарбия иши негизинен кесипке багыт берүүгө багытталышы керек. Жогорку класстын окуучулары кесип тандоонун босогосунда турган турмуштук пландары, кызыгуулар жана божомолдор боюнча кескин дифференциацияланат, бирок башкы нерседе бирдей болот – ар бири жашоодо татыктуу орунду ээлөөнү, кызыктуу кесип ээси болууну, жакшы каражат табууну каалашат. Кесипти тандоого байланыштуу окуучуларда үй-бүлөсү менен келишпестик-конфликт жаралышы ыктымал. Ата-эне баласына, алардын ою боюнча, өздөштүрүүгө оңой болгон кесипти сунушташат, же алардын аркалаган кесиби боюнча барууну талап кылышат. А бирок, биринчи кезекте, үй-бүлөнүн материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кесипке ылайыкташат.

Класс жетекчиси окуучуларга болочок кесипти тандоо маселесинде, ар кандай кесиптер жана ар кыл кесиптердин өкүлдөрү менен тааныштырууда олуттуу көңүл буруусу зарыл. Тигил же бул кесип жөнүндө маалыматтарды алууга мүмкүн болгон ЖОЖдор менен тааныштыруу да маанилүү жана кызыктуу болуп саналат.

Жогорку класстын окуучуларын өздөрүнүн келечеги туруктуу өтө кабатырлануусун белгилөөгө болот. Окуучулардын көпчүлүгү өздөрүнүн келечегин кесиптик пландарды ишке ашыруу менен байланыштырышат: аларды кесипти тандоо жана аны өздөштүрүүнүн жолу кооптондурат, адистик боюнча жумуш таба алыша тургандыгы жана ошол эле убакта ийгиликтүү болуу, жакшы каражат табуу ж.б.у.с. тынчсыздандырат.Анткени мектепте окуучуларды кесипке багыт берүүдө инсандык сапаттардын калыптануусу, өзүн-өзү таанып билүүсү, кесип тандоодогу маалыматтар, эмгек рыногу боюнча толук маалымат берилбейт. Тарбиялык иштер кесипке багыт берүүгө карата уюштурулбайт. Ошондуктан мектепти бүтүп жаткан окуучу кайсы кесипти тандаарын билбейт, кесиптер боюнча маалыматы жок, өзүнүн шыгын, жөндөмүн да аныктаган эмес.

Ошондуктан класс жетекчинин негизги милдеттеринин бири – өзүнүн тарбиялануучуларына негиздемеленген кесиптик тандоо жасоодо, турмуштук жолду туура тандоодогу ишенимдүүлүк сезимин калыптандырууда көмөк көрсөтүү болуп саналат. Албетте, окуучулардын өнүгүшүнүн мындай маселелери ата-энелер жана мектеп психологдору менен кызматташтыкта чечилиши керек.

Жогорку класстын окуучуларына инсандык калыптанууда, турмуштук маанилүү чечимдерди кабыл алууну үйрөнүүдө, жашоонун маңызын табууда, кесипти тандоодо класстан тышкаркы кесиптик багыт берүү иши олуттуу жардам бере алат.

**§5. Кесиптик багыт берүүдө эске алуучу жагдайлар.** Окуучуларга кесиптик багыт берүүдө төмөндөгү жагдайларга көңүл буруу зарыл:

1. Окуучулардын социалдык баалуулуктарын калыптандыруу. Мектептеги сабактарда, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин системасында кесипке даярдоо ишке ашат.

Предметтик сабактар боюнча түзүлгөн окуу программаларын, окуу китептерин талдоо окуучулардын социалдык баалуулуктарын калыптандырууга кеңири мүмкүнчүлүктөр. Мисалы, гуманитардык циклдеги предметтерди окутууда, программалык материалдарга ылайык келген турмуштан алынган конкреттүү мисалдарды колдонуу окуучулардын социалдык жана кесиптик позицияларын калыптандыра алабыз.

2. Окуучунун базар экономикасынын шарттарындагы кесиптер тууралуу атайын маалыматтарга ээ болушу. Окуучулар илимдердин негизин окутууда, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин системасында Кыргызстандын өндүрүштүк технологиялар тууралуу кеңири түшүнүктөргө ээ болуусу зарыл. Бул багытта иш алып барууда окуу тарбия ишинде массалык маалымат каражаттарынын, телевидениенин материалдарын, кошумча адабияттарды, документалдуу фильмдерди жана башкаларды кеңири пайдалануу окуучулардын тандап алган кесиби боюнча туура көз караштарын калыптандырат.

3. Окуу-тарбия иштеринин жүрүшүндө жергиликтүү шарттарды, окуучулардын жаш курагын эске алуу менен өндүрүмдүү эмгегин уюштуруу. Окуучу эмгекке катышуу менен кесип тандоодо мааниге ээ болгон жалпы жана атайын эмгектик көндүмдөргө ээ болот. Мындай эмгек окуучулардын рационализатордук, ойлоп табуучулук, техникалык чыгармачылыгы ж.б. сапаттарын өнүктүрүүгө багытталат.

4. Окуучу өзү жөнүндө толук билүүсү керек. Анткени мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү өзүнүн ден соолугу, жөндөмү, шыгы, кызыгуусу жөнүндө толук маалыматтарга ээ эмес. Натыйжада алар кесип тандоодо каталарды кетиришет. Алардын көпчүлүгүнүн кесип тандоосунун негизделген мамиле-мотиви жок. Мына ушуга байланыштуу көпчүлүк учурларда кесиптерин алмаштырууга мажбур болушат. Бул алардын социалдашуусун бир кыйла кечеңдетет.

5. Мектеп окуучусунун кесип тандоого даярдоодо алардын төмөндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу мааниге ээ: эмгек рыногу жана кесиптер; өндүрүштүк мамилелер; жеке кесиптик пландар; кесип ээлеринин квалификациясы; жалпы жана атайын билгичтиктер; эмгек шарттары; эмгек мыйзамдары; кесиптик профессиограммалар; кесиптик квалификацияны жогорулатуунун; эмгек акы жана анын структурасы; эмгектин психологиялык өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с.

6. Окуучунун тандап алган кесибине ээ болуунун жолдорун долбоорлор жана толук маалыматтарга ээ болушу зарыл. Мына ушуга байланыштуу окуучулардын окуу-тарбия иштеринин жүрүшүндө окуучулар кесиптер дүйнөсү жөнүндөгү маалыматтарга таянып, кесип тандоого таасир тийгизген факторлорду эске алып, кесипке ээ болуусунун траекториясын аныктайт.

Демек, кесип тандоого даярдоо - бул инсандын социалдык жактан жетилгендигин мүнөздөп, анын аң сезимдүү кесип тандап алуусун, кесиптик жактан бат калыптанышын камсыз кылат. Ошондуктан окуучуларды кесип тандоого даярдоодо курак өзгөчөлүгүн эске алуу керек.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Окуучулардын жаш курагына карата канчага бөлүнөт?
2. Кесипке багыт берүүдө башталгыч класстарда кесип түшүнүгүн кантип калыптандырат?
3. Өспүрүмдөр менен иштөөнүн өзгөчөлүгү эмнеде?
4. Жогорку класстарда кесипке багыт берүүдө эмнелерге көңүл бурулат?
5. Мектепте окуучуларга кесипке багыт берүү ишин пландаштырууда кандай жагдайларды эске алабыз?
6. Класс жетекчи катары окуучулардын жаш курагына карата иш план түзгүлө?

## **7-тема.** Өзүн өзү таанып-билүү - кесипкөйлүк өнүгүүнүн шарты катары

Каралуучу маселелер:

§1. Өзүн-өзү таанып-билүү жөнүндө түшүнүк. §2. Өзүн-өзү таныл-билүүнүн түрлөрү. §3. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгү. §4. Кесиптик багыт берүү ишине инсандык мамиле жасоо. §5. Окуучуну кесип тандоого даярдоодо педагогикалык-психологиялык маселелер. §6. Кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоо.

Негизги адабияттар:

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б.Бекбоев. —Бишкек,2011.—384 б.

2. Овсянникова С.К. Организация профориентационной работы в школе: Методическое пособие. — Нижневартовск: Изд-во Нижневарт. гос. ун-та, 2013. — 362 с

3. Панина, С. В. Макаренко Т.А. Самоопределение и профессиональная ориентация учащихся : учебник и практикум для академического бакалавриата — 3-е изд., перераб. и доп. — М. : Издательство Юрайт, 2014. — 312 с

4. Титма М.Х. Выбор профессии как социальная проблема. / На материалах конкретных исследований в ЭССР.[Текст] / М.Х.Титма. — М.: Мысль, 1975.—198с.

Кошумча адабияттар:

1. Зеер Э. Ф., Павлова А. М., Садовникова Н. О. Основы профориентологии [Текст] / Э. Ф. Зеер, А. М. Павлова, Н. О. Садовникова. –Москва: Высшая школа, 2005. -159 с. https://www.studmed.ru

2. Рахимова М.Р., Т.В.Панкова, А.Т. Калдыбаева. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. – Б.: 2009, -256 б.

3. Сманбаев Ө.А. Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери. (атайын курстун программасы).[Текст] /+.А .Сманбаев//—Бишкек, 2007.- 17с.

**§1. Өзүн-өзү таануу жөнүндө түшүнүк.** Адамдардын өзүн-өзү таанып билүүсү, бул иш-аракет сыяктуу адамдын жашоо турмушунун бардык этабында улантылат. Ал жөнөкөй турмуштук суроолорго жооп издөө менен алектенет: «Мен киммин?», «Мен эмне үчүн бул жашоодо жүрөм?», «Мен эмнеге жетише алам?», «Менин максатым кандай?» ж.б.у.с.

Өзүн-өзү таанып-билүү –инсандын жашоодогу өз ордун, өзүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрү түшүнүгүн аныктаган, узак убакытка созулган, бирдиктүү жана үзгүлтүксүз процесс. Өзүн-өзү таанып-билүү – инсандын ички дүйнөсүнүн гармонияда болуп, психологиялык жактан туруктуу калыптануусуна өбөлгө түзөт. Бул өзүнүн артыкчылыктарын аңдап-билүүгө, кайсы бир багыттагы жөндөмдүүлүктөрүн ачууга, аларды кандайдыр бир турмуштук кырдаалда маселени чечүү үчүн колдонууга түрткү болот. Өзүн-өзү таанып-билүүнүн натыйжасында инсан өзүн-өзү өнүктүрүп, иш-аракетине, жүрүм-турумуна анализ жүргүзүп, сынчыл көз караш менен карап, келечекте туура максат коюуга багыт алат.

**§2. Өзүн-өзү таныл-билүүнүн түрлөрү.** Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрүн окумуштуулар В.С.Панина, Т.А.Макаренко «Саоопределение и профессиональное ориентация учащихся» аттуу эмгегинде 5 ке бөлүп карайт. Алар; жашоодо өзүн-өзү таанып-билүү, инсан катары таанып билүү, социалдык жактан таанып-билүү, кесиптик жактан таанып-билүү, социалдык-кесиптик жактан таанып–билүү болуп бөлүнөт. Өзүн-өзү таанып билүүнүн ар бир түрүнө токтолсок:

1. Жашоодо өзүн-өзү таанып-билүү. Жашоонун мазмунунун жалпы адамзаттык критерийлерине ылайык өзүн-өзү аныктоо (же болбосо таанып-билүү)

2. Инсан катары өзүн-өзү таанып-билүү. Адамдын жашоодогу өзүнүн ордун, өзүнүн турмуштук стратегиясын издеп жүрүшү, жеке жана кесиптик чөйрөдөгү өзүнүн жеке жетишкендиктерин чен-өлчөмүндөрүн аныктоо.

3. Социалдык жактан өзүн-өзү таанып-билүү. Коомдо иштелип чыккан коомдук мамилелерге жана белгилүү бир социалдык чөйрөгө таандык критерийлерге байланыштуу өзүн-өзү таанып-билүү, кээ бир кесиптик чөйрөгө карата өзүнө чек коюу

4. Кесиптик жактан (профессионалдык) өзүн-өзү таанып-билүү. Инсан тарабынан кесиптик-эмгек чөйрөсүнө карата өзүнүн мамилесин калыптандыруу процесси жана аны иш жүзүнө ашыруунун жолдору, бул турмуштук жана эмгек жолунун аралыгында пайда болуучу жеке жана социалдык-кесиптик керектөөлөрдүн ортосундагы ички макулдашуунун узак процесси. Кесиптик жактан өзүн-өзү таанып-билүү үчүн жеке мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде карьера, чөйрө тандоого болгон күчүн жумшоону талап кылат. Бул коомдо иштелип чыккан (жана ошол адам тарабынан кабыл алынган) профессионалдык критерийлерге байланыштуу адамдын өзүн- өзү таанып-билүүсү.

5. Социалдык-кесиптик жактан өзүн-өзү таанып-билүү. Тандалып алган кесибине ылайык окуучулардын өзүн-өзү объективдүү баалоосу, бул кесип тарабынан адамдарга, анын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, саламаттыгына коюулуучу талаптарды ачып көрсөткөн тигил же бул профессиограмма менен тааныштыруу дегенди билдирет.

Инсандын өзүн-өзү таанып-билүүсү - бул бой жетип келе жаткан адамдын өз алдынча аракеттенүүсүн, социалдашууну өнүктүрүү процесси жана социалдык чөйрө менен инсандын биргелешкен иш-аракетинин жыйынтыгы.

Инсандын өзүн-өзү таанып-билүүсү бул анын турмушундагы, ошондой эле кесиптик ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсүндөгү табигый жана керектүү фактор катары эсептелет.

**§3. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүүнүн өзгөчөлүгү.** Жаш өзгөчөлүгүнө жараша инсан катары өзүн-өзү таанып-билүү ар түрдүү мазмунга ээ. Мектеп жашында өзүн-өзү таанып-билүү процесси окуучулардын турмуштагы өзүнүн багытын ойлонуу, жеке мүмкүнчүлүктөрүн таанып билүү жана келечегин аныктоо сыяктуу ички керектөөлөрү менен байланыштуу.

Өзүн-өзү таанып-билүүсүн өстүрүү бул окуучулардын турмуштук аракетине, мамиле түзүү билүүсүнө, коомдо кабыл алынган социалдык нормаларды, баалуулуктарды өздөштүрүүгө жардам көрсөтүү, калыптандыруу болуп саналат.

Окуучулардын өзүн-өзү таанып-билүүсүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөр катары келечекке умтулуу, б.а.максат коё билүүсү. Көптөгөн изилдөөчүлөр, кесиптик жактан өзүн таанууну өз алдынча түрү катары, инсандын жашоодогу өзүн-өзү таануунун бир бөлүгү катары карап чыгып, өзүн-өзү таануу менен кесип тандоонун ортосундагы байланышты белгилешет.

**Мектепте кесиптик багыт берүү иштеринде кесиптик таанып-билүү төмөнкүдөй каралат:**

- ✓ коллективде иштөөгө, бири-бирин сыйлоого, бири-биринин оюн угууга үйрөтүү;
- ✓ окуучулардын өзүн да, бири-бирин да жакындан билүүгө, бири-бири менен мамиле түзүүгө карата жагдай, чөйрө жана шарт түзүү;
- ✓ окуучуларды өзүн таанып-билүүгө карата тарбиялык сааттарды уюштуруу;
- ✓ окуучулардын шык, жөндөмүн аныктоо үчүн класстык, класстан тышкаркы иш-чараларга катыштыруу;
- ✓ ийкемдүү көндүмдөрүн калыптандыруу аркылуу кесип тандоого багыт берүү;
- ✓ кесиптерди тандоодо кесиптердин актуалдуулугу тууралуу маалымат берүү, анализдөөгө үйрөтүү;

- коомдогу кадрларга болгон суроо талаптарга карата өзүнүн жеке баамын жөнгө салуу;

Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып билүүсү көптөгөн объективдүү жана субъективдүү, тышкы жана ички, жаратылыш жана социалдык факторлордун таасири менен иш жүзүнө ашырылат.

**§4. Кесиптик багыт берүү ишине инсандык мамиле жасоо.** Инсандык мамиле жасоо окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып, анын шык жөндөмүн, чыгармачыл потенциалын, таанып-билүү жана кесиптик кызыгуусунун өнүктүрүүнү көздөйт. Бул педагогикалык процесске тарбиялануучунун инсандык тажрыйбасын кошууну талап кылат. Окуучуну инсандыкка багытталган окутууда жана тарбиялоого алар менен болгон авторитардык пикир алышууну демократтык жана гумандык пикирлешүүгө алмаштырып, анын өз алдынчалыгын өстүрүп, кесипти эркин тандоого даярдайт. Психологдордун (А. Е. Голомшток, С. Н. Чистякова, П. А. Шавир.) пикири боюнча инсандын структурасы өз ара байланышкан төрт подструктурадан турат.

Биринчи подструктура бул инсандын багытталгандыгы, анын социалдык өзүн аныктаганы. Бул подструктурадагы, кызыгуу, жөндөм муктаждык, мотив, идеал мааниге ээ болот.

Экинчи подструктура — жеке турмуштан алган тажрыйба. (билгичтик, көндүм, адат, билим).

Үчүнчү подструктура — психикалык процесстин жекече өзгөчөлүктөрү (эс, ой жүгүртүү, кабыл алуу, эрк, эмоция).

Төртүнчү подструктура — темпераменттин өзгөчөлүктөрү.

Ар бир адам үчүн кесип тандоо жашоонун булагы катары гана мааниге ээ болбостон, кесип анын турмушун аныктоого, коомдогу ордун табуусуна, өзүн реализациялоосуна таасирин тийгизет. Бул процесс кесиптик окууга чейин эле башталып, инсандын кесиптик өзүн аныктоосунда мааниге ээ болуп, керек болсо кесиптик окуу жайды аяктагандан кийин да токтобойт. Көптөгөн изилдөөлөрдө адам өзүнүн кесибинин туу чокусуна өз алдынча кесиптик иш аракетке кирген стадиясында гана жетише тургандыгы белгиленген. Бул этап ар бир адамдын жекече мүмкүнчүлүгүнө жана иш аракетине көз каранды болот. Бир жагынан, адамдын ден-соолугу анын жеке үй-бүлөлүк жана коомдук турмушу, анын психикалык абалы, натыйжалуу иш аракети тандап алган кесибине канагаттануусуна таасирин тийгизет.

Окуучунун өзүнчө бир башкача болуучулугу, өзүнчөлүгү, оригиналдуулугу, анын субъективдик тажрыйбасынын кайталангыстыгы билим берүүдө негизги баалуулугу болуп саналат.Окуучулардын кесиптик жактан өзүн-өзү таанып билүүсүнө таасир этүүчү баалуулуктардын да орду чоӊ. Окумуштуу М.Х.Титма кесип тандоого таасир этүүчү баалуулуктарды (багыттар) да өзүнчө бөлүп көрсөткөн. Алар:

- иштей билүү жана ошол эле убакытта өзгөчөлөнүү;
- жеке өзүнүн жөндөмүн колдонуу;
- дайыма өзүн-өзү өнүктүрүү жана билимин, түшүнүгүн кеӊейтүү;
- коомго пайда келтирүү;
- жогорку эмгек акысына жетишүү;
- досторунун жана тааныштарынын арасында бааланыусу;
- коомдо көрүнүктүү абалга жетүүгө жана беделин көтөрүүгө жетишүү;
- көпчүлүктү ээрчите алуу;
- туруктуу жана бир калыптагы келечек менен камсыз кылуу.

Кесипти тандоодо, качан гана баалуулуктар баалуу-маанилүү чөйрөгө өткөндө индивид өнүгүүнүн сапаттуу жаңы деңгээлине ээ болот. Баалуу багыттарды калыптандыруудагы башкы нерсе адамдын өзүнүн жашоодогу маңызын түшүнүү, максатынын мазмуну менен дал келиши эсептелет.

**§5. Окуучуну кесип тандоого даярдоодо педагогикалык-психологиялык маселелер.** Окуучунун аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоо узакка созулган көп кырдуу процесс. Өзүн-өзү таанып-билүү максаты окуучунун өзүн-өзү таанып-билип, өзүн инсан катары өнүктүрүп, көз караштарын, дүйнө таанымын, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга, муундардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салып, коомдогу туруктуулукту камсыз кылууга багытталат. Окуучуну кесип тандап алууга даярдоодо анын педагогикалык жана психологиялык маселелерине, атап айтканда, окуучунун кесипке болгон жөндөмүн, шыгын, ынтаасын эске алып, кызыгуусун, аны тандоонун мамиле мотивин калыптандырууга өзгөчө көңүл бөлүү жакшы натыйжа берет. Бул жагдай окуучунун аң сезимдүү кесип тандап алуусун камсыз кылат.

Сапат – объектти объект кылган жана анын ички маңызын чагылдырган философиялык түшүнүк. Аристотель сапатты төмөнкүдөй төрт мааниде аныктаган:

- ✓ Туруктуу же өзгөрүлмө касиеттер;
- ✓ Тубаса жөндөмдүүлүктөр же алардын болбошу;
- ✓ Өзгөрүүгө дуушарланып жаткан касиеттер же абалдар;
- ✓ Сөлөкөт, караан, сырткы түспөл.

Мүнөз (грек тилинен χαρακτηρ — айырмалоочу, өзгөчөлөөчү, белги) — кишинин жүрүш-турушун, кыймыл-аракетин мүнөздөгөн жеке психикалык касиеттеринин жыйындысы. Мүнөз ар бир кишинин өзгөчө кыял-жоругу, кайталангыс жеке сапаты болуп эсептелет. Мүнөздө кишинин кайраттуулугу, эмоциялык өзгөчөлүктөрү, тышкы чөйрөнүн таасирин сезүү темпераменти жана акыл өзгөчөлүгү байкалат. Мүнөз жеке кишиге таандык туруктуу касиет, бирок аны тарбиялоо менен өзгөртүүгө болот. Мүнөз кишинин жүрүш-турушун, кылык-жоругун, табиятка, коомго жана өзүнө кылган мамилесин көрсөтөт. Мүнөздүн калыптанышында социалдык шарт, үй-бүлөдөгү, мектептеги таалим-тарбия, айланадагылардын жүрүш-турушу өтө маанилүү. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн мүнөзүн калыптандырууда алардын жакшы кыялдарын чыңдоого, терс кыялдардан четтетүүгө аракеттенүү зарыл.

Ар бир адам төрөлгөндөн эле ишмердүүлүккө шыктуу төрөлөт. Мисалы: музыкалык чеберчилиги, сүрөт тартуу кудурети, кыймыл аракеттин түрлөрү, ж.б. Негизинен алганда, өзүнүн өнүгүүсүндө адам болгону 10-12 % мүмкүнчүлүгүн иш жүзүнө ашыра алат. Ошондуктан окуучунун шыгына карата көндүмдөрүн калыптандыруу негиз болуп саналат.

Көндүм – бул кайталоо жана автоматтык деңгээлге жеткирүү жолу менен пайда болгон ишмердик. Башында кандайдыр бир өз алдынча, өнүккөн жана аң-сезимдүү болуп башталган ар бир жаңы ыкма бир нече жолу кайталоонун натыйжасында, ишти автоматтык түрдө жасап калууга жеткирет. Көндүм негизинен экиге бөлүнөт:




Кесип тандоодо адамдар ийкемдүү (жумшак) көндүмдөрдү өнүктүрүүгө караганда, кесиптик көндүмдөрдү (катуу) өркүндөтүүгө көбүрөөк көңүл бурушат. Бирок ар кандай изилдөөлөргө ылайык, ийгиликтин 85%нын ийкемдүү көндүмдөр түзсө, ийгиликтин калган 15%ы кесиптик көндүмдөрдүн натыйжасы менен жетет. Ошондуктан окуучулардын ийкемдүү көндүмдөрүн өнүктүрүү кесипке багыт берүүдө, дегеле жашоодо ийгиликке жетүүдө жардам берет.

Ийкемдүү көндүмдөр – бул өлчөөгө кыйын болгон социалдык көндүмдөр. Бирок алар кесиптик көндүмдөрдү көрсөтүүгө жана колдонууга натыйжалуу жардам берет. Ийкемдүү көндүмдөр иштин бардык түрүндө маанилүү. Аларга баарлаша билүү, команда ичинде иштөө, креативдүүлүк, ынандыра билүү, маселелерди чечүү, чечим кабыл алуу, убакытты туура пайдалануу, өзүн жана башкаларды шыктандыруу ж.б. кирет.

**Ийкемдүү көндүмдөрдү жалпылаштырып 4 топко бөлүк карасак болот. Алар:**

1. Баарлашуу көндүмү ;
2. Ишенимдүүлүк көндүмү;
3. Сынчыл ой жүгүртүү;
4. Командада иштей билүү көндүмү.

Баарлашуу көндүмүн өнүктүрүүдө окуучулар пикир алышууга, бири-бири менен мамиле кылууга, оюн ачык айтканга, аудиторияда эркин сүйлөөгө, суроо берүүгө, ой бөлүшүүгө көнүгүшөт. Ишенимдүүлүк көндүмүн калыптандырууда алдына максат коюуга, пландашырууга, жоопкерчиликке, жардам берүүгө калыптанат. Сынчыл ой жүгүртүүдө окуучуларды чыгармачыл көз карашын калыптандырууга, өз оюн айтууга, маалыматты салыштырууга, ар бир ой баалуу экенин түшүнүүгө көнүктүрөбүз. Командада иштей билүү топто иштөөдө, бири-бирин угууга, долбоор түзүүгө, идеяларын бөлушкөнгө, түрдүү иш-чараларды уюштурууга калыптанат.

Талант – табият берген жөндөм, ал адамга кандайдыр бир оор ишти ийгиликтүү, өз алдынча жана кайталангыс түрдө аткарууга мүмкүнчүлүк берет. Талант адамды эмгектен бошотпойт, тескерисинче, ал адам көп эмгектенип, чыгармачыл, оор иш жасайт дегенди билдирет. Эмгектин арты менен гана таланттуу адамдар жогорку деңгээлдеги чеберчиликке, дүйнөлүк атак-даңкка жете алышат.

Көп учурда кесип тандоодо окуучу башка адамдардын пикирине баш ийет, бирок сырттан караган адам окуучунун ички сезимдерин, хоббисин жана каалоолорун дайыма эле биле бербейт. Ошондуктан, кесип тандоодо адам талантына, хоббисине жана билген көндүмдөрүнө көңүл бурушу керек.

Окуучуну өздөрүнүн өздүк каалоолорун, кызыгууларын жана шыктуулуктарын билүүгө, өздөштүрүүгө жана текшерүүгө үйрөнүшү керек, ошондой эле өзүнүн күткөн үмүтүн баалоо алар тууралуу ой- жүгүртүү үчүн өздөрүнүн шыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн таануга; өз мүмкүнчүлүктөрүн жана иш-аракет кылууга даярдыгын таануга; кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн (өзүн-өзү баалоо сезимин) өз алдынча талдоого жана кесиптердин, окуу жайлардын варианттарына таянууга үйрөнүүсү кажет.

**§6. Кесип тандоого компетенттүү мамиле жасоо.** Компететтүү мамиле жасоо өзүн-өзү таануу, көндүмдөрүн калыптандыруунун жогорку баскычы. Компетенттүү мамиле жасоо бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде кеңири таралган. Мектеп окуучуларын компетенттүү кесип тандоого даярдоонун мүнөзү жана өзгөчөлүгү органикалык түрдө өз ара байланышкан социалдык жана экономикалык факторлор менен шартталган: азыркы кездеги илимий- техникалык прогресстин темпи жана өнүгүп туруучу масштабы, коомдук өндүрүштүн татаалдыгы, эмгектин мазмунун, шартынын жана мүнөзүнүн өзгөрүшү; өндүрүштүн эмгек ресурстарына болгон муктаждыгы; кесип ээлеринин билимине, кесиптик-квалификациялык даярдыгынын деңгээлине жаңы талаптардын коюлушу ж.б.

Компетенттүүлүк — бул окутуунун натыйжасында ээ болгон билимге, тажрыйбага, баалуулуктарга, шыкка негизделген жалпы жөндөмдүүлүк. Ал өзүнө окутуунун натыйжасына (билимди, билгичтикти), багытталган баалуулуктардын системасын, когнитивдик, операциялык-технологиялык, мотивациялык, этикалык, социалдык жана жүрүм-турумдук компетенцияларды камтыйт. Түйүндүү компетенциялар функционалдуулугу, чен өлчөмдүүлүгү, дисциплиналар аралык, предметтен жогору тургандыгы (надпредметность) менен мүнөздөлүп, көптөгөн кесиптик, турмуш-тиричиликтик, социалдык проблемаларды чечүүгө жардам берет. Окуучуларга кесипке багыт берүү ишине компетенттүү мамиле жасоо, коюлган милдетти чечүү үчүн зарыл болгон кеңири билимге, билгичтиктерге, ишке карата багыт алууга жөндөмгө ээ динамикалуу инсандын калыптануусуна таасирин тийгизет. Компетенттүү мамиле жасоо азыркы кездеги базар экономикасынын жана билим берүүнүн шартына жооп бергендиктен, аны кесипке багыт берүү ишинин бардык этаптарында, максатты, мазмунду, форма жана методду, натыйжаны көзөмөлдөө ишин аныктоодо колдонуу максатка ылайыктуу.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

- ✓ Өзүн-өзү таанып-билүү деген эмне?
- ✓ Өзүн-өзү таанып-билүүнүн түрлөрү кайсылар?
- ✓ Инсандын жеке сапаттарына кайсылар кирет?
- ✓ Инсандын жеке сапаттарын калыптандырууда класс жетекчи жана психолог кайдай иш чараларды уюштурат, атагыла?
- ✓ Кесиптик багыт берүүдө окуучунун инсандык калыптануусунун канчалык зарылчылыгы бар?
- ✓ Билим, билгичтик жана көндум. Көндүмдүн түрлөрү кайсылар?
- ✓ Компетенттүүлүк деген эмне, компетенттүү мамиле жасоону кандай түшүнөсүң?

**Тема 8.** Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөө

<u>Каралуучу маселелер:</u>

§1. Кесиптик багыт берүүдө ата-эненин ролу. §2. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн мааниси. §3. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору. §4. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин багыттары. §5. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.

<u>Негизги адабияттар:</u>

1. Мектеп окуучуларынын кесиптик багыт алуусун уюштуруу: 9-11-класстын жетекчилери үчүн усулдук колдонмо [Текст] / Түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Л. Огонбаева, М. Ниязова. -Б., 2020. -75 б.

2. Овсянникова С. К. Организация профориентационной работы в школе. Методическое пособие [Текст] / С. К. Овсянникова. -Нижневартовск, 2013. -364 с. https://www.studmed.ru

Кошумча адабияттар:

1. Абдыракунова Ж. С. Кесипке багыт берүү – негизги маселелердин бири катары [Текст] / Ж. С. Абдыракунова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №10, 2017. -167-168-бб. http://www.science-journal.kg

2. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга ата-энелерди жана коомчулукту тартуу. 10-модуль. USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. -Б., 2018. -39-б.

3. Калугин Н.И. Профессиональная ориентация учащихся [Текст] / Н.И. Калугин, А.П. Меньшиков, А.Д. Сазонов. -Москва: Высшая школа, 2003. -272 с.

**§1. Кесиптик багыт берүүдө ата-эненин ролу.** Бала кесип жөнүндөгү билимге адегенде үй-бүлөдө ээ болот. Кичине кезинде эле балдар эгерде ата-энеси үйдө жок болсо, жумушта экенин, жашоого зарыл нерселерди (тамак-аш, кийим, дары ж.б.) сатып алуу үчүн эмгектенүү керектигин түшүнө башташат.

Ата-энелер көпчүлүк учурда үйүндө өзүнүн кесиби, жумуштагы аткарган милдеттери жөнүндө үстүрттөн гана кеп кылышат. Ошол себептен, чоңдордун ишмердүүлүгү узак убакытка чейин балдар үчүн табышмак бойдон кала берет. Кээде ата-энелеринен уккан учкай маалыматтын негизинде балдарда кесип тууралуу айрым түшүнүктөр калыптанса, «кесипти» окшоштуруп ойногонун байкоого болот.

Демек, балдарда жаш чагынан кесип жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдүн калыптанышы үчүн алар менен кесиптердин көп түрдүүлүгү жана сүйүктүү кесипти тандоо татаал экендиги тууралуу баарлашып туруу зарыл.

Кесип тандоо түрдүү факторлордун таасиринен калыптанат. Алардын ичинен негизгиси - бала үчүн болочок кесиптин ата-эне тарабынан тандалышы же болбосо кесип тандоодогу ата-эненин берген кеңеши болуп саналат. Ушул өңүттөн алганда ата-энелерди үч топко бөлүп кароого болот.

Биринчи топтогу ата-энелер кесипке багыт берүү ишин мектептин милдети катары түшүнүшөт, же таптакыр эле баласынын кесип тандоосуна кайдыгер карашат.

Экинчи топтогулар бала үчүн кесип тандоону ата-эненин энчиси катары гана түшүнүп, мектепти бул процесстен сыртта калтырышат. Негизинен, бул топтогу ата-энелер жогорку билими жок кесиптик карьераны курууга мүмкүн эмес деген позицияны карманышат да, алардын балдары жөнөкөй жумушчу эмес, жогорку айлык акы төлөнгөн жетекчи болушун каалашат.

Ал эми үчүнчү топтогу ата-энелер баланын кесип тандоодогу чечимин колдошот. Мындай ата-энелер баласынын жөндөмүн, шыгын, кызыгуусун жана каалоолорун эске алуу менен аны кунт коюп угуп, андан соң өз пикирин билдиришет. Өз тажрыйбасына таянып, айрым кесиптерге мүнөздөмө берүү менен баласына керектүү профессиографиялык адабияттарды табууга көмөк көрсөтүшөт. Кесип тандоодогу ата-эне менен баланын ортосундагы мындай мамиле сый-урматка, ишенимге жана өз ара кызматташууга негизделет.

**§2. Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен иштөөнүн мааниси** Окуучулардын болочок кесибин тандоосунда ата-энелер менен иштөө өтө маанилүү экендигин буга чейинки тажрыйбалар көрсөттү. Ата-энелер балдарынын турмуштук жана кесиптик пландарын аныктоодо жигердүү катышуучу гана болбостон, тигил же бул кесипке болгон шыгы менен кызыкчылыктарын аныктоого да жардам бере алышат. Айталы, окуучулардын көпчүлүгү кичине кезинде ата-энесинин кесибин тандашат, кээде, тескерисинче, ата-энесинин өз кесибине канааттанбоосу балада ал кесипке болгон терс мамилени калыптандырат.

Ошондуктан, кесип тандоо жана окууну улантуу жолун аныктап алуу окуучулар жана алардын ата-энелери үчүн татаал маселелердин бири. Ата-энелердин кесип тандоодогу кеп-кеңештери чарбачылыктын түрдүү тармактарында кадрларга болгон реалдуу талаптарга туура келе бербейт. Ата-энелер балдарынын жөндөмү менен шыгын, кызыкчылыктарын дайыма эле биле беришпейт жана аларды объективдүү баалай алышпайт. Ата-энелердин каалоолору менен окуучулардын кесипти тандоо ниети көпчүлүк учурда бири-бирине дал келбейт. Демек, окуучуларга кесипке багыт берүү ишинде ата-энелер менен иштөөнүн негизги максаты – үй-бүлөдө балдардын жеке өсүп-өнүгүүсүнө жана өз алдынча кесипти тандап алуусуна ата-эне менен биргеликте багыт берүү жана көмөк көрсөтүү болуп саналат.

**§3. Ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштерине тартуунун натыйжалуу жолдору.** Азыркы заманбап окуу программаларында мектеп турмушуна ата-энелерди тартуу, жигердүү катыштыруу маанилүү деп каралган. Бул ата-энелер менен мектептин ортосунда өнөктөштүк мамилени түзө билүү менен ишке ашат. Буга чейинки изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелерди окутуу процессине, т.а., балдары менен бирге китеп окууга тартуу окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн (сөз байлыгы, окуу ылдамдыгы жана окуганын түшүнүүсү ж.б.) калыптандырууга оң таасирин тийгизген. Демек, мугалимдер ата-энелерди окутуу процессине гана эмес, кесипке багыт берүү иштерине тартуу менен да эң таасирдүү куралдардын бирине ээ болушат.

Ата-энелерди мектептин турмушуна жана окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерине катыштыруунун натыйжалуу жолдору катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

- ✓ Ата-энелер менен жагымдуу байланыш түзүү. Мектептер натыйжалуу кызматташуу үчүн ата-энелерди өз ишмердүүлүгүнө тартуу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгат. Анда төмөнкүлөр эске алынат:
- ✓ Мектепте ата-энелер менен өнөктөштүк мамилени күчөтүүчү жагымдуу чөйрөнү түзүү;
- ✓ Мектеп өкүлдөрү менен ата-энелердин кесиптик багыт берүү иштеринде биргеликте иш алып баруунун артыкчылыктарын түшүнө билүүсү;
- ✓ Ата-энелердин кызыгуусуна, муктаждыктарына баа берүү үчүн окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерине байланышкан сурамжылоолорду колдонуу. Мындай иликтөөлөрдүн жыйынтыгы ата-энелерди тартуу үчүн биринчи кезекте аткарыла турган иш-аракеттерди аныктап алууга жардам берет.

Кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелердин катышуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана иш-чаралардын көп түрдүүлүгүн камсыз кылуу. Бул учурда Джон Хопкинс

университетинин профессору Дж. Эпштейндин ата-энелерди мектеп турмушуна катышууга тартуунун алты түрүнө (баланы тарбиялоо, баарлашуу, ыктыярчылык, үйдө окутуу, коомчулук менен кызматташуу, чечим кабыл алуу) негизделген концепциясына таянуу менен “Мектеп↔Ата-эне” өнөктөштүк программасын иштеп чыгуу оң натыйжаларын берет.

Ата-энелердин катышуусуна колдоо көрсөтүү. Ата-энелердин кесиптик багыт берүү иштерине активдүү катышуусу үчүн алардын мектептин ишмердүүлүгүнө катышуусуна колдоо көрсөтүү зарыл. Ошол себептен, мектеп жетекчилиги менен мугалимдер ата-энелердин мектептин ишмердүүлүгүнө катышуусуна тоскоолдук кылган көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү үчүн иш-чараларды пландаштыруусу керек.

| **Баш тартуунун себептери** | **Себептин баяндалышы** | **Чечүүнүн жолдору** |
|---|---|---|
| Убакыттын тардыгы | Көпчүлүк ата-энелер иштеген иштерине, үй тиричилигине байланыштуу мектепке келе алышпайт. Ата-энелер чогулушуна келишет, бирок мектеп менен өнөктөш болуп, анын ишмердүүлүгүнө натыйжалуу катыша алышпайт. | Ата-энелер арасында сурамжылоо жүргүзүп, чогулуштарды, жолугушууларды аларга ыңгайлуу убакка пландаштырыңыз. Кабарлашып туруунун альтернативдүү жолун сунуштаңыз: электрондук почта, мектептин веб-сайты, WhatsApp. |
| Мектеп турмушуна кандайча катышуу керектигин түшүнүшпөйт | Мектеп турмушуна катышууга кызыкдар ата-энелер бар, бирок алар кандайча катышуу керектигин түшүнүшпөйт. | Ата-энелердин катышуусу менен өткөрүлө турган (анын ичинде кесипке багыт берүү иштери боюнча) иш-чараларды окуу жылынын башында пландаңыз. Жооптуу ата-энелерди, өткөрүү мөөнөтүн белгилеп, иш-чаранын жүрүшүн баяндап, ата-энелерди кабардар кылыңыз. Мындай жолугушууларда “окуучуларга кесипке багыт берүү ишинде мектеп алардан эмнелерди күтөт жана эмне үчүн? Деген суроолорго жоопту так түшүндүрүңүз. |

| | | |
|---|---|---|
| Ата-энелердин баласынын окуусуна, келечегине кызыкпагандыгы; даярдык деңгээлинин жетишсиздиги | Айрым ата-энелер окутуу процессине, о.э. өз баласынын болочок кесипти тандоосуна катышууну маанилүү деп эсептешпейт. Же таптакыр эле мугалимдердин иши деп ойлошот. | Ата-энелерди баласына окуу материалын жакшы деңгээлде өздөштүрүүгө, о.э. болочок кесибин тандоосуна жардам бере аларына ишендириңиз. Аларды балдарына колдоо көрсөтүүгө үйрөтүү максатында жеке консультацияларды, семинар-тренингдерди өткөрүңүз. |

**§4. Окуучулар менен ата-энелерди кесиптик багыттоо боюнча иштин багыттары.**

Окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерине ата-энелердин тартуу менен анын натыйжалуулугун арттырууга болот. Окуучулар менен ата-энелерди кесиптик багыт берүү иштеринин төмөнкү багыттары бар:

Ата-энелерге маалымат берүү. Окуучуларды кесиптик багыттоо маселелери боюнча ата-энелерге психологиялык-педагогикалык өңүттөгү маалыматтарды жеткирүү, ал ата-энелер чогулушу, аңгемелешүү, конференцияларды уюштуруу аркылуу ишке ашат. Мындан сырткары, мектепте кесиптик багыт берүү боюнча маалымат бурчун уюштурууга, республикадагы орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин сайттары менен таанышууга, ата-энелер үчүн атайын буклеттерди чыгарууга болот.

Окуучулардын кесиптик агартуусуна багытталган мектептеги иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү иштерине ата-энелерди тартуу (диспут, профессиографиялык аңгемелешүүлөргө катыштыруу).

Окуучуларды кесипке багыттоо боюнча ата-энелерге жеке консультацияларды берүү. Азыркы учурда кесиптин көп түрдүүлүгүнөн ата-энелер кененирээк маалымат же кеңеш алыш үчүн көпчүлүк учурда класс жетекчилерге кайрылышат. Себеби мугалим аларга эмгек рыногу, окуу жайлар тууралуу так маалыматтарды берип, кесип тандоодогу аракеттер планы, психолог-педагогго кайрылуу зарылдыгы тууралуу сунуштарды бере алат. Бирок мугалим кайсы бир кесипти тандап алуусуна кеңеш бербестен, окуучу өзү каалаган кесибин тандап алуусу шарт.

**§5. Окуучулар менен ата-энелерди кесипке багыттоо боюнча иштин формалары.** Окуучулар менен ата-энелерди кесиптик багыттоо боюнча иштин төмөнкү формалары сунушталат: а) жеке консультациялар; б) лекторийлер; в) кесиптик багыт берүүнүн проблемалары боюнча диспут, дискуссиялар; г) тематикалык ата-энелер чогулушу; д) белгилүү бир кесип ээси болгон ата-энелерди тартуу менен өткөрүлүүчү класстык сааттар; д) кесиптик багыт берүү боюнча балдар менен ата-энелердин биргелешкен оюндары; е) окуучулардын ата-энелерине анкета жүргүзүү; е) окуучулардын кесиптик билим берүү мекемелерине жана ишканаларга экскурсияга баруусуна ата-энелерди тартуу.

Жеке консультациялар – педагог менен ата-эненин ортосундагы карым-катыштын эң маанилүү формаларынын бири. Мугалим консультацияга даярданып жатканда, жообу окуучу менен андан ары жекече иштөөгө көмөк көрсөтө турган суроолордун тизмесин аныктап алуусу зарыл. Жеке консультация таанышуу мүнөзүнө ээ болуп, ата-эне менен педагогдун ортосунда ишенимдүү мамиленин калыптанышына өбөлгө болушу керек. Педагог окуучу менен натыйжалуу иштөө үчүн, анын ата-энесинин оюн бейрасмий шартта айтууга мүмкүнчүлүк бериши керек.

Лекторийлер. Ата-энелердин психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгүнүн жана педагогикалык маданиятынын жогорулашына, үй-бүлө менен мектептин

окуучуларды кесипке багыттоодо үзөңгүлөш иш алып баруусуна шарт түзөт. Ата-энелердин лекторийлерин класс жетекчилер гана эмес, чакырылган коноктор да алып бара алат. Лекторийлерди төмөнкүдөй тематикада уюштурууга болот: «Кесип тандоодо баалуулуктар менен мотивдердин ролу» (9-класс), «Окуучунун кесиптик тандоосунун анын психо-физиологиялык өзгөчөлүгүнө дал келиши», «Өспүрүмдөрдүн кесипке ээ болуу жолдору» (9-11-класстар).

Кесиптик багыт берүүнүн проблемалары боюнча диспут, дискуссиялар – ата-энелердин педагогикалык маданиятын көтөрүүгө багытталган формалардын бири. Мындай диспут, дискуссиялар негизги проблемаларды талкуулоого катышууга мүмкүнчүлүк берип, факты менен кубулуштарды ар тараптуу анализдөө көндүмүн калыптандырат.

Диспуттун негизги өзгөчөлүгү катышуучулардын баарын проблеманы талкуулоого тартып, буга чейинки тажрыйбага таянуу менен коюлган маселени ар тараптуу талкуулоо көндүмүн калыптандырууга түрткү берет. Диспуттун ийгилиги ага болгон даярдануудан көз каранды. Болжол менен бир ай мурда катышуучулар диспуттун темасы, негизги суроолору, адабияттар менен тааныш болуш керек. Диспуттун эң маанилүү бөлүгү – талаш-тартыш жүргүзүү. Талаш-тартышты туура жүргүзүү алып баруучудан көз каранды болот (алып баруучу ата-энелердин бири же мугалим болушу мүмкүн). Биринчи регламентти тактап, чыгып сүйлөгөндөрдүн баарын уккандан кийин диспуттун жыйынтыгын чыгаруу керек. Диспуттун негизги принциби – ар бир катышуучунун позициясын сыйлай билүү.

**Тематикалык ата-энелер чогулушу.** Тематикалык ата-энелер чогулушу – актуалдуу темага арналган чогулуш. Анда талкуулана турган маселелерге класстагы окуучулардын ата-энелеринин көпчүлүгү кызыктар болуп турат. Мындай формадагы чогулуш окуучулардын окуудагы кемчиликтерин баса көрсөтүүгө эмес, ата-энелердин өзүн агартууга арналышы керек, анда окуучулардын жекелигин талкуулоого жана каралоого жол берилбейт.

**Чогулуштун темасы балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алыш керек.** Чогулуш теориялык да, практикалык да мүнөзгө ээ: кырдаалдарды талкуулоо, тренингдер, дискуссиялар ж.б.

Кесипке багыт берүүчү тематикалык ата-энелер чогулушун төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот:

9-класстар. Ата-энелер чогулушун мындай темаларда өткөрүүгө болот: «Адам баласынын турмушунда тандоонун маанилүүлүгү», «Баланын кесипке туура багыт алуусунда үй-бүлөнүн жардамы».

9-10-класстар. Окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна багытталган тематикалык ата-энелер чогулушу. Чогулуштардын темалары төмөнкүдөй болушу мүмкүн: «Өспүрүмдүн кесиптик өзүн-өзү аныктоосунда үй-бүлөнүн ролу», «Менин мүмкүнчүлүгүм көп, бирок...», «Биздин балдар тандаган кесиптер», «Келечек кесипти тандоого өзүбүздү жана өспүрүмдөрдү кантип даярдашыбыз керек?», «Өспүрүмгө өзүнө-өзү ишенүүсүн пайда кылуусуна кантип жардам берүү керек?», «Кесипти тандоодо өспүрүмдөрдүн шыгы жана кызыкчылыктары», «Кесиптик багыт берүүдө ата-энелер менен балдардын ортосундагы болуучу кагылыштарды жок кылуу жолдору», «Үй-бүлөнүн эмгек салттарынын жогорку класстын окуучуларынын кесип тандоосунда таасири» ж.б.

Белгилүү бир кесип ээси болгон ата-энелерди тартуу менен өткөрүлүүчү класстык сааттар. Белгилүү бир кесип ээси болгон ата-энелерди тартуу менен өткөрүлгөн класстык сааттар – класс жетекчинин окуучулардын кесиптик билимин тарбиялоого багытталган тарбия ишинин формасы. Окуучулар ата-энелери менен бирдикте алардын кесиптик билимдеринин системасын калыптандырууга түрткү берүүчү уюшулган ишмердикке катышат.

Мындай класстык сааттарды өткөрүүнүн тематикасы менен формасы ар түрдүү болот. Мисалы, «Биз...болгубуз келет», «Кесиптер карнавалы» дискуссиясы, «Келечек кесипти издөө жолунда» (9-класс) диспуту, «Сен жана сенин келечектеги кесибин» маеги, «Кесиптер базары» маеги (10-11-класстар) ж.б.

Кесиптик багыт берүү боюнча балдар менен ата-энелердин биргелешкен оюндары. Кесипке багыт берүү боюнча балдар менен ата-энелердин биргелешкен оюндары - класс жетекчинин ата-энелерди тартуу менен өткөргөн ишинин бир формасы. Мындай оюндар бардык курактагы окуучулар үчүн кызыктуу болуп саналат. Мындай оюндардын тематикасы да, формасы ар түрдүү. Бул «Заманбап кесиптер» (9-класс) интеллектуалдык оюну, «Ким болуш керек?», «Чечилбеген көйгөйлөрдүн лабораториясы» ишкер оюндары, «Кесиптер дүйнөсүндө» КВНи, «Эмне? Кайда? Качан?» (10-11-класстар) оюну болушу мүмкүн. Оюн атмосферасы окуучуларга жана алардын ата-энелерине позитивдик эмоцияларды алууга, түрдүү кесиптер тууралуу билүүгө мүмкүндүк берет.

Окуучулардын ата-энелерине анкета жүргүзүү. Мындай иш ата-энелердин балдарынын кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна мамилесин, окуучулардын кесипти тандоо процессине ата-энелеринин таасирин аныктоо мүмкүндүгүн берет. Анкета жүргүзүүнүн негизинде ата-энелер менен окуучулардын жүрүм-турумун келечек кесибин тандоо планында оңдоого болот. Мисалы, ата-энелерге «Баламды келечекте кандай көрөм?», «Баламды эмгекке жана кесип тандоого менин ролум» сыяктуу социалдык сурамжылоо жүргүзүүгө болот.

Окуучулардын кесиптик билим берүү мекемелерине жана ишканаларга экскурсияга алып барууга катышууга ата-энелерди тартуу. Балдар менен ата-энелерди мындай экскурсияга алып баруу белгилүү бир кесип менен иш жүзүндө таанышууга жана ал кесип боюнча өзүнө кызыктууларды билип алууга мүмкүндүк берет. Кесиптик билим берүү мекемелерине биргелешкен экскурсияларга окуучулар менен алардын ата-энелеринин кесиптик багыт алуусуна оң таасирин тийгизет. Экскурсияны өз аймагында же шаарында гана эмес, облус же республика боюнча да жүргүзүүгө болот.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:**

1. Кесиптик багыт берүү ишинде ата-эненин ролу канчалык маанилүү деп ойлойсуз?
2. Ата-энелерди мектеп турмушуна тартуу окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерине канчалык деңгээлде таасирин тийгизет?
3. Ата-энелерди кесипке багыт берүү иштерине катыштыруу боюнча класс жетекчи тарабынан иш-чаралар пландаштырылабы жана алар канчалык деңгээлде ишке ашат?
4. Окуучулар менен ата-энелерди кесиптик багыттоо боюнча иштин кайсы формасы натыйжалуу деп ойлойсуз?
5. Ата-энелерди кесиптик агартуу маанилүү деп ойлойсузбу?